Т. К. ЧОРОТЕГИН,
К. С. МОЛДОКАСЫМОВ

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Байыркы замандан тартып
бүгүнкү күнгө чейин

Тарыхты окуп үйрөнүүчүлөр үчүн

ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ.№ 804164
Р 947.69

БИШКЕК
«МЕКТЕП» 2000

ББК 63.3 (2Ки)
Ч—75

Чоротегин Т. К., Молдокасымов К. С.

Ч—75 **Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы (Байыркы замандан тартып бүгүнкү күнгө чейин):** Тарыхты окуп үйрөнүүчүлөр үчүн. — Б.: «Мектеп», 2000.— 160 б.

ISBN 9967-00-001-5

Бул китеп — 1995-жылы Анкара шаарында түрк өлкөлөрүнүн тарыхчылары тарабынан даярдалган «Жалпы түрк элдеринин тарыхы» окуу басылмасынын кыргыз тарыхына тиешелүү бөлүмү. Мында кыргыздардын байыркы замандан тартып бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый өнүгүү жолу кыскача баяндалат. Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Ч 0503020911—80 / М 451 (17) 2000

ISBN 9967-00-001-5

ББК 63.3 (2Ки)

© Т. К. Чоротегин, К. С. Молдокасымов
© «Мектеп» басмасы, 2000-ж.

МАЗМУНУ

Алгы сөз 6

I бөлүм. КЫРГЫЗДАР ЭҢ БАЙЫРКЫ ДООРДОН б.з. X к. ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛДЕ 9

§ 1. КЫРГЫЗДАРДЫН ТҮПКҮ ТЕГИ. АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИ ... 11

Кыргыз этнонимин жана кыргыз теги 11
Кыргыздардын байыркы Ата Журту 12
Байыркы кыргыздардын Хунну дөөлөтүнө баш ийиши 13
Кыргыздар б.з.ч. I к. биринчи жарымында 14
Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети 15
Кыргыздар б.з. I—V кк. 16

§ 2. ЭНЕ-САЙ КЫРГЫЗ КАГАНАТЫ 18

Кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоодон Эне-Сайга келиши 18
Кыргыздар Түрк каганаттары доорунда 20
Барс бег жана Экинчи Чыгыш Түрк каганаты 21
VIII к. тышкы алакалар 22
Уйгур каганаты (744 — 840-жж.) жана кыргыздар 23
Борбордук Азиядагы Кыргыз дөөлөтү 24

II бөлүм. КЫРГЫЗДАР X — XIV кк. 29

§ 3. КЫРГЫЗДАР КАРАХАНИЙЛЕР ДООРУНДА 31

Караханийлер сулалесинин келип чыгышы 31
Исламдын мамлекеттик дин катары жарыяланышы 31
Кыргызстандагы шаарлар 32
Жусуп Баласагуни жана Махмуд Кашгари 34
Кыргызстан кара кытайлар (кидандар) доорунда 36

§ 4. ТЕҢИР-ТОО ЖАНА ЭНЕ-САЙ КЫРГЫЗДАРЫ X — XII кк. 38

Борбордук Азияга жана Сибирге кеңири таркаган кыргыз урууларына таандык археологиялык эстеликтер. 38
Чыгыш Теңир-Тоого келген кыргыздар тууралуу жазма булактар 39
Чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыздардын сөөк коюу салтынын өзгөрүүсү 40
Эне-Сайдагы, Түндүк-Батыш Моголстандагы жана Алтайдагы кыргыздар 41
Эне-Сай руна сымал жазмалары жана эстеликтери. Кыргыздардын жазма маданияты 41

§ 5. КЫРГЫЗСТАН ЖАНА КЫРГЫЗДАР МОНГОЛ ЧАПКЫНЫ ДООРУНДА (XIIIк.) 45

Эне-Сай кыргыздарынын Чыңгыз ханга баш ийиши ... 45
Найман ханзаадасы Күчлүктүн Теңир-Тоого карай баскынчылыгы (1208-ж.). Анын диний саясаты ... 47
Чыңгыз хан жана анын урпактары бийлеген доордогу Кыргызстан ... 48
Түрк-монгол басып алуулары доорунда кыргыздардын кеңири таркалышы 49

III бөлүм. КЫРГЫЗСТАН ЖАНА КЫРГЫЗДАР XIV — XVIII кк. ... 53

§ 6. КЫРГЫЗСТАН ХАЙДУ, МОГОЛСТАН МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ДООРУНДА (XIII к. аягы — XV к.) ... 55

Хайду мамлекетинин доорундагы Теңир-Тоо ... 55
Теңир-Тоодогу Моголстан мамлекети ... 56
Теңир-Тоо калкынын эмир Темирге каршы күрөшү ... 57
Кыргыздардын уруу бирикмелери ... 58
Кыргыздардын көз карандысыз саясий бирикмеси. Ахмет хан жана Султан Халил Султан ... 59

§ 7. XVI к. — XVIII к. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ ТЕҢИР-ТОО ЖАНА СИБИРЬ КЫРГЫЗДАРЫ ... 61

Теңир-Тоодогу кыргыз-казак согуштук союзу (1524—1550-жж.) ... 61
Сибирь кыргыздарынын чакан улустары ... 62
Кыргыздардын Чыгыш Түркстан бийлик эгелери менен мамилеси (XVI к. акыры — XVII к. башы) ... 63
Кыргыздар жана Жунгар хандыгы. Сибирь кыргыздарынын бытырандылыгы ... 65
Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар жана Кокон эзлиги ... 66
«Манас» дастанынын алгачкы эскерилиши. Кыргыз дастанчылыгы ... 67

§ 8. XVIII к. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАН ... 70

Кыргыздардын Жунгар (Калмак) хандыгына каршы күрөштөрү. Жунгар хандыгынын ойрон болушу ... 70
Кыргыздардын жаңы бытырандылык доору ... 71
Кыргыздардын эл аралык мамилелери ... 72
Хоорай бирикмеси. Фу-йү кыргыздары ... 75
Оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү ... 76

IV бөлүм. КЫРГЫЗСТАН XIX к. БАШЫНАН ТАРТЫП 1995-ж. ЧЕЙИН ... 79

§ 9. КЫРГЫЗДАР КОКОН ХАНДЫГЫНЫН МЕЗГИЛИНДЕ. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДА ОРУСИЯНЫН ҮСТӨМДҮГҮНҮН ОРНОШУ (1800 —1868-жж.) ... 81

Кокон хандыгынын саясий жактан күчөшү жана аймагынын кеңейиши ... 81
Чыгыш Түркстандагы боштондук кыймылдарга кыргыздардын катышы. 82
Кокон хандыгынын коомдук-саясий турмушунда кыргыздардын эзелеген орду ... 83
Өз алдынча Кыргыз хандыгынын түзүлүшү ... 85
Орусия империясынын түндүктөгү кыргыз уруулары каратып алуусу ... 86

§ 10. КЫРГЫЗСТАН ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН БАСКЫНЧЫЛЫГЫ ЖАНА КОЛОНИЯЛЫК БАШКАРУУ МЕЗГИЛИНДЕ (1868 —1917-жж.) ... 91

Кокон хандыгындагы саясий күрөштөр. Исхак Молдо (Полот хан) ... 91
Орусия империясынын Кокон хандыгын биротоло басып алуусу ... 94
Кыргызстандагы Орусия империясынын үстөмдүгү ... 95

Орусия империясынын үстөмдүгүнө каршы улуттук-боштондук күрөштөр 98
Маданияты 103

§ 11. КЫРГЫЗСТАН СОВЕТ ДООРУНДА (1918 — 1991-жж.) 107

Кыргызстанда Совет бийлигинин орнотулушу. Улуттук-боштондук кыймылы 107
Кыргыз Совет мамлекетинин түптөлүш баскычтары 109
Тоталитардык системанын күчөшү. Репрессиялар 110
Кыргызстан 40— 90-жж. 111
Кыргыз элинин Совет доорундагы маданияты 113

§ 12. КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ 117

Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгү үчүн күрөш. Эгемендүүлүк жана мамлекеттик көз карандысыздык декларациялары 117
Жаңы мамлекеттин калыптануусу. Жаңы Конституция. 125
Эгемендүү Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы 129
Маданият. Басма сөз. Илим. 132
Кыргызстандын тышкы саясаты 135
Чет өлкөлөрдөгү кыргыз топтору 137

КЫРГЫЗДАР — ХРОНИКА ЖАНА БИБЛИОГРАФИЯ 142

Хронологиялык жадыбал 145
Колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмеси 151
Латын арибиндеги адабият 156

АЛГЫ СӨЗ

Кылым башында колуна калем алып, өз элинин тарыхын жазууга киришкенде кыргыздын даңазалуу тарыхчысы жана агартуучусу Осмонаалы Сыдык уулу «Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарых билүү керек» деген кыска, нуска сөз менен баштаган экен. Бул сөз Совет бийлигинин мезгилинде — коммунисттердин доорану жүрүп турган тоталитардык доордо бир кыйла бурмаланып, өзгөнүн тарыхын да, өз тарыхын да цензуралык чен-өлчөмгө чидерленген алкакта гана үйрөнүп келишти. Чыңгыз Айтматовдун айтылуу «манкуртунун» ушул заманда пайда болушунда рухий дүйнөгө кедерги кылуучу ширилердин* бири — тарыхка дал ушундай мамиле кылгандык эле.

Кыргызстан жана башка мурдагы совет жумурияттары** азыркы тапта рухий кайра жаралуунун жаңы баскычын баштан өткөрүүдө. Бул жараян тарых илимине астейдил мамиле кылуу, өз элинин тарыхын кайрадан объективдүү негизде жазып чыгуу, айтылбай келген же таптакыр эле белгисиз болгон тарых баракгарын айгинелөө менен тыгыз байланышта.

Азыркы тапта кыргыз тарыхына, кыргыз элинин тарыхый Ата Журтунун тарыхына багышталган жаңы окуу китептери жазылып, жарык көрүп келүүдө. Аларда айрым учурда эски түшүнүктөр жылт эткен учурлар да жок эмес (маселен, дагы эле кыргыздардын жана башка түрк калктарынын тарыхы үчүн хунну доорунун маанисин эске албаган, байыркы кыргыз тарыхын аттап кеткен, жазма маданиятыбыздын байыркы баракгарын жериген, Эне-Сай кыргыз каганатына чейинки мамлекеттүүлүгүбүздүн башаттарын элес албаган, Кокон хандыгынын тарыхындагы кыргыз төбөлдөрүнүн ролун дурус аныктабаган, дагы эле «Түндүк Кыргызстан Орусияга ыктыяры менен баш кошту» деген жобону аркалаган, 1916-жылдагы улуттук-

---


* *Шири* — жазалануучунун башына кийгизиле турган нымдуу тери топу (жазалоонун түрү: *тери кургаган сайын башты кысып, жан чыгара ооруткан*).

** *Жумурият* — республика.

боштондук кыймылынын ролун жана андан кийинки демократиячыл жана улуттук боштондукчул идеяларды аркалаган тарыхый инсандарыбыздын ишмердүүлүгүн эске албаган китептер жана макалалар дале чыгуусун улантууда). Мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнүн эртеңи дале жаш муундарга жаңы нуктагы тарых китептерин сунуш кылып, алардын эл-жерине карата патриоттук сезимдерин чыңдоо үчүн эң оболу аларга өз тарыхынын жаркын баракчарын, улут тарыхынын оош-кыйыш жактарын калыс сунуш кылуу керектигин көңүлдө тутуп, Кыргызстан Тарыхчылар Коомунун мүчөлөрү жаңы окуу программаларын түзүүдө мурдагы калпыстыктарды четке кагып, тарыхты өз ажарынан кемитпей чагылдырууга умтулууда.

Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги тарабынан бул коомдун өкүлдөрү болгон ушул китептин авторлору 1995-жылы Анкара шаарына жиберилип, түрк жумурияттарынан топтолгон эл аралык автордук курам менен иштешип, «Түрк элдеринин жалпы тарыхынын» кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхына тиешелүү бөлүмдөрүн жазып келишкен. Алардын байыркы доордон XVII кылымга чейинки тарыхына тиешелүү бөлүмүн негизинен Т. К. Чоротегин, андан кийинки тарыхты негизинен К. С. Молдокасымов даярдады, бирок жалпы концепциялык нукту авторлор орток тутушуп, бири-бирине чыгармачыл шерик болушту.

Колуңуздардагы китеп ошол орток окуу китебиндеги кыргыз авторлору даярдаган бөлүмдөрдөн алынган. Азыркы тапта кыргыз окурмандарынын улам жаңы атаандаш окуу китептерине муктаж болуп жаткандыгын эске алуу менен Кыргызстан Тарыхчылар Коому (мурдагы Кыргызстан Жаш тарыхчылар жамааты/Кыргызстан тарыхчылар жамааты) менен «Кыргызстан» Басма Үйү чыгарып жаткан бул китепке карата ар кыл ой-пикирлериңиздерди жана сунуштарыңыздарды Басма Үйүнүн дарегине жиберип коюуңуздарды өтүнөбүз.


60
80
Обь
Обь
Барабин
талаасы
Булгар
Тобол
Ишим
Иртыш
Итил
(Волга)
Жайык
(Яик)
Балхаш көл
Чүй
Сыр-Дарыя
(Сейхун)
Арал
Баласагун
Талас
Шаш
Амү-Дарыя
(Жейхун)
Бухара
Самарканд
Гиндикуш
Кабул
Газна
Герат
Хазар деңизи
(Каспий)
300 0 300 600 км



I бөлүм

Кыргыздар эң байыркы доордон б. з. X к. мейинки мезгилде

Акылмандар жазбаса урпакка деп,
Өткөн тарых дайынын кимдер билмек?

Жусуп Баласагуни

§ 1. Кыргыздардын түпкү теги. Алгачкы Кыргыз мамлекети

КЫРГЫЗ ЭТНОНИМИ ЖАНА КЫРГЫЗ ТЕГИ

Түрк калктарынын бири болгон кыргыздардын байыртадан берки сакталып келген энчилүү аты — ***кыргыз*** этнонимии. Бул термин түрк тилдеринин негизинде гана чечмеленет. Анын чечмеленишинде *элдик вариант* (элдик этимология) менен *илимий вариант* бири-биринен кескин айырмаланат.

Элдик чечмелөө аракеттери кыргыз этнонимин «кырк» деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан таралган урпактар), же «кырк» саны жана «огуз» этнонимине (кырк огуз бирикмеси), айрым учурда «кыр» сөзү жана огуз этнонимине (кырдагы, б.а. тоолуу аймактардагы огуздар) болуп түшүндүрүү менен мүнөздөлөт. Көпчүлүк санжыраларда, (Абу-л-Газы Бахадур хан, XVII к.: Осмонаалы Сыдык уулу, 1875—1940 ж.б.) кыргыз сөзү тек гана Огуз хандын небересинин ысымы катары баяндалат. Элдик чечмелөө үлгүлөрү кытайлык «Юань ши» («Юань сулалеси тарыхы») эмгегинде (XIV к.) кытайлык кырк кыз менен түндүктөгү Ус өрөөнүнүн калкынын (ус — угус — огуз?) урпагы — кыргыздар деп жазылышынан көрүнөт. Ал эми ферганалык Сайф ад-Дин Ахсыкендинин (XVI к.) маалыматтарында болсо XII к. Султан Санжар Чыгыш Ферганага кол салганда өзгөндүк кырк огуз Кожентке (Түндүк Тажикстанга) качып барып баш калкалашып, алардан кыргыздар келип чыккан деген уламыш камтылган.


Кыргыз этнонимии илимий негизде да чечмеленүүдө. Бул усул оозеки уламыштарга эч муктаж эместиги менен айырмаланат. Анын өзгөчөлүгү кыргыз этнонимин ар кыл бөлүктөргө (компоненттерге) *лингвистикалык* жана *ономастикалык* усулдарга таянуу менен ажыратып түшүндүрүүдө болуп саналат. Анын айрым варианттары: **1.** *«Кырк»* жана *«йүс»* (*«кырк жуз»*, В. В. Радлофф-тун пикири); **2.** *«Кырк»* жана *«эр»* (*«кырк киши»*, Ахмед Зеки Велиди Тоган); **3.** *«Кыра»* жана *«гыз»* (*«кара чачтуу эл»*, Давлен Айтмуратов); **4.** *«Кыргу»* — *«кырыг»* жана ага көпчүлүк санды туюнтуучу — *«ыз»* мүчөсүнүн жалгаштырылышы (*«кызылдар»*, Константин Петров); **5.** *«Кырыг»* жана *«огуз»* (*«кызыл огуз»*, б.а., түштүк огуздар же батыш огуздар, Николай Баскаков); **6.** *«Кыргын»* — *«кыргыт»* — *«кыргыз»* (*«албырган жуздүүлөр»*, б.а. сары чачтуу, албырган жүздүү көк көз эл, Андрей Кононов) ж.б.

Кыргыз этнонимин чечмелөөдө боордош түрк элдеринин башка ысымдары да «гыз», «гуз», «гун», «гур», «гар», «газ», «ар», «аш», «ас» (огуз, гагогуз, кун, уйгур, оногур, булгар, сувар, хазар, кызык, хоорай, чуваш, төөлөс) ж.б. сыяктуу бири-бирине үндөш компоненттерден куралганын эске алуу керек. Демек, *кыргыз этноними нукура түркчө сөздөрдөн пайда болгон энчилүү аталыш болуп саналат.*

Аты гана эмес, өз теги боюнча да кыргыздар түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү. Б.з.ч. II мин жылдыктан тартып прототүрк дүйнөсү расалык белгиси боюнча европеоид жана монголоид калктардан куралган. Байыркы доордо кыргыздар түрк калктарынын ичинен европеоид расалык белгилери көбүрөөк байкалган уруулардын биринен болгон.

КЫРГЫЗДАРДЫН БАЙЫРКЫ АТА ЖУРТУ

Байыркы доордо — б. з. ч. I мин жылдыктын III к. тартып жазма тарыхый булакта эске алынган кыргыздардын Ата журту тууралуу ар кыл пикирлер айтылып келген. Айрымдары бул алгачкы кыргыз журту Эне-Сайда болгон дешсе, башкалары азыркы Түндүк-Батыш Монголиядагы Хыргыс-Нур («Кыргыз-Көл») аттуу көлдүн аймагында болгон деп жоромолдошкон.



Дыйкандар жер айдоодо. Б. з. ч. II мин жылдык. *Тогуз-Торо өрөө-нүндөгү Саймалуу-Таш аска сүрөттөрүнөн.*

Кытайлык байыркы тарыхчы Бань Гу (б.з. I к.) өзүнүн «Хань шу» («Хань сулалесинин тарыхы» эмгегинде: «Кыргыздардан чыгышта 7 миң ли узактыкта хуннулардын шаңүйлөрүнүн ордосу жайгашкан» деп жазат. Археолог проф. Ю. С. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары бул маалыматка негизденип, кыргыздардын б.з.ч. I к. журту Чыгыш Теңир-Тоо аймагында болгондугун далилдешүүдө. Бул журт азыркы Чыгыш Түркстандагы Манас, Кара-Шаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Боро-Хоро тоо кыркасынын түндүгүндө орун алган.


Эзелтеден кыргыздарга коңшу болгон байыркы түрк элдеринин ичинен хуннуларды, усундарды, динлиндерди, ошондой эле Чыгыш Түркстандагы инди-европалык тилдерде сүйлөгөн калктарды (йүэчжилер, б.а. тохарлар) эскерип өтүүгө болот.

Кыргыздардын байыркы Ата журту көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүүгө, кандайдыр бир даражада дыйканчылык менен кесиптенүүгө, кол өнөрчүлүктүн ар кыл түрүн өнүктүрүүгө (металл иштетүү, зергерчилик, жыгач усталык, тери ийлөө жана ултаруу, кийиз жасоо, өрмөчүлүк, оймочулук ж.б.), ал уулоону кесиптин, аскердик өнөрдүн жана оюн-зооктун түрү катары колдонууга мүмкүнчүлүк түзгөн берекелүү жайлардын бири болгон.

БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ХУННУ ДӨӨЛӨТҮНӨ* БАШ ИЙИШИ

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь (б.з.ч. 145 — 86-жж.) өзүнүн «Ши цзи» («Тарыхый жазылмалар») эмгегинде белгилегендей, б.з.ч. 201-ж. хуннулардын бийлик эгеси Моде-Шанүй (Маодун-шанүй) түндүккө жана түндүк-батышка согуштук жортуулга чыккан. Бул жортуулдар маалында ал көз карандысыз бир катар урууларды — ханьүй, цүйше (күйше), динлин, кыргыз, синьли урууларын өзүнө каратып алууга жетишкен.

Кыргыздар Модэ-шанүйгө баш ийерде өзүнчө мамлекет курган беле же жок беле — кесе айтууга мүмкүн эмес. Арийне, ошол доорго



Улуу Кытай дубалы. *Түндуктөгү кубаттуу көчмөн урууларынан (хуннулар ж.б.) коргонуу үчүн б.з.ч. III к. курула баштаган.*

---

* *Дөөлөт* — империя

чейин кыргыздарда мамлекеттик түзүлүш курула элек болчу деген жоромолду кабыл алсак да, б.з.ч. III к. аягынан тартып кыргыздардын бирдиктүү жана кудуреттүү Хунну дөөлөтүнүн курамында болушу байыркы кыргыздардын көчмөндөр цивилизациясынын алгачкы кубаттуу мамлекетинин таасири астында калышы дегенди туюнтарын айтууга негизибиз бар.

Хуннулар түзгөн көп улуттуу мамлекетте этностор аралык маданий жараян* жүрдү, байыркы түрк этносторунун тилдик жана каада-салттык жакындыгы күчөдү. Хуннулардын саясий башкаруусунун практикасы жана аскердик өнөрү байыркы кыргыздар тарабынан өздөштүрүлдү (орто кылымдарда да кыргыздар хуннулар сыяктуу оң канат, сол канат, чордондук топ — ички илик болуп жиктелүүсүн уланткан). Хуннулардын саясий орбитасында калган кыргыздардын кошуундары кытайлык империяга ж.б. мамлекеттерге каршы согуштарга хуннулар менен бирдикте катышты.

Дал ошондуктан кыргыз тарыхый-баатырдык дастандарынын башаттык доору хуннулар Борбордук Азияны бийлеген заманга барып такалары тууралуу жоромолдо чындыктын үлүшү чоң.

КЫРГЫЗДАР б.з.ч. I к. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА

Хунну дөөлөтүн Цзүйдихэу-шанүй бийлеп турган маалда б.з.ч. 99-ж. кытайлык аскерлер Чыгыш Теңир-Тоодогу хуннулардын ээликтерине кол салып, бирок жеңилип калат. Ошондо колго түшкөн кытайлык бир каарман колбашчы Ли Лин хуннуларга кызмат өтөөгө макул болот. Ал Кытайга кайтып барса, аны өлүм жазасы гана күтүп турганын билген эле.

Цзүйдихэу-шанүй Ли Линге өз кызын турмушка берген жана ага *батыш канаттагы чжуки-бек* деген титулду ыйгарып, кыргыздардын журтун хуннулардын атынан башкарууну тапшырган. Ли Лин менен анын хунну тегинен болгон аялынын урпактары укумдан-тукумга кыргыздардын арасында жашап, кара чач, кара көз болгон сырткы белгилери менен айырмаланышкан.

Б.з.ч. 90-ж. Ли Лин жетектеген кыргыз кошууну хуннулардын ири аскердик колуна кошулуп, Хангай тоолорундагы Яньжань деген бир тоонун жанынан кытайлык аскер колуна каршы салгылашууга катышкан. Хуннулар тарапта кыргыздар, динлиндер, турпандык аскерлер болгон. Бирдиктүү күчтүн соккусунан Хань сулалесинин** кубаттуу жортуулчул армиясы (аскер колу) биротоло талкаланган. Кытайлыктарга каршы бирдиктүү боштондук жортуул идеясы кыргыздын «Манас» дастанында да чагылдырылган. Теги кытайлык болгон Алмамбеттин кыргызга жана түрктөргө ак кызмат өтөшү сыяктуу «Манастагы» сюжеттер, мотивдер байыркы

* *Жараян* — процесс.
** *Сулале* — династия.



Казатка чыккан хуннулар. *Хань сулалеси доорундагы барельефтен.*

тарыхыбызда Ли Лин менен байланыштуу ажайып окшоштуктарга эгедер.

Б.з.ч. 60-жж. чейин кыргыздар Хунну дөөлөтүнүн туруктуу вассалы болгон. Хунну шанүйү кыргыздардын аймагын өз ордосунан дайындалган адам аркылуу башкарып турган. Б.з.ч. 71-ж. хуннуларга каршы усун, динлин, ухуань элдеринин көтөрүлүшү чыкканда кыргыздар козголоң тарабын туткан эмес.

Хунну мамлекетинин системасына туруктуу кирип калган кыргыздар хунну саясатын жүзөгө ашырууга катышкан. Мындай абал өзгөчө б.з.ч. 58—56-жж. байкалат. Кыргыз төбөлдөрү хуннулардын башкаруучу уругуна тиешеси жок Уцзи деген хунну офицерин бүткүл Хунну дөөлөтүнүн шанүйү катары б.з.ч. 56-ж. көтөрүп чыгып, арийне, анын колу Хуханье-шанүйдөн жеңилип калган.

КЫРГЫЗДАРДЫН АЛГАЧКЫ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТИ

Саясий бытырандылыкка кириптер болгон Хунну дөөлөтүнүн борбордук башкаруусу начарлаган кырдаалда, **б.з.ч. 56-ж.** *кыргыздар саясий көз карандысыздыкка, эгемендүүлүккө жетишишкен. Алардын чордондук аймагы Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк (тескей) жагында Боро-Хоро тоо кыркасы менен Дзосотин-Элисун чөлүнүн ортосунда жайгашкан.*


Дал ушул жылдан тартып жазма булактарда эң алгачкы ирет Кыргыз падышалыгы тууралуу эскерилет. Кытайлык байыркы тарыхчы Бань Гу бул чакан кыргыз мамлекетин *го — падышалык* термини менен белгилеген. Байыркы кыргыздардын бул чакан өлкөсү географиялык обочо абалына байланыштуу бир нече жыл бою хуннулардын көңүлүнөн чыгып, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн жаңы башаты болуп калды.


Б.з.ч. 49-ж. гана түндүк хуннулардын башчысы Чжичжи-шанүй азыркы Манас шаарынын атырабындагы Уцзи падышачылыгын талкалап, батышыраагындагы Кыргыз падышачылыгын, алардын түндүктөгү Динлин өлкөсүн каратып алды. Чжичжи-шанүй кыргыздардын өлкөсүндө саал байырлап, андан ары Каңгүй падышачылыгы менен ымала түзгөнүнө байланыштуу батышка жүрүшкө чыккан. Чжичжи-шанүйдүн жүрүштөрүнө байланыштуу айрым кыргыз аскер топторунун да б.з.ч. 48 — 42- жж. Талас өрөөнүнө чейин келгендиги айрым изилдөөчүлөр тарабынан белгиленүүдө.

КЫРГЫЗДАР б.з. I — V кк.

Кыргыздардын негизги байырлаган журту б.з. 1 миңинчи жылынын биринчи жарымында Теңир-Тоонун чыгыш атырабы бойдон кала берген. Түрк урууларынын теле (төөлөс) саясий бирикмесине коңшу катары эскерилген кыргыздар тууралуу кытай булактары «Яньцинин (Кара-Шаардын) түндүгүндө, Ак-Тоонун жанында» жайгашкан эл катары баяндайт. Ушул эле булактан динлиндердин бир катар бөлүктөрү кыргыздашканын, айрым хуннулар да кыргыздарга кошулганын биле алабыз.

V к. кыргыздар төөлөстөр сыяктуу эле Түндүк Кытайдан ооп келген жуан-жуандарга (жужан, б.а. авар) каршы согушуп, бирок бул мамлекетке баш ийүүгө аргасыз болушкан. Ашина (арслан) түрк урууcу менен кыргыздардын да жакын байланыштары болгону кытай даректеринде жазылып калган бөрү эне тууралуу уламыштын





Талас өрөөнүндөгү руна сымал жазмадагы төртүнчү эстелик.
Ч. Жумагуловдун материалдарынан.

мазмунунан да айгинеленет. Анда кыргыздар түрктөрдүн жалпы уламыштык бөрү энесинин урпактарынын бири катары айтылган. Көк бөрү, илбирс (вагда), бугу сыяктуу айбандар кыргыздар ыйык туткан тотемдер болгону; башка түрктөрдөй эле кыргыздар да Теңирге (Көк — анын символу), жер-сууга, Чолпон жылдызга, Айга сыйынганы, отту ыйык тутканы ошол байыркы доордон башталган.

Жалпысынан алганда, *байыркы доордон бери аты жазма тарыхый жылнаамаларда белгилүү кыргыздар өздөрүнүн узак жолду басып өткөн тарыхында башка түрк уруулары менен жуурулушуп, бир далай Борбордук жана Орто Азиянын түрк эмес элдеринин өкүлдөрүн ассимиляциялап келген. Алардын байыркы тарыхынын чыгыш теңир-тоолук баскычы б.з. V кылымынын акырына чейин созулган.*

Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кыргыз тилине тектеш кандай тилдерди билесиз? «Кыргыз» сөзүн чечмелөөгө аракеттениңиз.
2. Жазма тарых боюнча кыргыздардын байыркы Ата Журту каерден орун алган? Аны картадан көрсөтүңүз.
3. Кыргыздар тарыхта эң алгач б.з.ч. кайсы жылы эскерилген? Хунну-кыргыз мамилелери тууралуу айтып бериңиз.
4. Кыргыздардын көз карандысыз падышалыгы качан түзүлгөн?
5. Б.з. I — V кк. кыргыздар мекендеген аймакты картадан көрсөтүп, кыргыз-түрк боордоштугу тууралуу уламыштарды айтып бериңиз.

ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ.№ 804164


§ 2. Эне-Сай Кыргыз каганаты

КЫРГЫЗДАРДЫН ЧЫГЫШ ТЕҢИР-ТООДОН ЭНЕ-САЙГА КЕЛИШИ

Байыркы кыргыз уруулары Теңир-Тоо тоо кыркаларынын чыгыш аймагында жашап келгени маалым. Алар Жуан-жуан (жужан) каганатынын доорунда б.з. V к. акырына карата өз Ата Журтунан Эне-Сай аймагына көчүүгө аргасыз болушкан. Бул доордо төөлөс (теле) уруулары да жуан-жуандар менен болгон үзгүлтүксүз согуштун айынан Алтай аймагына көчүп кетүүгө аргасыз болгону тарыхта белгилүү. Кыргыздардын Эне-Сайга көчүп келүүсү тууралуу тыянак Эне-Сайдагы б.з. VI к. чейинки *таштык археологиялык маданиятынан* VI—VIII кк. өзүнө камтыган *чаатас («Жоо ташы») археологиялык маданиятынын* материалдарынын кескин айыр-



Кыргыз жоокерлеринин Эне-Сай аймагынан табылган сүрөттөрүнөн: *1 — 2* — Көпөн чаатасы (жоо ташы); *3* — Калмыково; *4* — Кулунду; *5 — 6*— Минусин музейи. *Ю. С. Худяковдун китебинен.*



Эне-Сайдагы Сүлөк таш жазмаларында тартылган кыргыз жоокерлеринин сүрөттөрү. *Ю. С. Худяковдун китебинен.*

маланаары аркылуу да далилденүүдө. Маселен, таштык доорунда маркумдардын сөөктөрү өрттөлгөн соң, ондон эки жүзгө чейин чогуу кылып атайын жыгач менен бекитилген сөөк жай көрүстөндөр бирден же экиден көрдү камтып, анда жалгыздан өрттөлгөн маркум сөөгүнүн күлү идишке же баштыкчага салынып коюлган. Чаатас доорунун мүрзөлөрүнүн сырткы көрүнүшү да айырмалуу: анын үстүнө таш тактапар кон-дурулуп, саал арырааkta таш мамы орнотулган.

Жалпысынан, таштык маданиятынан чаатас маданиятынын кескин айырмалуулугунун негизинде журт которуп келген кыргыздардын социалдык катмарларга бөлүнүшү татаал экендиги, жергиликтүү калктарга караганда социалдык өнүгүү деңгээли боюнча

жогорураак тепкичте тургандыгы тастыкталууда. Кыргыздар эми жаңы журтта — Эне-Сайда өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн ыңгайлуу тарыхый-географиялык шарттарга ээ болушту. Алар тайгадагы майда элдерди өздөрүнө багынтып, *кыштым* (көз каранды) деп аташкан.

КЫРГЫЗДАР ТҮРК КАГАНАТТАРЫ ДООРУНДА

Түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу кытай булактарында жазылган уламышта негизги бийлөөчү түрк урууларынын ата-теги болгон бала менен ургаачы бөрүнүн урпактарынын бири ***Цигу*** (кыргыз) эле. «Алтайдан кеткен бул урпак өзүнчө бир Афу (Абакан) жана Гян (Кем, б.а. Эне-Сай) дарыяларынын өрөөнүндөгү аймакта падышалык кылып калгандыгы алиги уламышта белгиленет.

Жужандар алсырап, алтайлык түрктөрдүн ашина (арслан) уругунун төбөлдөрү жетектеген бирдиктүү кошуундан сокку жеп жатканда Кыргыз мамлекети өз алдынча эле. Арийне, ***Улуу Түрк каганатынын негиздөөчүсү*** **Бумындын** уулдарынын бири Мухан-каган (553 — 572) Саян тоолоруна да жортуул жасап, 555-ж. «түндүктөгү Цигуну» каратып алгандыгы кытай булактарында баяндалат. Мындан бир аз мурда эле 553-ж. өлгөн Бумын кагандын арбагына багышталган ашка көз карандысыз кыргыздардын элчиси да келип катышкан эле.

568-ж. Улуу Түрк каганатынын батыш канатын бийлеген Истеми каган византиялык элчи Земарх үчүн белек катары «хехри (кыргыз) элинен» олжолонгон күң кызды тартуулаган.

Түрк каганаты батыш жана чыгыш болуп ажыраган (581) доордон тартып Кыргыз мамлекети бирде көз карандысыз, бирде ашина (арслан) уругуна, бирде төөлөстөрдүн сйе-янто (Сыр-тардуш) урууларынын бирикмесине сөз жүзүндө баш ийип турган (629 — 646-жж.).

632-ж. Кытайдын Тан сулалесинин императору Тайцзун өзүнүн Ваң Йихун деген элчисин Кыргыз мамлекетине жиберген. Сыртардуш мамлекетине баш ийип, элтебер даражасын алган Кыргыз мамлекетинин бийлик эгеси иш жүзүндө өз алдынча тышкы саясат жүргүзгөнү айгинеленүүдө. Маселен, 643-ж. император Тайцзунга кыргыз каганатынын элчиси келип, «суусар терисинен тигилген тон жана суусар терисин тартуу кылганы», андан соң да 648-, 653-, 675-жж. кыргыз элчилеринин Кытайда болгондугу булактарда катталган.

Ал эми 648-ж. Эне-Сай кыргыз каганатынын башчысы элтебер Ышбара Ажан (Сибоцзүй Ачжан) Тан сулалесинин императордук сарайына өзү келип, салтанаттуу түрдө кабыл алынган. Кыргыз бийлөөчүлөрүнө *сол канат коргоочу башкы Сангун* (ага генерал) чини берилип, анын өлкөсү Кыргыз Тутук мекемеси катары макам* ал-

---

* *Макам* — статус.

ган. Арийне, иш жүзүндө Кытайдан Кыргыз мамлекети көз карандысыз болгону жана алардын ортосунда өз алдынча «бу-фердик» өлкө — Тогуз огуздар мамлекети (647— 688) жайгашканы маалым.

Жалпысынан, VI—VII кк. кыргыздардын түрк каганаттарына мезгил-мезгили менен интеграцияланып турушу, Эне-Сай аймагы менен башка түрк аймактарынын этностук, маданий, чарбалык, саясий алакаларын, боордоштугун чыңдаган.

БАРС-БЕГ ЖАНА ЭКИНЧИ ЧЫГЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ

Орхонду чордон кылып, Кутлуг-чор өзүн Элтерис-каган деп жарыялаган (682) менен чыгыш түрктөрүнүн жаңы доору башталган кезде ***Эне-Сай Кыргыз каганаты да өз алдынча өкүм сүрүп турду***. VII к. акыры — VIII к. башында Кыргыз каганатын амалкөй **Барс-бег** бийлеп турган. Анын тушунда кыргыздардын элчилери бир катар чыгыш мамлекеттерине — Кытайга, Тибетке, Түргөш каганатына жиберилип турган.

Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын кагандары да Барс-бегди өзүнө ийитүү максатында анын кагандыгын таанышкан жана Элтерис-кагандын кызын ага беришкен (Күл-тегинге арналган эстеликтин маалыматы). Арийне, Тон-йокук колбашчыга арналган эстеликтен маалым болгондой, чыгыш түрктөрү үчүн «баарынан душманыраагы — кыргыздын кубаттуу каганы болду». Барс-бег каган табгачтар (кытайлыктар), «он ок (элинин) каганы» (түргөштөр), чик, аз сыяктуу түрк уруулары менен Орхондогу түрктөргө каршы согуштук ынтымак түзүүгө жетишкен.

Тон-йокук жана Күл-тегин жетектеген кошуун бул ынтымактын өкүлдөрүн биринде тип талкалоого ашыкты. 710-жылдан 711-жылга караган кышта алар Көгмен (Саан) тоолорунан ашып, капысынан кыргыздарга кол салды. Соңга деген чер токойлуу жерде Барс-бег баатырларча согушуп, курман болгон. Орхон түрктөрү аны каармандарча күрөшкөн жоосу катары аздектешсе, ал эми Эне-Сай кыргыздары өздөрүнүн руна сымал бир катар жазма эстеликтеринде Барс-бег үчүн жоктоо, кошок сөздөрүн багышташкан.



Чүй боорунан табылган балбал таш.
Түрк каганаттары доору. VI — VIII кк.

Эне-Сай өрөөнүнүн Алтын-Көл деген жеринен табылган руна сымал эстеликте Барс-бег тууралуу кошок сөздөр: «Төрт инелгү эртимиз бизни эрклиг адырти йыта. Эр эрдем үчүн иним эчим уйарын үчүн беңгүмин тике берти — Төрт агайын асылзат элек. Бизди эрклиг (ажал кудайы) айырды. Аттиң! Эр жигиттик каармандыгым үчүн инимин, агамын ак сөөктүгү үчүн түбөлүктүк эстелик тургузушту» деген саптарды да камтыйт.

Бул эстеликтердин (кошоктордун) жазылышына өзү да «кыркыз будун» деп Орхон жазмаларында аталган кыргыз элинин ички биримдигин айгинелей Барс-бегдин ордуна тактыга башка бир мурас чыгып отурган болушу толук ыктымал. 711-ж. август — сентябрда кытайлык Тан сулалесинин императору Жуйизун Тибетте кыргыз элчилери мурдараак келип сүйлөшүүлөр жүргүзүп жатканы тууралуу кабар алган. Бул кыргыз элчилиги Кытайга кошулууга эч шеги жок экендигин белгилегендиги алиги кабарда өзгөчө айтылган.

Капаган каган өлгөн соң (716-ж.) Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын абалы акырындап начардаганынан пайдаланып, Кыргыз каганаты өзүнүн ички-тышкы саясатын чечкиндүү жүргүзө баштаган.

VIII к. ТЫШКЫ АЛАКАЛАР

Тышкы саясатында Кыргыз каганаты Теңир-Тоо, Тибет, Кытай жергелеринин өлкөлөрү менен байланыш жүргүзүүнү уланткан. 722-ж. Тан сулалесинин ак сарайына кыргыз элчиси тегин (кагандын уулу) Исобо Шейүчжэ Биши, 723-ж. болсо — тегин Цзүйли Пинхэчжун келген. Кытайга 724-, 747-, 748-жж. да кыргыз элчилери келип кеткендиги маалым. Эне-Сайдын Бегре деген жеринде табылган руна сымал эстеликте алтымыш жети жашында каза болгон Төр-апа (Торпе) деген жогору мартабалуу адамдын он беш жашында Кытайдын императоруна жиберилгенин, ал жактан тарбия алганын маалымдаган саптар бар.

Тывадагы Хербис-Баары деген жерде табылган эстеликте бир бекзаада болгон Күлүг Йиге жыйырма жети жашында Токуз татар элине жиберилгени айтылат. Ал эми Эрен Улуг аттуу элчи Тибет мамлекетине жиберилгени Эне-Сай жазма эстеликтеринин биринде «Эрдем үчүн түпүт камка йалабач бартым» — «Эрдигим үчүн Тибет ханына элчиликке бардым...», — деп баяндалган. Кыргыз каганаты Экинчи Чыгыш Түрк каганаты менен тынч алака түзүүгө да умтулган. 731-ж. (кой жылы) Күл-тегин өлүп, ага аш берилгенде, кыргыз каганы өз элчиси Тардуш Ынанчу Чорду атайын бул расмий жөрөлгөгө катышууга жөнөткөн. Элтерис-каганга күйөө бала болгон Барс-бегдин өлүмүнөн кийин кыргыздар орхон түрктөрү менен кайрадан тышкы элчилик алакаларды жүргүзө баштаган мезгил тууралуу дал ушул Тардуш Ынанчу Чордун миссиясы далилдейт.

Түргөш каганаты менен да кыргыздардын элчилик алакалары дурус түзүлгөн. Азыркы Тыванын Тес жана Эрба сууларынын арасында (Эне-Сайдын сол жээгинде) табылган эстеликте жыйырма алты жашында Түргөш мамлекетинде каза болгон Эзгене элчи тууралуу баяндалат. VIII к. түргөштөр менен карлуктар кыргыздардын Улуу Жибек жолуна катышуусуна Эне-Сай кыргыз каганаты менен Тибеттин жана мусулман өлкөлөрүнүн соода байланыштарын чыңдоого арачы катары көмөктөш болушкан. Кыргыз аргымагы, жыпары (*арабча* — миск), баалуу ан терилер, «хуту» мүйүзү (казылып алынган мамонттун мүйүзү), айрым баалуу даректардын жыгачтары ж.б. сыртка экспорттолгон. Сырттан болсо жибек, фарфор идиштер, мончок-шурулар, күзгүлөр, кумаралар, каури үлүл кабыктары ж. б. ташып келинген. Улуу Жибек жолунун Кыргыз бутагы Эне-Сай аймагын мусулман дүйнөсү, Кытай, Тибет, Теңир-Тоодогу түрктөр менен тыгыз байланыштырган цивилизациялар көпүрөсүнө айланып, жалпы прогресске өбөлгө түзгөн.

УЙГУР КАГАНАТЫ (744 — 840-жж.) ЖАНА КЫРГЫЗДАР

Өтүкенди ээлеп алып, Борбордук Азияда уйгурлар 744-ж. тартып кудуреттүү бир жаңы түрк мамлекетин түзө баштаган. Уйгур каганы Байан-чор (Моюн-чур) барс жылы, б.а., 750-ж. Эне-Сайдын башаттык аймагын (бүтүн Тываны) жердеген чиктерди карай жортуул уюштуруп, кыргыздарга коңшу жана ынтымакта болгон бул элди басып алган (чик деп аталган бул эл кийин чигиз аты менен белгилүү).

Кийин коён жылы (751-ж.) Ыртыш дарыясынын өрөөнүндөгү карлуктар жана орхондук түрктөрдүн айрым өкүлдөрү Кыргыз каганаты менен уйгурларга каршы саясий ынтымак түзүшкөн. Чиктер да көтөрүлүш чыгарууга камынган. Арийне, Байан-чорго арналган орхондук эстеликтин маалыматына караганда, кыргыз каганынын тез жүрмө кошуунуна кол салып, чалгынчыларын тыткунга түшүргөн соң, уйгур колу Ыртышты кечип өткөн жана үч карлук уруу биримдигин талкалаган. Уйгур каганы чиктерге атайын тутук чининдеги башкаруучуну дайындаган. 758-ж. кыргыз каганаты уйгур каганатына саясий жактан көз каранды болуп калган. Кыргыз каганы сөз жүзүндө уйгур каганына баш ийип турган.

790 — 792-жж. тибеттиктер менен тымызын келишүүгө жетишкен кыргыздар уйгур каганатына каршы кайра көтөрүлүш жасаган, бирок уйгур министри Эл Огаси (ал — 795 — 805-жж. тактыга отурган Кутлуг каган) кыргыздарга жортуул жасап, аларды аёосуз жазалаган (бул маалымат Кара-Балгасундагы согду, түрк, кытай тилдериндеги жазма эстелигинде чагылдырылып анда кыргыз каганынын 200 миң жаа аткычы болгону көрсөтүлгөн.

820-ж. гана кыргыз ажосу өзүн көз карандысыз деп жарыялап, Борбордук Азия үчүн узак болуп эсептелген жыйырма жылдай убакытка созулган кыргыз-уйгур уруштары башталган.

Кытай булактарында бул тууралуу: «Бирок уйгурлар алсырай баштаар менен ажо өзүн хан деп жарыялады, теги түргөш энесин жесир каныша деп, жана Гэду-шехунун кызы болгон аялын каныша деп жарыялады», — деп эскерилет. Кийинчерээк бул ажо бир катар ийгиликтүү жортуулдардан соң уйгур каганына багыштап манчыркана сүйлөгөнү кытай булактарынан улам маалым: «Сенин тагдырың бүттү. Жакында мен алтын ордоңду тартып алып, алдына аргымагымды байлап, байрагымды саямын. Күч сынашам десең мага чыккының, анте албасаң кеткиниң».

Ички саясий күрөш, мал-жанды алган жут кошул-ташыл болгон Уйгур каганатынын ордо шаары Орду-Балыкты 840-ж. кыргыз каганы 100 миң аскердик кошууну менен келип басып алды жана кытайлыктар жиберген каныша Тай Хэни (Тай Не) туткундап, уйгур каганын өлтүрттү. Айрым уйгур төбөлдөрү кыргыздар тарабын колдоого алды.

БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ


IX к. ортосунда (840-ж. тартып) жаңы деңгээлге чыккан Кыргыз каганаты Эне-Сай өрөөнү менен гана чектелбей, Борбордук Азиядагы кеңири мейкиндикти ээлеген. Бул доорду академик В. В. Бартольд «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп атаса (1927-ж.), ал эми проф. Ю. С. Худяков болсо «кыргыз тарыхынын жылдыз сермеген сааты» деп жогору баалаган.

1900-ж. илимпоз Густав Рамстедт Хангай тоолорундагы Сужийн-даван аттуу ашуунун жанынан руна сымал жазмасы бар таш мамыны тапты. Анын котормосунун эң акыркы вариантында (С. Г. Кляшторный, 1991): «Мен йаглакар хандарын куудум. Уйгур өлкөсүнөн мен — кыргыздын уулумун. Мен — Бойла Кутлуг Йарган. Мен Кутлуг Бага-таркан эгенин буйрукчусумун (буйрук). Мен тууралуу аңыз Чыгыш менен Батышка жетти...» — деп жазылып, Борбордук Азияны кыргыздар ээлеген доор тууралуу баяндайт.

Өтүкенди, жалпы эле азыркы Монголия аймагын ээлөө менен чектелбестен, 841— 847-жж. ийгиликтүү согуш жортуулдары маалында жаңыча түзүлгөн кыргыз армиясы (схеманы карагыла) чыгышында Байкалга жана Түндүк-Батыш Кытайга, түштүгүндө — Ганьсу аймагына (Хэси коридоруна), түштүк-батышында — Чыгыш Түркстанга жана Теңир-Тоого, түндүк-батышында жана батышында Ыртыш, Там дарыяларынын өрөөндөрүнө жана Тоолуу Алтайга чейин бир нече багытта илгерилеген.


Чыгыштагы эң акыркы ири көчмөн түрк дөөлөтү болгон Кыргыз каганатынын бул Борбордук Азия мейкиндигин жеңип алуусу IX —

X кк. түрк элдеринин кезектеги журт которурулары өбөлгөсү болду: Уйгурлар Монголиядан үч багытта ооду, кыпчактар (кимектер) IX к. тартып Тоолуу Алтайдан батышка карай жылды. Карлуктар негизинен Мавераннахр тарапка ооп, ал эми Тенир-Тоонун чордону Чиги йагмалардын негизги журту болуп калды.



840-ж. кыргыз армиясынын башкаруу системасы

Эскертүү: 1 түмөн он мин аскер болгон. Ар бир түмөндөгү мин башылар уруу төбөлдөрүнөн жана тархан чининдеги кызматкерлерден дайындалган. Айрым жортуулдарды бектер же министрлер өз алдынча багытта жүргүзүүгө тапшырма алышкан.



Бутпарас ыбаадатканасынын реконструкциясы.
VII—VIII кк. Чүйдөгү Ак-Бешим шаар чалдыбары.

Улуу Кыргыз дөөлөтү согушчан мамлекет катары гана сыпаттоого тийиш эмес. Бул доордо кыргыздар Сибирь аймагында жазма маданий салты бар, өнүккөн түрк маданиятынын ээси болушкан. Алардын руна сымал Эне-Сай жазмасы VII — XII кк. пайдаланылган. Андан тышкары кыргыздардын ичинен бутпарас (буддизм), менихеизм диндерине таандык адабиятты окуу үчүн чет тилдерди үйрөнгөн аалымдар* чыккан. Араб саякатчысы ***Абу Дулаф*** (X к.) кыргыздардын ыбаадатканасы** жана жазуу үчүн колдонгон калеми бар экендигин эскерген.

Эне-Сайдагы, Монголиянын түндүгүндөгү (Сужийн-даван) жазма эстеликтеринен тышкары да кыргыздар калтырган башка жазмалар иликтенүүдө. Чыгыш Түркстанга чейин сүңгүп келген кыргыздардын тобу **Йар-Хотодогу** үңкүрдүн ичинде бир аска бетинде руна сымал жазма менен бутпарастык жазууларды түшүргөндүгү айгинеленүүдө. Талас өрөөнүнөн табылган руна сымал жазмаларды да Теңир-Тоонун чордонуна чейин келген кыргыздар калтырышкан деген жоромол (И. В. Кормушин) айтылууда. Эне-Сайдагы Алтын-Көл эстеликтеринин биринде Тибетке элчи болуп кетип, кайтпай калган бир каарманга арналган жазуу бар. Орто кылымдардын эрте мезгилиндеги кыргыз-тибет дипломатиялык алакалары кыргыздардын айрым өкүлдөрүнүн тибет жазмасын өздөштүрүүсүнө жана бутпарастык маданиятты үйрөнүүсүнө өбөлгө болгон. **Дуньхуанда** (Шачжоуда) тибет жазмасындагы бутпарастык адабияттын айрымдары *Кыргыз өлкөсүнүн Башкаруучу Үйүнүн* (б.а. Ордонун) өкүлүнүн атайын тапшырмасы менен даярдалгандыгы белгиленген. Улуу Кыргыз дөөлөтү маалында Чыгыш Түркстанга келген кыргыз топтору кийин уйгур жазмасын жана андан соң араб жазмасын (X к. тартып) өздөштүрүшкөн.

Бул ар кыл жазма маданият салттары кыргыздарга да, аларга коңшулаш башка түрк калктарына да тиешелүү. Кыргыздар, демек, байыркы хунну цивилизациясын андан ары өнүктүргөн түрк калктарынын бири.

Ар кандай борбордук азиялык *эфемердик ири мамлекеттер* (552 — 581-жж. Улуу Түрк каганаты, 744 — 840-жж. Уйгур каганаты ж.б.) сыяктуу эле, Улуу Кыргыз дөөлөтү да узак убакытка дооронун сүрө албады. Бир нече муун өткөн соң, борбордошкон башкаруу системасы начардап, улам жаңы аймактарда жикчил саясат күчөп, бул мамлекет да саясий бытырандылыкка кириптер болду. Мунун өзү да табигый тарыхый жараян эле (азыркы доорго салыштырсак, евроазиялык ири мамлекет — Советтер Союзу да жетимиш төрт жылдан соң табигый жол менен чачырашы көз алдыбызда жүзөгө ашты). Бул үчүн ынгай түзгөн сырткы факторлор катары Ички Азиядагы татарлардын (монголдордон айырмаланып, алар түрк жана монгол тилдеринде сүйлөгөн кош тилдүү уруулардан куралган) күчөшү, Түндүк Кытайда болсо — кидандардын (орхон жазмаларында —

---

* *Аалым* — окумуштуу.

** *Ыбаадаткана* — сыйынуучу жай, храм.


кытан деп берилген монгол тилдүү калк) кубаттуу дөөлөт курушу жана улам батышка саясий кысымын күчөтүшү, Түркстанда мурдагыдай кыргыздардын ири саясий ынтымакташы боло турган Түргөш каганаты, Карлук жабгулугу сыяктуу мамлекеттин жоктугу (Караханийлер каганаты 940-ж. тегерегинде гана түптөлгөнүн Ө. К. Караев белгилейт) айтылса болот.

«Манас» дастанындагы эң баалуу идеялардын бири — улуттук ынтымакка жана саясий бир бүтүндүккө чакыруу, коншу боордош калктар менен достук байланыштарды курчутууга үндөө дал ошол Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн басаңдоо мезгилинде өзгөчө курч коюлган. Байыркы дооpлордон бери айтылып келген бул дастандын бөлүмдөрү ошол бытырандылыкка кириптер кылып жаткан кезеңде оор капсаландан кыргыздарды жана алардын улуттук биримдигин сактап калууга багытталып, жаңы дем менен пайдаланылган.

Борбордук Азиядагы ***Улуу Кыргыз дөөлөтү*** *X к. алгачкы чейрегинде эң ири аймакты башкаруу үчүн бытыраган кыргыз төбөлдөрүнүн борбордук башкаруу системасынын начардашынан улам тынчтык жолу менен соңуна чыгып, бир нече чакан кыргыз мамлекеттерине жиктелип кеткен. Ал эми айрым кыргыз топтору бара-бара таптакыр башка мамлекеттердин курамына карап, мындай полиэтностук мамлекеттеги этностук азчылыктардын бирине айланышкан.*

Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кыргыздар Чыгыш Теңир-Тоодон Эне-Сайга качан журт которгон?
2. Улуу Жибек жолунун кыргыз бутагын картадан көрсөтүңүз. Барс-бег деген ким?
3. Кыргыз каганаты кайсы өлкөлөр менен алака түзгөн?
4. Уйгур каганаты доорундагы Кыргыз мамлекетинин абалы кандай эле?
5. Кыргыз каганатынын Борбордук Азия мейкиндигине ээлиги эмне үчүн тез аяктады?
6. Кыргыздын жазма маданияты жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыз?



Өзгөн шаарындагы Караханийлер дооруна таандык күмбөз.



II бөлүм

Кыргыздар X–XIV кк.

Укмуштардын эң укмушу — билим, ой,
Аны ээрчисең көккө учасың токтобой.

...Илим менен кырсык, кемтик түзөлөт,
Билим менен эл кыйыры бүтөлөт.

Бул экөөнөн эч бир майнап чыкпаса,
Кылыч карма, жол жок андан башкача.

Жусуп Баласагуни.

§ 3. Кыргыздар караханийлер доорунда

КАРАХАНИЙЛЕР СУЛАЛЕСИНИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

Батыш Түрк, Түргөш каганаттарынын (581—766) жана **Карлук жабгулугунун (766 — 940)** баш калаалары Түндүк Кыргызстандагы Чүй өрөөнүндө жайгашкан. Булардын ичинен соңку мамлекет болгон *Карлук жабгулугу IX к. башына чейин күчөп, андан соң саясий бытырандылыктын капшабына кабылган (IX к. башы — 940-ж.).*

Кыргызстандык проф., т. и. д. Өмүркул Караевдин кийинки изилдөөлөрү 940-ж. Кашкардан келип Баласагунду ээлеп, теңиртоолук жаңы, кубаттуу мамлекет **Караханийлер каганатын** негиздеген ***Сатук Буура хан*** чигилдерден экендигин айгинелөөдө. Чигилдер (орхон таш жазма эстеликтеринде чик деп белгиленген) менен йагмалар карлуктар жана тогуз-огуз саясий ынтымагына кирген башка уруулар менен бирге 744-ж. Экинчи Чыгыш Түрк каганатын кулатууга катышышкан. Арийне, уйгурлар жеке өзүнүн каганатын негиздегенде Теңир-Тоого карай ооп кетишкен.

Караханийлер сулалесин чигилдердин негиздешинен улам бул мамлекеттеги жана жалпы эле огуздардын чыгышындагы чигилдерге баш ийип калган же аларга коңшулаш чыгыш түрктөрдү огуздар «чигилдер» деп коюшкан. XI к. ***Махмуд Кашгари*** чигилдер тууралуу «Огуздар Жейхундан (Аму-Дарыя) жогорку Чынга чейинки бардык түрктөрдү «чигил» деп аташат» деп белгилеген.

Арийне, караханийлер сулалесинин кагандары Чыгыш Түркстан менен Батыш Түркстандын негизги аймактарын бириктирген бул мамлекетти чакан бир түрк уруусунун аты менен эмес, Улуу Түрк каганатынан бери келген жалпылама этностук-саясий аталыш болгон «түрк» сөзү менен аташкан. Демек, Караханийлер каганаты жалгыз гана чигилдерге эмес, жалпы эле түрк элине таандык мамлекет болгон.

ИСЛАМДЫН МАМЛЕКЕТТИК ДИН КАТАРЫ ЖАРЫЯЛАНЫШЫ

Карлук жабгулугу начардаган, саясий бытырандылыкка кириптер болгон маалда Теңир-Тоодогу түрк элдери ар кыл динге ишенишкен. Теңирчиликке, бакшылыкка, отко табынуучулукка, бут-

парас динине, христиан динининбир бутагы болгон несторийчиликке ынанган түрктөрдүн арасында акырындап исламга өткөн уруулар көбөйө берген.

Тенир-Тоодогу түрктөр Мавераннахрдагы согдулуктар менен түрктөрдөн айырмаланып, X к. тартып исламга ыктыярдуу өтө башташкан. Сатук Буура хан өзү тенир-тоолук бийлик эгелеринин ичинен алгачкы болуп исламды кабылдаган. Ал эми анын уулу Байташ (Муса) болсо 960-ж. Караханийлер каганатынын расмий дини катары исламды жарыялап, бул мамлекет ислам дүйнөсүнүн түндүк-чыгыштагы эң четки бурчу болуп калган.

X к. экинчи жарымынан тартып Караханийлер каганаты өз чегин кенейтүү үчүн күрөшүн активдүү жүргүздү. Каганаттын чыгышында, түндүк-чыгышында жана түштүк-чыгышында бул согуш аракеттерин исламдын «ыйык согуш» (газават, жихад) мүнөзүнө ээ болушкан. Уйгур, басмыл, йабаку ж. б. түрктөрго каршы Караханийлердин ыйык согуштары XI к. элдик фольклордо да чагылдырылып, мындай дастандардын айрым парчалары* Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы») эмгеги аркылуу биздин заманыбызга жетип келди.

Исламдын бирдиктүү идеология катары сунуш кылынышы ар кыл түрк уруулярын жакындатып баш коштурууга, бирдиктүү эл катары аларды жуурулуштурууга жагымдуу жагдай түзгөн.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ШААРЛАР


Караханийлер каганаты доорунда Кыргызстанда шаарлардын өнүгүшү жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Шаар жергиликтүү өзгөчөлүктөр менен жалпы орто азиялык мусулмандык архитектуралык жаңылыктарды айкалыштырып калган.

Адатта Кыргызстандагы байыркы шаарлардын ортосунда, бийигирээк жерде, бекем корголгон сепили (цитадель-Каве) болгон. VIII к. чейин ал терең казылган аң менен курчалган, ал эми бирдиктүү жана кубаттуу караханийлер дөөлөтү маалында (X — XII к. башы) бул борбордук сепилдин мааниси азайган. Шаардын сепилге ыктай жайгашкан бөлүгү — шаристан болгон. Ири шаарлар 2 — 3 шаристандан турган. Адатта шаристанда негизги калайыктын маалелери** жайгашып, алардын ортоороок жеринде ак сарайлар, коомдук имараттар, ар кыл диндеги адамдардын ыбаадатканалары (храм), базарлар, кийинчерээк мечиттер жана медреселер жайгаштырылган.

Жалпысынан шаар 20 км^2 аянтты ээлеген.

Караханийлер каганаты доорунда өсүп-өнүккөн шаарлардын бири Баласагун болгон (аны Куз-Орду, Күз-Улуш, б.а., «Тескейде-

* *Парча* — үзүндү.
** *Маале* — квартал.



Баласагундагы мунаранын азыркы кездеги көрүнүшү. Реставрациядан кийин.

ги ордо шаар» деп да коюшкан). Бул шаар жаңы доорго ылайык пайда болгондуктан, анда байыркы замандан калган борбордук сепил жок. Шаардын чордонунда ири ак сарай, анын жанында бийик мунаралуу жуманамаз мечити курулган. Кийинчерээк жамы мечиттин жанында сулалелик көрүстөн орун алган. Шаристандын сыртынан эки кат кылып чоподон согулган дубал коргон менен курчашкан.

Чеп менен корголгон шаарлар тоолуу өрөөндөрдө да пайда болгон. Суйаб, Баласагун, Ош, Өзгөн, Барсхан, Кочнар-Башы, Атбаш ж.б. шаарлар өз өрөөндөрү үчүн чарбалык, акимдик башкаруу боюнча гана эмес, маданий-агартуу боюнча да олуттуу роль ойногон шаарлар эле.

Чүй өрөөнүндө Ак-Бешим шаар чалдыбарында ж.б. жерлерде (Суйаб шаарынын орду) бутпарас дининин, христиандардын несториан бут[illegible]ынын ыбаадатканаларынын калдыктары табылды. Бул имарат-тар мусулмандык имараттар (мунаралуу мечиттер, күмбөздөр ж.б.) менен эриш-аркак орун алып, шаар калкынын синкретикалык маданиятынын бир бөлүгү болгон.

Орто кылымдардагы шаар куруу өнөрүнүн үлгүлөрүнө Ала-Бука районундагы Гүлистан кыштагында орто кылымдык Сапид-Буланг шаарына таандык Шах Фазил күмбөзү, Өзгөндөгү үч күмбөз кирет. Мындай күмбөздөрдүн жанында жамы мечит, мазарлар, сопулардын жатаар жайлары (Ханака) жайгашкан.

ЖУСУП БАЛАСАГУНИ ЖАНА МАХМУД КАШГАРИ

Мусулмандык ренессанс доорунун илептери X к. ортосунан тартып Караханийлер каганатынын калкына да тийген. Маданият менен илимдин өнүгүшү, өзгөчө XI к. байкалган. Теңир-Тоодогу түрк калктары тек гана мусулман дүйнөсүнүн илимий жетишкендиктери менен эле чектелбестен, араб тили менен өз тили да тең-тайлашып илим жана поэзия тили катары кызмат кыла алаарын мусулман дүйнөсүнө далилдөөгө умтулган. «Шуубиййа» — «элдүүлүк» деп аталган бул кыймыл түрктөргө гана эмес, ирандыктарга да таандык болгон.

Түрк дүйнөсүнүн мусулмандык доордогу маданиятынын берметтеринин бири ***Жусуп Баласагунига*** *таандык.* Ал Чүй өрөөнүндөгү Баласагун шаарында 1015 —1018-жж. аралыгында туулган, жалпы түрк калктарынын орток акыны жана ойчулу болуп саналат. **1069 —1070-жж.** он сегиз айлык мөөнөттө ал өзүнүн даңазалуу **«Кутадгу билиг»** («Кут алчу билим») дастанын жазган жана аны Кашкарда отурган Чыгыш Караханийлер каганы Сулайман Арслан Кара хакандын уулу Тавгач Буура Кара хакан Абд Али Хасанга (1056 —1103-жж. бийлеген) тартуу кылган. Караханийлик адабий тилде — Буура хакандык түрк тилинде жазылган бул чыгар-

масы үчүн ага ордо иштеринин башчысы — *атайын хажип* даражасы ыйгарылган. *Көөнөргүс философиялык-дидактикалык поэма болгон «Кутадгу билиг» теңир-тоолук мусулман түрктөрдүн биздин күнгө чейин жеткен эң алгачкы ири жазма адабият чыгармасы болуп саналат.*

Ысык-Көлдүн түштүк-чыгышында жайгашкан **Барсхан** шаарында туулуп, **Кашкарда** билим алган дагы бир даңазалуу аалым — *XI к. түрк этнологу, диалектологу, фольклористи, тарыхчысы, тилчиси, географы, картографы, түрк боордоштугунун идеологу* катары белгилөөгө татыктуу ***Махмуд Кашгари*** болуп саналат. Анын толук ысмы—***Махмуд ибн Хусейин ибн Мухаммед ал-Кашгари (ал-Барсхани)***. Өзүнүн тыйындарын чыгаруу деңгээлине жеткен Барсхан беги Ысык-Көл өрөөнүндөгү Караханийлердин жергиликтүү бийлигин жүзөгө ашырып турган маалда 1029 —1038-жж. аралыгында дүйнөгө келген Махмуд өзү Караханийлер сулалесин түзгөн урукка таандык болгон.



Жусуп Баласагунинин «Кутадгу билиг» дастаны. Фергана нускасынын 75-бети.

Омелян Прицактын жоромолу-на караганда Махмуд Кашгаринин атасы Хусейиндин атасы Мухаммед Караханийлердин каганы Мухаммед Буура-хан ибн Кадыр-хан Жусуп болуп саналат. Тарыхчы Бейхакинин маалыматына караганда 449-хижра жылы (1056 —1057-жж.) Мухаммед Буура-хан уу берип өлтүрүлгөн. Барсханды бийлеп, кийин такты мураскору жарыяланган Хусейин да ошол ордо күрөшү маалында өлсө керек.

«Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чеченинен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү эң тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын калааларын жана талааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, (жыйнагымды) тартибин татыналай өтө сымбат кат кылдым», — деп Махмуд Кашгари жазган. Он чакты жылдар жер кезип чогултканы анын түрктөр тууралуу бай маалыматы **«Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы»)** аттуу 1072 — 1077-жж. жазылган эм-

гегине сыйдырылган. Бул эмгектеги дүйнөнүн тегерек картасында чордон катары Аравия берилбестен, Теңир-Тоо тоо системасы, Ысык-Көл, Баласагун, Барскан, Кочнар-Башы шаарлары көрсөтүлгөн.

«Байгеге тең чамал чыгып келаткан кош аргымактын сыңарындай араб тили менен атаандашкан» түрк тилинин байлыгын, кеңири мүмкүнчүлүктөргө эгедер экенин далилдөө, аны үйрөнүүгө, илимий жактан сапаттоого жардам берүү Махмуд Кашгаринин негизги максаттарынан эле. Ал түрк тилдерин классификациялоо, түрк этносторунун жайгашкан мекендерин локализациялоо, фольклордук мурасы, макал-лакап, ырлары менен тааныштыруу, салтын, динин үйрөтүү сыяктуу маселелерди өз эмгегинде комплекстүү чечүүгө умтулуп, өзгөчө оригиналдуу эмгек жарата алган.

Махмуд Кашгаринин башка бир эмгеги — **«Жавахир ан-нахв фи лугат ат-түрк» — («Түрк тилдеринин синтаксисинин көөхарлары (маңыздары)»)** деп аталган. Арийне, бул эмгек сакталып калган эмес.

Жусуп Баласагуни да, Махмуд Кашгари да өздөрүн жалпы түрк маданиятына салым кошкон адамдар катары эсептешкен. Алар азыркы түрк калктарынын даңазалуу орток бабалары болуп саналышат.

КЫРГЫЗСТАН КАРА КЫТАЙЛАР (КИДАНДАР) ДООРУНДА

XII к. экинчи чейрегинин башында азыркы Кыргызстандын аймагы чоң саясий окуяларга дуушарланды. Түндүк Кытайдагы **Ляо мамлекети** (907—1125) чжурчжендер тарабынан талкалангандан кийин бул мамлекеттин негизин түзгөн кытандардын (кидан) бир бөлүгү ***Елүй Дашинин*** башкаруусу астында Монголияга качты. Бул жерде Елүй Даши **Бей Ляо** (Түндүк Ляо) мамлекетин негиздеп (1124 —1130), өзүн император жарыялаган. 1128-ж. анын аскерлеринин алгачкы тобу Кашкарга кол салып кайткан. 1130-ж. Елүй Даши Жети-Сууга келип, Баласагун шаарын каратып, аны өз байтактысы (ордо шаары) катары жарыялады.

Елүй Даши (аны «Манас» дастанында ***Жолой*** аты менен кыргыздар эскерет) өзүн «Гур-хан» (көл-хан, улуу каган) жарыялап, ордосу болгон Баласагун шаарын «Куз-Балык» (балык — байыркы түркчө «шаар» деген сөз) деп атаган.

Кара кытайлар Беш-Балыктын жанында жердеген теңир-тоолук кыргыздарга жазалоочу сапарга чыккандыгы тууралуу да тарыхчы ***Жувейнинин*** (1226—1283) маалыматы бар. Түндүк Кыргызстан аймагы түздөн-түз кара кытайлар тарабынан башкарылган, ал эми алар басып алган караханийлик башка аймактар Караханийлер сулалесинин өкүлдөрү тарабынан башкарылып турган.

Кара кытайлардын динге карата кайдыгер саясаты алардын жергиликтүү түрктөр менен тыгыз чарбалык-маданий алакасын чындап, алардын акырындап түрктөшүп кетишине шарт түзгөн (кытай уругу кыргыз, казак, кара калпак ж.б. түрк элдеринде учурайт).

Кара кытайлар доорунда (1130 — 1213) Кыргызстандын калкы ислам, христиандын несториан бутагы, бутпарас, теңирчилик сыяктуу диндерди тутушкан.

Наймандардын колбашчысы жана канзаадасы Күчлүк ас-Сегизи 1211-ж. тартып иш жүзүндө Кара кытай мамлекетинин негизги бөлүгүн күч менен тартып алып башкарып калган.

Суроолор:

1. Караханийлер сулалесин негиздөөчүлөр кимдер?
2. Караханийлер исламды качан мамлекеттик дин катары жарыялашкан?
3. Кыргызстандагы шаарлар жөнүндө эмнелерди билесиз?
4. Жусуп Баласагуни менен Махмуд Кашгаринин кандай мурастары бар?
5. Кара кытайлар Теңир-Тоону качан каратып алышкан?

§ 4. Теңир-Тоо жана Эне-Сай кыргыздары X — XII кк.

БОРБОРДУК АЗИЯГА ЖАНА СИБИРГЕ КЕҢИРИ ТАРКАГАН КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНА ТААНДЫК АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕР

Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз дөөлөтү маалында (IX к. ортосу — X к. башы) кыргыз маданиятына таандык археологиялык эстеликтер эң кеңири аймактан табылууда. Археолог-кыргыз таанууучу проф. ***Юлий Сергеевич Худяков*** жыйынтыктагандай, кыргыз маданиятына таандык археологиялык материалдар Эне-Сай өрөөнүнөн гана эмес, Сибирдеги Кызыл-Жар — Кан, Обь дарыясынын өрөөнү, Алтай, Жети-Суу, Тыва, Монголия, Байкал көлү өрөөнү сыяктуу аймактардан, айрым кыргыз эстеликтери — Чыгыш Түркстандан, Борбордук Теңир-Тоодон (Нарын, Кочкор) табылган.

IX — X кк. таандык кыргыз көрүстөндөрү тарых илиминде «хыргыс-үүр» (монголчо «кыргыз мүрзөсү») деп аталууда. Мындай көрүстөндөрдүн үстүнө таш үйүлгөн, таш коргондун жанына таш мамы орнотулуп, адатта ага тамгалар, руна сымал алфавиттеги эпитафиялык эскерме жазуу тексттери чегилген. Маркум сөөгү өрттөлүп, атайын чуңкурга көмүлгөн, анын жанына «аркы дүйнөдөгү» турмушу үчүн кой, уй, жылкы эти жана суюк тамак куюлган идиш, аскердик курал-жабдыктар (кош миздүү кылыч, тек миздүү кылыч, канжар, айбалта, найза, жаа, жебенин үч кырдуу, төрт кырдуу ж.б. темир учтары, саадак, темир соот кийим, олпок, ж.б.), ат жабдыктарына таандык кооздолгон металл жасалгалар, ошондой эле сөйкө, шуру ж.б. кооздук буюмдары табылууда. Мүрзөлөрдөн темир бычак, өгөө, орок, чалгы, буурсун гана эмес, үстүнө руна сымал жазуу түшүрүлгөн Кытайдын (Тан сулалесинин) тыйыны да табылууда. Бул тыйындар кыргыз каганатында акча катары жүгүртүлгөн деген пикир бар. VIII — IX кк. Эне-Сайда шаар сымал отурукташкан калк жайлары да курулган (Уйбат өзөнүнүн куймасы).

XI — XII кк. кыргыздарга таандык археологиялык эстеликтер «хыргыстар сөөктөр» (азыркы хакасчадан кыргыз сөөктөрү) деп аталууда. Бул доордо Эне-Сай маданиятынын Орто Азиядан жана Чыгыш Азиядан обочороок болуп калганы байкалат.

Дүйнөдөн эрте кеткен жаш балдардын сөөктөрүн Эне-Сай кыргыздары өрттөбөстөн көмүшкөн. Демек, алардын «күнөөсүн» от аркылуу тазалоо зарылдыгы жок болгон.

Кыргыз эстеликтеринин арасында аларга баш ийген башка элдердин (жалпылап айтканда, «кыштымдардын») сөөктү өрттөбөй көмгөн мүрзөлөрү, жылкы териси кошо көмүлгөн айрым уйгур мүрзөлөрү, байыркы түрктөрдүн жылкыны кошо көмгөн салтынын айрым кайталанышы учуроодо. Кыргыздар Сибирдеги жана Борбордук Азиядагы ар кыл урууларды бийлеп турган доор археологиялык материалдарда дал ушундай чагылдырылып, түрк элдеринде өз ара этностук маданий алакалардын андан ары өнүгүшүнөн кабар берет.

ЧЫГЫШ ТЕҢИР-ТООГО КЕЛГЕН КЫРГЫЗДАР ТУУРАЛУУ ЖАЗМА БУЛАКТАР

Кыргыздардын бир катар топторунун Улуу Кыргыз дөөлөтү маалында (IX к. ортосунан тартып) Эне-Сайдан Чыгыш Теңир-Тоого жана Кашкарга чейин келип жеткени тууралуу улам жаңы маалыматтар өткөн кылымдын акырынан тартып табылууда. Алар араб, фарсы, кытай тилдеринде жазылгандыгы жана бири-биринен көз карандысыз болгону ишенимди арттырат.

X к. араб географы ***ал-Истахри*** **«Китаб масалик ал-мамалик» («Мамлекеттердин жолдору китеби»)** деген эмгегинде: «Алиги тоолор... Мавераннахрдан жиктелип, түрктөрдүн ичкерки аймактарына — кыргыздардын жанындагы Илак (азыркы Ангрен) менен Шаш (Ташкент) чөлкөмдөрүнө дейре созулат. Бул тоолор баштан аяк алтын менен күмүш кенине жык толгон, алардын өзгөчө мол кени — кыргыздардын өлкөсүнө чукул орун алган», — деп жазат. Мында Илак менен Шашка жакын Талас, Чаткал өрөөндөрү же жок дегенде Теңир-Тоо системасы көңүлгө алынууга тийиш.

Автору белгисиз **«Худуд ал-аалам» («Аалам чектери»)** (982-ж.) деген фарсыча географиялык эмгекте кыргыздардын Эне-Сайдан тышкаркы ар кыл аймактардагы топтору тууралуу кызыктуу кабарлар камтылган. Маселен, тогуз-гуздарды (Турпандагы уйгурларды) жазып, алардын түндүгүндө гана эмес, батышында да айрым кыргыздар жашаарын бул эмгектин автору белгилеген. Дал ушул кыргыздар Пенчул шаарын (Чыгыш Түркстандагы азыркы Үч-Турпанды же Ак-Суу шаарын) бийлеп калганы да бул булакта көрсөтүлөт. Башка бир жерде кыргыздар Кашкар аймагы менен чектеш, чигилдерге, йагмаларга коңшу катары сыпатталган. Ушул эле булак Теңир-Тоодогу көчмөн тухсы урууларын баяндап, алардын батышында кыргыздардын бир тобу жайгашкан деп эскертет.

Мухаммед ибн Нажиб Бекрандын **«Жажан-наме» («Дүйнө тууралуу китеп»)** аттуу фарсыча эмгегинде (XIII к.) Ферганадан чыгышка карай созулган тоо жана чөл кыргыздарга чейин жеткени айтылат. Бул кыргыздарды Теңир-Тоо аймагында гана көрсөтүүбүз мүмкүн.

Айтмакчы, руна сымал Талас жазмалары Орхон жазмаларына эмес, типологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча Эне-Сай жазмаларына жакын. Талас жазмаларында отуз оглан уруу аты кездешет (кыргыздын кийинки отуз уул этноними менен жана Эне-Сай кыргыздарынын отуз миң аскер тобу менен салыштырыңыз). Айрым изилдөөчүлөр Талас жазмаларынын келип чыгышы Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Талас өрөөнүнө IX к. журт которуусу менен байланыштуу деп жоромолдошот.

X к. Чыгыш Теңир-Тоого чейин, асыресе Турпан ойдуңундагы Уйгур ыдык кут мамлекетине чейин келген кытайлык Сун сулалесинин элчиси ***Ван Яндэ*** Чыгыш Теңир-Тоонун түштүгүндөгү чакан болсо да кубаттуу Уйгур өлкөсүндө айрым кыргыз, йагма сыяктуу түрк урууларынын да жашаганын көрсөтөт.

Араб тарыхчысы ***Ибн ал-Асир*** (XIII к.) Газневийлер тарыхына байланыштуу маалыматтарында XI к. ортосундагы таасирдүү аскер башчы жана хажип Кыргызды эскерип, анын Газневийлерге таандык султандык бийликти 444-хижра (1052 — 53-жж.) кылымдагы мезгилин өзгөчө белгилейт.

Кийинки кыргыз тарыхый уламыш жана санжыралары да (маселен, XVI к. Сайф ад-Дин Аксыкенди жазган жана XIX — XX кк. санжыраларда) кыргыздар монгол чапкынына чейин эле Орто Азияда жашаганы жана ар кыл саясий окуяларга катышканы тууралуу баяндашат.

ЧЫГЫШ ТЕҢИР-ТООДОГУ КЫРГЫЗДАРДЫН СӨӨК КОЮУ САЛТЫНЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ

Теңир-Тоого чейин келген кыргыздар мусулмандык караханийлер каганатынын ичинде жана ага түндүк-чыгыш жагынан чектеш аймактарда жайгашышкан. IX—X кк. алардын салт-санаасы, үрпадаттары акырындап өзгөрө баштаган. Буга жалпы эле караханийлик түрк урууларынын маданий жана этностук өз ара интеграциясы, орток маданияттын калыптанышынын улантылышы өз таасирин тийгизген.

Фарсы аалымы ***Гардизи*** (XI к.) өзүнүн **«Зайн ал-ахбар» («Кабарлардын татынасы»)** эмгегинде VIII к. таандык ***Ибн Мукаффа*** жана анын уулу калтырган кыргыздар тууралуу төмөнкүдөй маалыматтарды келтирген:

«...Кыргыздар да маркумдун сөөгүн өрттөп жиберишет да, минтип айтышат: «От — эң таза нерсе. Отко түшкөндүн баарысы тең арууланып, тазаланат. Маркумду да от кирден жана күнөөдөн арылтат».

Ал эми 1120-ж. өзүнүн орточо **«Таба и ал-хайаван» («Айбанаттын табигый касиеттери»)** эмгегине ***Шараф аз-Заман Тахир Марвази*** кошумча жазган этнографиялык бөлүмүндө түрктөрдүн бири

кыргыздар экени айтылган. Бул эмгекте да Теңир-Тоодогу кыргыздардын тобу тууралуу айтылган: «Куча менен Арк алардын түштүк-батышы менен түштүгүндө». Кыргыздардын бул тобунан батышыраакта йагмалар жана карлуктар жашаган.

Теңир-Тоодогу кыргыздардын дал ушул тобу X к. тартып исламдашуу чөйрөсүнө кирип, ал түгүл өз салтын да өзгөрткөнү Марвази тарабынан күбөлөндүрүлөт. «Ал эми мусулмандар менен коңшулаш болуп калышкан кезде алар (кыргыздар) маркумду мүрзөгө көмө башташты», — деп маркумдун сөөгүн өрттөө жөрөлгөсүн теңиртоолук кыргыздар колдонбой калганын Марвазинин эскериши *кыргыздардын бул бөлүгү ислам динин монгол чапкыны дооруна чейин эле кабыл ала баштаганын далилдейт.*

ЭНЕ-САЙДАГЫ, ТҮНДҮК-БАТЫШ МОГОЛСТАНДАГЫ ЖАНА АЛТАЙДАГЫ КЫРГЫЗДАР

X — XII кк. Эне-Сайда, Монголиянын түндүк-батышындагы Чоң көлдөрүнүн аймагында (алардын бири азыркыга чейин Кыргыз-Нор — Кыргыз көлү деп аталат). Ошондой эле монголдук Алтай менен ага чектеш аймактарда чыгыш кыргыздары чакан мамлекеттерди түзүп жашашкан.

X к. алгачкы чейрегинен тартып түндүк-батыш Монголиядагы кыргыздар кидандар (кытан) жана башка монгол тилдүү уруулар менен кагылыша баштайт.

XI к. акырында чыгыш кыргыздары негизинен ***үч чакан мамлекеттен турган.*** Алардын бири — азыркы **Хакас (Хоорай) өлкөсүндө,** экинчиси — **Тыва** жана ага чектеш **Түндүк Монголиянын айрым райондорунда,** үчүнчүсү — **Алтайда** (анын ичинде **Монголдук Алтайда)** жайгашкан.

1125 — 1128-жж. түндүк-батыш Монголиядагы жана чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыздар кара кытайлардын чапкынына каршы күрөшүшкөн. Ал эми XII к. ортосунда түндүк-батыш Монголиядагы кыргыздар найман ханына жеңилген. Ушул доордон тартып бүткүл Монголиядагы саясий бийлик монгол тилдүү уруулларга өтө баштаган.

ЭНЕ-САЙ РУНА СЫМАЛ ЖАЗМАЛАРЫ ЖАНА ЭСТЕЛИКТЕРИ. КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАЗМА МАДАНИЯТЫ

Монгол чапкынына чейинки доордо Эне-Сай кыргыздары жалпы түрк дүйнөсүнүн орток маданий байлыгы болгон руна сымал жазма маданияттын түзүүчүлөрүнүн жана колдонуучуларынын бири болгон. Азыркы тапта Эне-Сайда ***150дөн ашуун руна сымал жазма эстелиги*** *табылган.*

حیلتها ساختند بگرفت ایشان و بوست آن شهرها برود ببازرگانی ، و همان عادت باد دارند ، و آن کشور آبادان گشت ، و نسل‌شان بسیار شد والله‌اعلم .

..... [1] چنین خواندم که بر اندام ترکان موی کم باشد ، [وسبب آن]

(٦٧-ب) آنست که چون یافث طفل بود اورا بیماری رسید سخت ، پس پیرزنی مادرش را گفت خایهٔ مورچه بدست آور و کوفته با شیر گرگ معجون کن سه روز بده تا بخورد بهتری یابد ، وچنان بود که سام بن نوح را گرگی بود ماده ودر آن چندروز زاده بود ، مادر یافث خایهٔ مورچه بیاورد و باشیر گرگ بیامیخت و [بدو داد] یافث برخاست از آن بیماری ، وهیچ موی بر اندام او نبود ، ازجهت آن خایهٔ مورچه ودلیل برانك هر کجا مورچه برود [2] هیچ نبات نروید الینه ، پس فرزندان یافث جمله اصلش [3] آمدند وازآن سبب برخشم و کینتوز [4] باشند که خشم از اندام ایشان راه نیابد که بسام [5] بدر آید که ایشان را هیچ موی نباشد برتن ، و هرکس که براندام [او] موی بسیار باشد اگر خشمناك سخت گردد زود ساکن شود ، و خشم بسامش [6] بیرون آید و ایشان را این نباشد ، از آن پس ازفرزندان این جماعت قبیلها خاستند چون کیماك و قرقیز و برسخان و برطاس و ایلاق و ..... [7] و از این گونه بی عدد ، و همه را باهم دشمنیها خاست و کارزار ، تا روز گارها ، و فریدون که پسرش تور را بمشرق فرستاد باسام بن فریدان تاکار ... ی ... [8] وبروی راست کرد ، وایشان نیز آرام یافتند ، ودیگر اخبار خود گفته شود انشاءالله تعالی بجایگه ، وچون تور را [کار ملك راست شد و] آرام یافت ، از وی زادشم بزاد ، و از زادشم (٦٨-آ) پشنك آمد ، و افراسیاب از پشنگ بزاد ، و بترکستان وهندوان و روم غلبه کرد ، و بچند دفعت [بر] زمین ایران ، وما چگونگی این حالها خود گوئیم بتوفیق الله تعالی .

---

(١) تمت سطر بکلی محو شده است . (٢) در متن بالای پاء برودنه گذارده‌اند ،
(٣) کذا ، والظاهر ، اصلی . (٤) اصل کینوز براء معجمه ، کینورهم تواند بود (٥) فی‌الاصل بشام ؛
(٦) اصل : بشامش (٧) محو شده و برخمت ؛ و غر و چکل و ... مناك و ... ن خوانده میشود ،
(٨) ظ ، کار مشرق ؟ ملنگه‌اری ؟

«Мужмал ат-таварих ва-л-кысас» аттуу автору белгисиз фарсыча эмгектин (1126-ж.) кыргыз ж.б. түрк калктары тууралуу бөлүгү
(Тегеран, 1939 — 40. — Бехардын ред.— 105-б.)

VII — XII кк. ичинде пайда болгон бул жазма эстеликтердин бир нечеси буюм, идиш, тыйын бетине, ал эми көпчүлүгү аска таш беттерине чегилген. Алардын ичинде **Элегеш, Уйук, Улуг-Кем, Чаа-Көл, Уйбат, Ак-Үүс, Кара-Уус, Кызыл-Чараа, Хербис-Баары, Саргал-Аксы, Өөк-Тарлаг** ж.б. жерлердеги эстеликтердин көбүнүн тексттери илимге маалым. Жогоруда кыргыздар Монголиянын Хангай тоолорунда калтырган Сужин-Даван эстелиги жана стили боюнча Эне-Сай жазмалары менен байланыштуу **Талас эстеликтери** тууралуу да эскерилди.

«Теңир», «теңир кулу», «теңир эли» *сыяктуу сөздөрдүн Эне-Сай эстеликтеринде учурашы бул калктын негизги дини* ***теңирчилик*** (бакшылыктын өнүккөн түрү) *менен байланыштуу экенин айгинелейт.* Ал эми Сужин-Даван эстелигиндеги ***«мар»*** сөзү («диний жетекчи») кыргыздардын айрым бөлүгү ***манихеизм*** динин тутканын көрсөтөт. Дуньхуанда «Кыргыз өлкөсүнүн хандык үй-бүлөсүнөн чыккан» бир ***Хасето Абхгаден*** аттуу адам болгон (IX к.). Ал бутпарас дининдеги кытайлык китептерди тибеттик транскрипцияда көчүргөн. Демек, *айрым кыргыз уруулары ислам, манихеизм жана бутпарас диндерине байланыштуу башка алфавиттерди жана жазма системаларын (анын ичинде кытай иероглиф жазмасын) да өздөштүрүшкөн.*

Эне-Сайдагы Бетре жазуусунда ***Төр-Апа*** деген кыргыз чиновниги (метиг) он беш жашында табгач (кытай) ханынын өлкөсүндө тарбиялануусуна жиберилгени айтылган. *Билимдүү, ак сөөк кыргыздар Түргөш, Карлук, Тибет, Кытай өлкөлөрүнө элчиликке жиберилип турган.*

Араб географы ***Абу Дулаф*** кыргыздардын «жаза турган каламы бар» деп эскертсе, кытайлык «Синь Тан шу» («Тан сулалесинин жаңы тарыхы») (XI к.) эмгегинде кыргыздардын жазмасы жана тили уйгурлардыкына окшош экендиги айтылган. Манихеизм динине өткөндүгүнө байланыштуу уйгурлар VIII к. акырынан тартып жаңы түрк жазмасына («уйгур жазмасына») өтүшкөн, ал эми *кыргыздар кийинки үч жүз жылда — IX — XII кк. руна сымал жазманы пайдалануусу улантышкан. Бул жазма үндүү жана үнсүз тыбыштарды так бере алган алфавиттик система болуп саналат.* Анын Эне-Сай өрөөнүндө орток колдонулушу Түштүк Сибирдеги жана ага чектеш аймактардагы түрк уруулары менен кыргыздардын өз ара маданий алакасын жана этностук жуурулушуусун тездеткен жагдайлардын бири болду.

Теңир-Тоодогу кыргыздар тобу жана башка түрк уруулары X к. башынан тартып орхон-эне-сай руна сымал жазмасын колдонбой калышкан. Бирок бул жазма системасы аркылуу негизделген жана өнүккөн жазма маданий согду, сириялык-нестрориандык, араб, уйгур жазмалары аркылуу бардык түрк элдеринде кеңири өнүгүүсүн улантты.

Суроолор:

1. «Хыргыс-үүр» көрүстөндөрү кайсы кылымдарга таандык? Алардан эмнелер табылган?
2. Кайсы жазма булактар Чыгыш Тенир-Тоого чейин келип жеткен кыргыздар тууралуу баяндашат?
3. Тахир Марвазинин эмгеги кыргыздардын маркумду узатуу жоролгосүнүн өзгөрүшү тууралуу кандай жаңы маалыматты камтыйт? Кыргыздардын алгачкы тобу качан исламдаша баштаган?
4. Эне-Сайда жана Түндүк-Батыш Монголияда калган кыргыздар тууралуу айтып бериңиз.
5. Жазма маданият кыргыздарда өнүккөнбү? Кайсы жазма системалары менен алар кабардар болгон?

Документтүү материал:

Араб географы ал Идрисинин 1154-жылы жазып бүтүргөн «Областтар боюнча саякаттан жана тартканды, эриккенди жазуу» аттуу эмгегинен үзүндү:

«Кыргыздардын (текстте хырхыр) мамлекети түшүмдү көп берүүчү жана саякатка көп баруучу (жер). Ал сууга бай өлкө. Анда Син чек арасынан агып келүүчү ар кандай дайралар бар. Бул дайралардын эң чоңу Манхар (же Манхаз)-деп аталат. Ал көп суулуу жана шар агындуу дарыя. Бул дарыянын боюнда кыргыздардын тегирмендери бар, аларда күрүч, буудай жана башка дандарды тарттырышат, алардын ундарынан нан бышырышат же (тегирменге) салдырбай эле кайнатып жешет. Кыргыздардын падышасы жашаган шаар чындалган, бекем дувалдар, андар жана чоң тосмо менен курчалган. Бул шаардын жанында Асыл таштар (Жакут) аттуу жарым арал бар. Бул мамлекетте сандаган жылкыларды, өгүздөрдү жана койлорду асырашат. Аттары өтө семиз жана абдан кыска моюндуу келет. Аларды тамак-ашка пайдалануу үчүн бордоп байлашат. А өгүздөрдү болсо дайыма оор жүктөрдү ташып жеткирүү үчүн пайдаланышат. Кыргыздар каза болгондорун өрттөп, күлдөрүн Манхазга ыргытып жиберишет, ал эми бул дарыядан алыс жашагандар (өлгөндөрдүн) күлүн чогултуп желге сапырып жиберишет. (Идриси, Китаб Нузхат, Рим, 1592, 170-б.)

§ 5. Кыргызстан жана кыргыздар монгол чапкыны доорунда (XIII к.)

ЭНЕ-САЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЧЫҢГЫЗ ХАНГА БАШ ИЙИШИ

XII к. акырында Монголия талааларындагы түрк элдеринин калган-каткан бөлүктөрү татарлардын, наймандардын, керейиттердин, монголдордун ж.б. уруулардын өз ара күрөшүнө күбө гана болбостон, катышууга да мажбур болушту.

Маселен, 1199-ж. **Темучжин** Кызыл-Баш (азыркы Улунгур-Нар) көлүнүн жанында наймандардын Буйурук хан деген ханынын кошуунун талкалаганда, ал Кем-Кемжиут аймагына, б.а. азыркы Тыва жана ага чектеш айрым Түндүк Монголиядагы жерлерди карай качканы маалым.

Түндүк-батыш Монголиядагы айрым кыргыз уруулары өз жеринде эле монгол тилдүү уруулардын арасында калган. Рашид ад-Диндин маалыматына караганда, XII к. ортосунда Эниаткаандын бийлеген заманында наймандар «кыргыз уруусун талкалашкан». Арийне, кыргыздардын изи Түндүк-батыш Монголиянын жер-суу аттарында (Кыргыз-Нар көлү, Кыргыз сомону, б.а. району, уруу аталыштарында хыргыс, хара-хыргыс, шара-хыргыс, мөдөн-кыргыс аттуу монголдук уруулар), тарыхый уламыштарында (эң эски мүрзөлөрдү Монголияда «хыргыс-хүүр» — «кыргыздын көрлөрү» деп аташат) сакталып калды. «Юань ши» эмгегинде керулен, каракорум кыргыздары эскерилген.

Арийне,Түндүк-батыш Монголиядан тышкаркы кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыз чакан мамлекетин XIII к. башына чейин сактап турган.

Рашид ад-Дин (1247—1318) өзүнүн **«Жамы ат-таварих» («Тарыхтар жыйындысы»)** эмгегинде Түштүк Сибирдеги өз алдынча эки аймакка бөлүнгөн кыргыз мамлекетин эскерет. Ал аймактарды **Кыргыз** жана **Кем-Кемжиут** деп берет. «Кем-Кемжиут — бул чоң дарыя, бир жагынан ал Монгол аймагы менен чектешет. Анын чектеринин бири— Селенга дарыясы менен байланыштуу, а бул жерде тайжиут уруулары байыр алган. Бир тарабынан болсо Ибир-Сибирь аймагына чейин жетип, Анкара-Мурэн деп аталган чоң дарыя менен чектешет».

Рашид ад-Дин кыргыздардын ошол доордогу коңшулары катары наймандарды, кори, баргу, тумат, байаут сыяктуу түрк жана монгол уруларын көрсөткөн. Айтмакчы, кори уруусу **«Худуд ал-аалам»**

деген фарсыча эмгекте (982-ж.) «фури» түрүндө, орхон жазмаларында «курыкан» түрүндө эскерилген якут (саха) элинин байыркы ататеги болуп саналат.

Кыргыздардын чакан мамлекеттерин *инал* титулу бар бийлик эгелери башкарып турганын да эскертип, алардын бири ***Хрус инал*** экенин Рашид ад-Дин айрыкча белгилейт.

«Монголын нигуча табчийан» («Монголдордун тымызын тарыхы») (1240-ж.) аттуу эмгекте жазылгандай, коён жылы (1207-ж.) ***Чыңгыз хандын*** улуу уулу ***Жучи*** оң канаттагы аскерлерди алып, «токой элдерин» каратты. Ойрот, бурйат, бархун, урсут, хабжанас, ханхас, тубас урууларын баш ийдирген соң, «Жучи түмөн-кыргыздарга жетти. Ошондо Жучиге кыргыздардын нойондору (төбөлдөрү) Еди инал, Алдиер жана Олебек-дигин келишти». Алар өздөрүнүн баш ийерин маалымдап, ак шумкар, ак боз ат, ак кундузду тартуу кылышкан.

Кыргыздар баш ийгенде башка да саян-алтайлык элдер — шибир, кесдини (кыштым), баит, тухас, тендек, төөлөс, тас, бачжиги урууларын да монголдорго караган. «Монголдордун тымызын тарыхы» ошол жортуулда Жучи өзү менен кыргыздын түмөн башыларын жана миң башыларын Чыңгыз ханга алып келгенин эскертет. Ошондо алар өздөрүнүн Чыңгыз ханга баш ийерин дагы бир ирет ырасташкан.

Ошол доордо түрк жана монгол урууларынын саясий багыты тез өзгөрүп тургандыктан, кыргыздардын монгол тарапта экендигин дагы бир жолу тастыкташ үчүн Чыңгыз хан өзүнүн Алтан жана Бура деген эки элчисин аларга жөнөткөн. Кыргыздын иналдары бул эки элчи кайра кайтканда өздөрүнүн Илик-Тимур (Элик-Тимур) жана Аткарак деген элчилерин кошуп берип, Чыңгыз хан тарабында экендигин ырасташкан.

Түштүк Сибирдеги элдерге жалпы көзөмөлдүк Жучиге тагылган, ал жергиликтүү элдердин төбөлдөрүнө таянган.

Тумат-кыргыз көтөрүлүшү. Кем-Кемжиуттагы кыргыздардын коңшусу болгон туматтар (байыркы *туба* аттуу түрк уруусунун урпактары, азыркы тыва түрктөрүнүн бабаларынын бири) 1217-ж. алгачкы ирет көтөрүлүшкө чыгышты. Булактар аларды «өзгөчө согушчан уруу» катары сыпаттайт. Тумат аскерлери ал түгүл өздөрүнө каршы Чыңгыз хан жиберген колбашчы Борагул нойонду да жеңип, өлтүрүп коюшкан. Бирок бул көтөрүлүш басылып, бир топ тумат уруктары кырылган.

Чыгыш Тывада (Баргужин-Токум деген жерде) байыр алган туматтардын бир бөлүгү барс жылы (1218-ж.) кайра баш көтөргөндө, Рашид ад-Дин жазгандай, аларга жакын турган кыргыздарга бул козголоңду басуу сунушу менен монголдор кайрылган. Арийне, аскер бермек тургай кыргыздардын өздөрү да көтөрүлүшкө кошулуп кеткен.

Саян-Алтайдагы түрктөрдүн бул ири көтөрүлүшүн басуу үчүн Чыңгыз хан бардык токой урууларын бийлеген уулу Жучинин

колбашчылыгында бир кошуунду жөнөткөн. Оболу Буха нойон баштаган алдынкы кошуун Эне-Сайдын Тывадагы башатына чейин кыргыздарды жиреп барып кайткан. Андан соң Жучи өзү кышка маал тоно баштаган Селенга дарыясына келди. ***Хамдуллах Казвини*** (XIII к.) Селенга дарыясында кыргыздардын бир бөлүгү жашаарын эскергени маалым.

Жучинин аскерлери Селенганы ээлеп, андан соң Эне-Сай (Кем) дарыясынын өрөөнүнө жеткен. «Шэн-у цинь-чжэн лу» аттуу кытайлык булакта: «Ал (Жучи) Кем дарыясы аркылуу өттү жана аны бойлоп жүрүп отурду. Кыргыз ханьханас (хапканас), телейану (теленгут), кэшидими (кыштым), хоин (хор)... деген урууларды ал каратып алды» деп жазылат. Рашид ад-Дин да кыргыздар менен кошо кайрадан каратылган урууларды ичинде теленгут, кыштым, урасут урууларын жана кыргыздардын «арка тарабындагы бир айлык жол узактыгындагы» башка урууларды эскерет. Курыкан өлкөсү да монгол жортуулуна чейин кыргыздарга вассалдык (кыштымдык) абалда болгон.

Тумат-кыргыз көтөрүлүшүн кандуу жортуул менен баскан соң монгол өкүмдары Чыңгыз хан меркиттер менен наймандардын калган-каткан аскерлеринин артынан түшүү үчүн Теңир-Тоого жана Казакстанга кол жиберүүгө камынган.

НАЙМАН ХАНЗААДАСЫ КҮЧЛҮКТҮН ТЕҢИР-ТООГО КАРАЙ БАСКЫНЧЫЛЫГЫ (1208-ж.). АНЫН ДИНИЙ САЯСАТЫ

1199 — 1208-жж. бир нече ирет монголдор менен согушуп, жеңилүүгө учураган наймандардын бир бөлүгү монголдорго багынган, башка бир бөлүгү Жети-Сууга чейин канзаада ***Күчлүктүн*** жетеги астында ооп келген.

«Найман» сөзү «сегиз» деп которулат, ошондуктан ысымы түркчө болгон Күчлүк айрым булакта ***(Жамал Каршы,*** XIII к.— XIV к. башы) «ас-Сегизи» ныспасы* менен көрсөтүлөт. Найман уруу бирикмеси түрк жана монгол урууларына аралаш болгон.

Күчлүк хан оболу Теңир-Тоону (анын ичинде Кыргызстанды) бийлеген кара кытай гурханына баш ийип, ымала түзгөн. Андан соң акырындап кубаттанып, 1210-ж. тартып демилгени колго алган. 1211-ж. тартып Кара кытайлар мамлекетин толук бийлеп калган. Анын бийлиги учурунда батышында Хорезмшах Мухаммед, түштүкчыгышында чыгыш түркстандык Караханийлердин бектери, түндүкчыгышында монголдор менен дурус мамиледе болгон. Алмалык шаарынын (Жети-Суунун) карлуктары менен жер талашкан уруштар болуп турган.

Күчлүк хан Чыгыш Түркстандагы мусулмандарга диний жактан

---

* *Ныспа* — адамга жерине, кесибине ж.б. карап берилүүчү араб-мусулман маданиятына таандык энчилүү ат.

кысым көрсөтүп, зомбулук кылган. Ошондуктан 1218-ж. Жебе нойон баштаган монгол кошууну Алмалык, Баласагун, Кашкар шаарларын ээлеп алганда теңир-тоолук мусулмандар Күчлүккө каршы чыгып, Кашкардагы найман аскерлерин кырып, Жебе нойон тарабын тутушкан. Күчлүк хан Памир тарапка баш калкалай чегинген. Бадахшан аймагында тутулуп, өлтүрүлгөн. Ошол жыл (1218) найман мамлекетинин кулашынын жылы болуп калды. *Кыргызстан аймагы жана жалпы эле кыргыздар бийлеген жерлер 1218-ж. толук Чыңгыз хандын дөөлөтүнө баш ийип калган.*

ЧЫҢГЫЗ ХАН ЖАНА АНЫН УРПАКТАРЫ БИЙЛЕГЕН ДООРДОГУ КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстанда монголдордун бийлиги 1224-ж. тартып жаңы деңгээлге өттү. Бул жылы Кыргызстан аймагы Чыңгыз хандын экинчи уулу ***Чагатайга*** *(1242-ж. өлгөн) тиешелүү деп табылган.* Диний саясаты жагынан алганда монголдор эч кимге кысым жасаган эмес, Теңир-Тоо калкы ислам, несториан («тарса» деп христиандарды аташкан), бутпарас, бакшылык ж.б. диндерди эркин тутууну улантышкан. Арийне, монголдордун андан аркы Чыгыш Европага, Ортоңку Чыгышка, Кытайга карата жортуулдары өздөрү ээлеген аймактарга карата оор алык-салык түйшүгүн туудурган, аскердик жортуулдарга адам күчү алынган, жалаң көчмөн турмушта жашаган Борбордук Азиянын түрк-монгол уруулары Теңир-Тоого арбын көчүрүлгөн. Дал ушундай кырдаалда Кыргызстандын мурдагы өнүккөн отурукташкан маданияттуу өрөөндөрү өздөрүнүн туруктуу өнүгүү мүмкүнчүлүгүнөн бир кыйла убакытка ажыраган. Шаар-кыштактын көбү эзн калган, кыйратылган. Монгол хандарынын такты талашуулары 1249 — 1251-жж. курч жүрүп, акыры Чыңгыз хандын кичүү уулу ***Тулуйдун уулу Мунке*** *бүткүл Монгол дөөлөтүнүн улуу наамынын тактысын Угедейдин урпактарынан тартып алган (1251—1259-жж.).* Ушул жылдары Мунке каан чыгыш түрктөрүнөн куралган он түмөн колду (он миң аскерди) Борбордук Азиядан Теңир-Тоого жөнөткөнү маалым.

Француз королдугунун элчиси **Гильом Рубрук** 1253-ж. Жети-Суудагы шаарлардын бүлүнүп, жайыттарга айланып жатканына күбө болгон.

1260-ж. бүткүл монголдук тактыны Мунке каандын бир туугандары Арык-Бука жана Хубилай бири-биринен талашкан. Ушундай жагдайдан пайдаланып Арык-Бука тарабынан Теңир-Тоого салык чогултууга жиберилген Алгу (Чагатайдын небереси) Мункенин бийлигин тааныбай тургандыгын билдирген. Натыйжада 60-жж. жалаң монгол төбөлдөрүнүн Теңир-Тоодогу өз ара күрөшү менен коштолуп, калайыктын акыбалы ого бетер начардаган.

ТҮРК-МОНГОЛ БАСЫП АЛУУЛАРЫ ДООРУНДА КЫРГЫЗДАРДЫН КЕҢИРИ ТАРКАЛЫШЫ

Монгол төбөлдөрү өздөрүнүн баскынчылык жортуулдары маалында уйгур, карлук, онгут, кыргыз, кыпчак, керейит ж.б. түрк элдеринин төбөлдөрүн ар кыл кызматтарга пайдаланышкан. Аларды өзүнө тартуу үчүн монгол хандары ар кыл ири чиндерди (иш кагаздарды алып баруучу, элчи, соода миссиясын жүргүзүүчү, колбашчы ж.б.) ыйгарышкан. *Угедей каан* (1229—1241) өзүнө кыргыз жана меркит айымдарынан аялдыкка алганы **«Юань ши» («Юань сулалеси тарыхы»)** эмгегинде баяндалат. Рашид ад-Дин Угедейдин төртүнчү — кыргыз байбичесинин ысымы Жачин экенин эскертет.

Журчжендерге каршы монголдордун Түндүк Кытайдагы согушунда кыргыз аскерлери Исмаил деген мусулман колбашчынын жетекчилиги астында Хуай жергесинде согушуп, чжурчжен чабуулунун мизин кайтарганын баяндайт.

Мунке каандын (1251—1259) тушунда кыргыздар жашаган Саян-Алтай, Монголдук Алтай, Чыгыш Теңир-Тоо аймактары анын бир тууганы Арык-Буканын башкаруусу алдында болгон. Мунке каан өлгөндө убактылуу тактыны ээлеген Арык-Бука 1260-ж. күзүндө жеңилип, анын аскерлери кыргыздардын аймагына качып келген. 1262-ж. Арык-Бука өз аймагындагы элдерден, анын ичинде кыргыздардан түзүлгөн кошуунга таянып, Теңир-Тоодогу Чагатай улусунун башкаруучусу Алгуга каршы жортуул жасаган.

1264-ж. Арык-Бука Кытайда монголдук **Юань сулалесин** негиздеген ***Хубилай каанга*** (1260 — 1294-жж.) баш ийерин билдирген. Ушул доордон тартып чыгыштагы (Түштүк Сибирь, Монголдук Алтай) кыргыздар Юань сулалесине (1260 — 1368-жж.) карап калышкан, ал эми батыштагы (теңир-тоолук) кыргыздар **Хайду мамлекетине** караган (1269-ж. тартып).

Монгол-түрк журт которуулары доорунда кыргыздардын бир катар бөлүктөрү жалпы агым менен Урал тоолорунун этегине, Крымга чейин жеткен. Проф. Р. Г. Кузеевдин маалыматына караганда, башкырларга жуурулушкан кыргыздар бул аймактарга XIII к. келишкен. Теңир-Тоодон батышка журт которгон кыргыздардын айрым бөлүктөрү астрахандык, крымдык ногойлордун, каракалпактардын, казактардын, өзбектердин арасына XII — XV кк. жуурулушкан.

«Юань-ши» эмгегинде жазылгандай, 1273-ж. Эне-Сайдагы бектер көтөрүлүш чыгарып, аз жерден монголдук сулаленин Лү Хаоли деген губернаторун өлтүрүп коё жаздашкан. Бул козголоң кыргыздардын кем-кемжиут жеринде болуп өткөн. Лү Хаоли болгону мин аскери менен качып кутулган.

1292-ж. Хубилай каан теги кыпчак болгон Тутуха аттуу колбашчысын эне-сайлык кыргыздарды кайрадан каратып алуу үчүн жөнөткөн. 1293-ж. жазында Тутуха Кем (Эне-Сай) дарыясына кел-

ген. Муз аркылуу илгерилеп, кыргыздарды басып алган. Ал эми Теңир-Тоону бийлеген Хайду каан эне-сайлык кыргыздарга жардам берүү үчүн өз аскерин жөнөткөн. Ал эми Тутуха таянган аскерлердин ичинде каракорумдук (монголиялык) кыргыздар болгон. Тутуха өзүнө каршы чыккан теңир-тоолук кошуунду талкалап, анын колбашчысы Болоча дегенди туткундап алган. «Юань-ши» калтырган бул маалымат эне-сайлык кыргыздар менен Теңир-Тоодогу Хайду каандын өз ара ынтымагы Хубилай кааңга каршы багытталганын айгинелейт.

Ошол эле 1293-ж. кыргыздардын бир бөлүгүн Маньчжурияга — Сунгари менен Амур дарыяларынын кошулган жериндеги Чжаочжоу деген жаңы негизделген шаарга Хубилай каандын буйругу менен көчүрүп келишкен. Юань сулалесин Темур каан (1295 — 1307) бийлеген доордо Цзиньшань (Монголдук Алтай) тоолорунда жашаган кыргыздардын бир бөлүгү Шаньдун вилайетине көчүрүлүп, аларга дыйканчылык үчүн жер, өгүз, үрөн бөлүштүрүлүп берилген (1295-ж.).

Маньчжурияда жашап калган кыргыздардын көпчүлүгү монголдошуп же кытайлашып кеткен. Алардын айрымы маньчжуриялык Хейлунцзян вилайетиндеги бүгүнкү фу-йү кыргыздарынын ата-тегинин бири катары болжолдонууда.


Монгол доорунда Борбордук Азиянын ар кыл аймактарына таркаган кыргыздардын бөлүктөрү сары уйгурларга, лопчуктарга жуурулушуп, айрымдары монголдор менен ойротторго кошулган.

XIII к. түрк-монгол журт которуулары маалында Эне-Сайда, монголдук Алтайда ж.б. аларга чектеш аймактарда байырлап келген кыргыздардын бир катар жаңы уруулары Теңир-Тоо аймагына жылган. Бул жердеги башка жергиликтүү түрк элдери жана келгин монгол жана чыгыш түрк уруулары кыргыздарга жуурулушуусу үчүн тарыхый шарт түзүлгөн.

XIII к. тартып Саян-Алтай аймагында калган кыргыздарды ***Сибирь кыргыздары*** *деп, ал эми Чыгыш Түркстандагы жана Кыргызстандагы кыргыздарды* ***теңир-тоолук кыргыздар*** *деп белгилейбиз. Алардын этностук кийинки тарыхы бири-биринен кескин айырмалуу болду.*

Суроолор:

1. Кыргыздар качан монголдорго баш ийген жана качан алгачкы жолу көтөрүлүшкө чыгышкан?
2. Күчүктүн диний саясаты теңир-тоолук калкка эмнеси менен жаккан эмес?
3. Кыргызстан кайсы улуска караган?
4. Кыргыздар 1293-ж. кимге каршы көтөрүлүшкө чыккан? Анын натыйжасы кандай болду?
5. Кыргыз уруулары XIII к. кайсы аймактарга чейин журт которушкан? Сибирдик кыргыздар кайсы аймакты жердеген?
6. Маньчжурияга кыргыздар качан көчүрүлдү?
7. Теңир-Тоодо кыргыздар качантан бери басымдуулук кыла баштады?



Оштогу Сулайман тоосундагы Бабурдун үжүросү.
Реставрациядан кийин.

III бөлүм

Кыргызстан жана кыргыздар XIV – XVIII кк.



Кулаалы таптап куш кылдым,
Курама топтоп журт кылдым.

«Манас» эпосунан.

§ 6. Кыргызстан Хайду, Моголстан мамлекеттеринин доорунда (XIII к. аягы — XV к.)

ХАЙДУ МАМЛЕКЕТИНИН ДООРУНДАГЫ ТЕҢИР-ТОО

Бүткүл монголдук тактыга мураскор болууга укугу бар Угедейдин небереси болгон Хайду өз кезегинде Угедейдин кенже бир тууганы Тулуйдун уулу Мункенин тактыны тартып алганына каршы күрөшкөн. 1251-ж. Угедейден мурасталган улустун жоюлуп калышы анын урпактарынын күрөшүн жаңы деңгээлге чыгарган.

Хайду XIII к. 60-жж. Орто Азиядагы Чыңгыз хандын урпактарын Тулуйдун башка уулу Хубилайга каршы бириктирүүгө жетишти. 1269-ж. Талас өрөөнүндө Хайду курултай өткөрүп, ага мурдагы Угедей улусу менен Чагатай улусунун төбөлдөрүн чакырып, өзүн хан көтөрткөн да, 1269 —1301-жж. бийлеп турган.

Тарыхта **Хайду мамлекети** деген бул мамлекет батышында Аму-Дарыяны, чыгышында — Теңир-Тоо, Жунгария, Алтай, Чыгыш Түркстанды өзүнө камтып, бир катар Чагатай улусунун төбөлдөрү ага баш ийип турушкан. Хайду хан эне-сайлык кыргыздарды да Хубилайга каршы тутуу үчүн өзүнө тарткан. Ал түгүл 1293-ж. Хубилайдын кошуунуна каршы күрөшүп жаткан кыргыздарга жардам иретинде аскер да жибердирген. Айрым кыргыздар жана Хубилайга каршы чыккан башка уруулар Хайду мамлекетинде баш калкалай алышкан. Тескерисинче, Хайду менен макул болбогон барлас, конграт сыяктуу айрым уруулар батышка жер которушкан.

Хайду хан Чүй өрөөнүн өзүнө корук кылып алган. Теңир-тоолук тарыхчы ***Жамал Каршы*** Хайдуну адилет, жумшак мүнөз, өлкөнүн кызыкчылыгын дурус түшүнгөн, мусулмандарга ниети ак адам катары сыпаттайт. Ал экономикалык оор кырдаалды жеңүү үчүн 1269-ж. курултайда салык саясатын жөнгө келтирген, расмий салыктан башка кандайдыр бир алык-салыктын жыйылышына тыюу салган. Дыйканчылык өрөөндөрүндө эгин талааларын мал каптап кетишине жол берилбөөсү тууралуу көчмөн төбөлдөргө милдеттенме бердирген. Анын акча реформасы соодагер Масуд-бек Махмуд Йалавач уулунун көзөмөлү астында ийгиликтүү жүргүзүлгөн.

Жалпысынан өлкөнүн ички биримдигине жетишип, сепараттык күчтөрдү басып, экономиканы чыңдай алган Хайду хан ири басып алуучулук жортуулдарды жүргүзүүдөн баш тарткан. Арийне, чыгыш аймактарын бекемдөө иретинде 1276-, 1286-жж. Монголияга чейин жүрүш жасаган. 1283 — 1284-жж. Турпандагы Уйгур ыдык-

кут өлкөсү Хубилай тарапты колдогону үчүн биротоло Хайду хандын аскерлери тарабынан талкаланып, Чыгыш Түркстандын бул аймагы да мусулман чөлкөмүнө кошулган.

Хайду хандын өлүмүнөн соң ал түзгөн мамлекет ички бийлик талашуу күрөшүнүн аренасына айланган (XIV к. биринчи жарымы). Чагатайдын урпагы болгон Кебек хандын (1318 —1326) тушунда борбор Теңир-Тоодон Мавераннахрга — **Каршы** ордо шаарына (Несеф шаарынын жанында) көчүрүлүп, акча реформасы (1321-ж.) жүргүзүлгөн. Чагатай урпагы Казан ханды кулаткан Балхтын (Түндүк Афганстан) эмири Казаган (1346 — 1347-жж. тартып бийлеген) саясий башкаруу тажрыйбасына Чыңгыз хандын тукумдарынын бирин формалдуу түрдө жарыялап, анын атынан бийлөөнү киргизген. Мавераннахрдагы бул өзгөрүүнү 1348-ж. Теңир-Тоодо да пайдаланышып, Тоглук-Тимур дегенди хан жарыялап, анын атынан иш жүзүндө монголдук, түрктөшүп кеткен дуулат уруусунун эмири (беги) ***Пулад-чы*** бийлеп калган.

ТЕҢИР-ТООДОГУ МОГОЛСТАН МАМЛЕКЕТИ

Он сегиз жашар Тоглук-Тимур Чыңгыз хандын чыныгы урпагы экендиги анык эмес. Арийне, анын кол астында улусбеги болуп калган Пуладчы өз алдынча **Моголстан мамлекетинин** пайда болушуна башат ачып берди. Бул мамлекеттин аталышындагы «могол» сөзү теңир-тоолук калкты түрктөшүп кеткен мурдагы монгол төбөлдөрүнүн урпактарынын бийлеп турганын айгинелейт.

Аренага өз алдынча жаңыдан чыккан дуулат уруусунун мурда даңазалуу же кадыр-барктуу эч бир беги болбогонун тарыхчы Рашид ад-Дин жазат. XIV к. ортосунан тартып эле ири саясий-географиялык түшүнүк катары белгилүү Моголстан деген өлкө аталышы (ага Ыртыш, Бар-Көл, Турпан, Кашкар, Фергана, Ташкент, Балхаш көлү кирген Орто Азиянын чыгышы жана Чыгыш Түркстандын түндүк аймактары, Түштүк Алтай камтылган) чынында шарттуу түрдө гана колдонулган. Моголстан бири-бирине баш ийгиси келбеген коншу улустардан турган. Улус башчылары ханга формалдуу гана вассал болушкан.

Моголстандын акимдик башкаруусу «Мангалай-Субе» («Башкы аймак») деп аталган аймакта жүргүзүлгөн, анын баш калаасы Ак-Суу шаары эле (Чыгыш Түркстан), Мангалай-Субеге Фергана өрөөнү, Ташкент аймагы, Ош, Ат-Башы, Нарын аймактары, Ак-Суу, Кашкар, Жаркент, Хотан шаарлары караган. Бул аймакты дуулат беги Пуладчы өзү бийлеген.

Ал эми Мангалай-Субеден түндүктөгү Сыр-Дарыядан Илиге чейинки ири аймакты, бир тууганы Камар ад-Дин бийлеп турган. Иш жүзүндө бул улусту Камар ад-Дин жеке өзү бийлеген.

Низам ад-Дин Шами, Шараф ад-Дин Али Йезди сыяктуу тарых-

чылар Теңир-Тоонун чыгыш аймактары жана Или менен Ыртыш дарыяларынын аралыгындагы аймак үчүнчү бир улуска — Булгачы улусуна таандык болгонун сыпатташат. Бул улустагы негизги саясий тизгин кыргыз төбөлдөрүнө таандык болгон. Мындан тышкары да Или дарыясынын түндүгүндө, Тарбагатай-Эмил аймагында чакан өз алдынча улустар болгондугу маалым.

1358-ж. балхтык эмир Казаган өлтүрүлүп, дуулат эмирлери Мавераннахрдын оодук бөлүгүнө өздөрүнүн марионеттик ханы ***Тоглук-Тимурдун*** бийлигин орнотушкан. Барлас уруусунан чыккан ***эмир Темир*** да 1360-ж. Тоглук Тимурдун бийлигин тааныган.

Тоглук-Тимурдун хандыгын сөз жүзүндө гана тааныгысы келген бектер тез-тез ага каршы көтөрүлүш чыгарып турган. Ал өлгөн соң 1362—1363-жж. мураскору болгон уулу Илйас-Кожо Мавераннахрды убактылуу колунан чыгарган. 1365-ж. Чырчыктын жанында айтылуу *Баткак салгылашуусу* болуп, Казагандын небереси Хусейиндин жана ага кайрадан ыктаган эмир Темирдин аскерлери Моголстан аскерлеринен жеңилген. Бирок Илйас-Кожо Самаркандды ала албай кайра тарткан. 1365 —1366-жж. Илйас-Кожону Теңир-Тоодогу ага каршы топ өлтүрүп, бул топтун башында турган Камар ад-Дин бийликти өзүнө алууга аракет кылган. Моголстанда кайрадан ич ара такты талашуу күрөшү алоолонгон.

ТЕҢИР-ТОО КАЛКЫНЫН ЭМИР ТЕМИРГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮ

Суйургатмышта хан жарыяланып, иш жүзүндө Мавераннахрда өз бийлигин орноткон эмир Темир (1370 —1405-жж. бийлеген) Теңир-Тоодогу жана Чыгыш Түркстандагы могол-кыргыз мамлекеттерин каратып алуу үчүн узакка созулган урушту баштаган. 1371-ж. ал Камар ад-Диндин аскерлеринин изине түшүп, Ысык-Көлгө чейин жеткен. 1375-ж. ал Сайрам, Талас аркылуу жаңы жүрүш жасап, «жете» («каракчы», «эркин көчмөн») деп кемсинтиле аталган Моголстандын түндүгүндөгү көчмөн калктын айылдарын бүлүнтүп, Чыгыш Теңир-Тоого чейин жетип кайткан. 1376-ж. кыпчак Сары Бука жана жалайыр Адил Шах баш болгон кошуун эмир Темирге каршы козголоң чыгарганда, козголоңчуларга моголстандык аскерлер кошулган. Арийне, алар бул жолу да жеңилүүгө дуушарланган.

1377—1379-жж. Темирдин Теңир-Тоого сапарлары мурдагыдай эле натыйжаларды берген — көчмөн калк Или, Тарбагатайга чейин журт которуп өздөрүнүн негизги кошуунун жана элин сактап калып турган.

1388-ж. эмир Темирдин Иранда жүргөнүнөн пайдаланып, теңир-тоолук улустардын төбөлдөрү ага каршы ордонун бийлөөчүсү Токтомуш менен саясий ынтымак түзүп, Мавераннахрга биргелешип кол салышкан. Алардын ийгиликсиз жүрүшүнөн соң, 1389-ж. эмир Темир «жете өлкөсүнө» ири чапкын баштаган. Беш кошуунга бөлүнүп

илгерилеген Темирдин аскерлерине каршы Энге-Төрөнүн (Баймурат чериктин) улусу жана чыгыш теңир-тоолук кыргыздардын Булгачы улусу катуу туруштук беришкен. Алтайга (анын ичинде Монгол Алтайына) чейин чегинүүгө мажбур болгон теңир-тоолук кыргыздардын айрым бөлүгү эмир Темирдин аскери тарабынан Самаркандга чейин туткундалып кеткендиги тууралуу уламыш «Мажму ат-таварих» деген Ахсыкендинин эмгегинде уламыш (легенда) катары чагылдырылган. Тарыхчы Махмуд ибн Вали кыргыздардын эмир Темирге каршы Шейбанийлер менен бир ынтымакта болгонун да учкай эскертет.

«Манас» дастанына кийинчерээк киргизилген сюжеттердин бири — кыргыздардын аргасыздан Алтайга көчүшү жана кийин кайрадан Таласка, азыркы Кыргызстандагы өз Ата Журтуна кайтып келиши калмактар менен күрөш доорун эмес, эмир Темир менен күрөш доорун чагылдырат. ***Мырза Мухаммед Хайдар*** аттуу тарыхчы (1499 — 1551) өзүнүн фарсыча **«Тарых-и Рашиди»** эмгегинде айыгышкан күрөш жүргүзгөн кыргыздарды *«Моголстандын токой арстандары»* катары баалаган. Ал эми ***Самарканди*** (XV к.) болсо бул согуш маалында эмирзаада ***Искендер*** Алмалык, Хотан, Беш-Балык шаарларынын жана теңир-тоолук кыргыздардын сулуу кыздарынан бир нече тогуздап эмир Темирге жөнөткөнү тууралуу кабардайт (1399 —1400-жж.).

Негизги аскер күчү менен бирдикте Ыртышка, Алтайга чейин сүрүлгөн теңир-тоолук улустардын төбөлдөрүнүн бири Камар ад-Дин XIV к. 90-жж. ичинде качып-бозуп жүрүп чет жерде өлгөн.

КЫРГЫЗДАРДЫН УРУУ БИРИКМЕЛЕРИ

XIII — XV кк. теңир-тоолук кыргыздар өздөрү менен коңшулаш, жамаатташ жашаган башка жергиликтүү түрк улууларын, анын ичинде түрктөшүп кеткен согдулуктарды, сириялык, аравиялык-ирандык бирин-серин келгиндердин урпактарын, түрктөшө баштаган монголдорду сиңирип алган. *Азыркы ала-тоолук кыргыз элинин өзөгү байыртадан бери тарыхта маалым кыргыздар болгон.* Тарыхы Борбордук жана Орто Азия менен байланыштуу болгон дээрлик бардык түрк калктарынын компоненттери бүгүнкү кыргыз улутуна жуурулганы «Манас» дастанында, кыргыз санжыраларында камтылган уруу аттарынан айгинеленет (маселен, кыпчак, дөөлөс, жедигер, ногой, катаган, сарт, отуз уул, жабагы, черик, мундуз, өзбек, каңды, азык, бичине, төрдөш, бугу, чала казак, түркмөн, кытай, моңолдор ж.б.).Кыргыз уламыштарында Кара-хан, Огуз-хан, Түрк Ата кыргыз элинин башаттык бабаларынын бири катары сыпатталышат. Ал эми ар кыл тарыхый дооорлорго таандык болгон тарыхый мекени катары чыгышында Эне-Сай, Селенга, Орхон, жалпы Алтай, чордонунда Теңир-Тоо тоо кыркалары системасы (Ала-

Тоо — анын Кыргызстан аймагындагы бөлүгү, Улуу-Тоо — Кашкардагы кыргыздар аймагы), батышында Памир, Бадахшан, Кожент, Ферганандын айрым өрөөндөрү, Жызак тоолору көрсөтүлөт.

Дал ушул кенири аймакта кыргыздар башка түрк калктары менен чогуу кайнап, өсүп-өнүгүп келген. Байыркы хуннулардан башка бир тууган элдердей эле кыргыздар да мурастаган саясий башкаруу системасы кыргыз уруу бирикмелерин түзүүдө кенири пайдаланылган.

Маселен, кыргыздардын оң канат, сол канат болуп жиктелиши хуннулардын дуалдык-жуптук башкаруусун эске салат. Ахсыкендинин «Мажму ат-таварих» эмгегинде (XVI к.) кыргыздар кара кытайларга каршы согуш учурунда (XII к.) эки канатка бөлүнгөн имиш. Башка санжыралар бул бөлүнүштү андан да байыркы дооролор менен байланыштырат. Жуптук башкарууну жүзөгө ашырган борбордук бийлик да болгон.

Ушул үч бөлүк кийинки уруу бирикмелеринде формалдуу түрдө сакталып калды. Салттык санжырада оң канат кыргыздарга (уламыштык Ак уулдан таркагандарга) тагай, адыгине, мунгуш уруу бирикмелери, сол канат кыргыздарга (уламыштык Куу уулдан таркагандарга) саруу, кушчу, мундуз, басыз, кытай, жетиген, төбөй, чоң багыш ж.б. уруулар, ал эми ичкиликтерге болсо кыпчак, найман, тейит, кесек, бостон, нойгут, төөлөс, ават сыяктуу уруулар кирген. Өз кезегинде ар кыл чоң уруулар майда урууларга жиктелген. Маселен, тагай бирикмеси сарыбагыш, бугу, солто, тынымсейит, саяк, черик, баарын, жедигер, азык, багыш, моңолдор урууларынан, адыгине уруу бирикмеси болсо жору, бөрү, баргы, кара багыш, сарттар урууларынан, мунгуш бирикмеси болсо жагалмай, кош тамга урууларынан турган. Ар кыргыз өзүнүн жети атасын билүүсү шарт болгон, санжырачылар кадыр-барктуу инсан катары сый-урматка арзышкан.

*Уруулардын жана ар кыл элдердин өз ара этностук карымкатышынын бир күзгүсү — **санжыра**. Арийне, анын маалыматтары сын көз менен мамилени талап кылат, анткени бир учурда бир нече уруу бирикмесине чачыраган уруу компоненттеринин көптүгү, орто кылымдарда кыргыздардын Орто жана Борбордук Азиядагы ар кыл мамлекеттердин курамында калышы, саясий ориентациясы боюнча өз ара жиктелиши ж.б. жагдайлар эске алынууга тийиш.*

КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ САЯСИЙ БИРИКМЕСИ. АХМЕТ ХАН ЖАНА СУЛТАН ХАЛИЛ СУЛТАН

Тимурдун өзүнүн жана анын урпактарынын Түндүк жана Борбордук Теңир-Тоодогу чапкындарынан соң бул аймактарда саясий бийликтин тизгини кыргыз уруу төбөлдөрүнө өтүп, моголдордун бир даары кыргызга сине баштаган. Моголдордун бир даары кыргызга сиңип (моңолдор аттуу уруу), айрым могол төбөлдөрү Ала-Тоодон Кашкарга сүрүлүп ташталган. ***XV к. 80-жж. Ала-Тоодо кыргыздар***

өз алдынча мамлекетти түзүшкөн. Кыргыз хандыгын 1484 — 1504-жж. Ахмет хан («Алача хан») бийлеген.

Моголдордун формалдуу түрдө *жалпы ханы* болгон ***Йунус хандын*** (1462 — 1487-жж.) экинчи уулу *Ахметтин кыргыздардын төбөлдөрү тарабынан чакырылып, хандыкка көтөрүлүшү анын Чыңгыз хандын урпагы катары бийлигинин мыйзамдуулугун таанытуу үчүн кыргыздарга зарыл болгон.* Ахмет хан өзүнө баш ийбеген арлат, калучи сыяктуу уруулардын төбөлдөрүн уругу менен кырып салган. Анын Кыргызстандагы күч-кубаттанган мамлекетин мурастаган уулу ***Султан Халил Султан*** (1504 — 1508-жж.) тарыхый булактарда «кыргыздардын падышасы» катары эскерилет. ***Азыркы Ала-Тоо аймагы*** **Кыргызстан** ***аттуу саясий аталышын*** **XV к. тартып** ***ала баштаган.*** 1508-ж. кашкардык могол төбөлдөрү Мансур хан Ахмет уулу жана анын аталаш агасы Махмуд хан менен салгылашууда Султан Халил Султан жеңилүүгө учурап, Ферганага баш калкалап барып, ал жердин беги Жаныбек тарабынан өлтүрүлгөн.

Ошондон тартып Кыргызстандагы кыргыз уруулары могол төбөлдөрүнөн хан чакырбастан, ***Мухаммед Кыргыз*** *аттуу өзүнүн бегине баш ийип калышты.*

Суроолор:

1. Хайду мамлекети Теңир-Тоо чөлкөмүндө кандай из калтырган?
2. Моголстан мамлекетинин тушунда Теңир-Тоодо болуп өткөн саясий окуялардын негизгилери кайсылар?
3. Эмне үчүн Теңир-Тоо жалпы эмир Темирге каршы күрөшкөн?
4. Кыргыздардын уруу бирикмелерин айтып бериниз.
5. Кыргыздардын көз карандысыз саясий бирикмеси жөнүндө эмне билесиз?

§ 7. XVI к. — XVIII к. биринчи жарымындагы Теңир-Тоо жана Сибирь кыргыздары

ТЕҢИР-ТООДОГУ КЫРГЫЗ-КАЗАК СОГУШТУК СОЮЗУ (1524 — 1550-жж.)

XVI к. башында Теңир-Тоо аймагындагы кыргыздар өз алдынчалыкка ээ болушуп, кошуна хандыктар менен тең укукта мамилелешип турушкан. Кыргыз урууларынын мамлекеттик бирикмесинин башында Мухаммед Кыргыз туруп, ал бек (эмир) титулуна ээ болгон. Ал башкарган аймак **Кыргыз улусу** деп аталган. Мырза Мухаммед Хайдардын жазганы боюнча Түркстандагы, Ташкенттеги жана Сайрамдагы өзбек акимдеринин Мухаммед Кыргыздын кол салуусуна «туруштук бергидей күчтөрү болгон эмес».

Бирок бул мезгилде кыргыздардын жерине, байлыгына көз арткан тышкы душмандары көбөйгөн. Эң коркунучтуу душманы Чыгыш Түркстанга сүрүлгөн, ал жердеги кеңири аймакты, шаарларды каратып күч ала баштаган моголдор эле. Могол улусунун Чыгыш Түркстандагы ээлигинин кеңейишине, айрыкча 1514-ж. Кашкарды, Жаркентти жана Хотанды ээлеп алууда кыргыздардын башчысы Мухамеддин көрсөткөн жардамы тез эле унутулган. Моголдордун ханы Султан-Саид айланасындагы ач көз феодалдарынын сөзүнөн чыкпай, кыргыз улусун басып алууга даярдык көрө баштаган.

1517-ж. моголдор кыргыз жерине басып киришет. Айыгышкан катуу согуштар жүрөт. Акыры Ысык-Көлдүн Барскоон деген жеринде Мухаммед Кыргыздын жетектеген колу жеңилүүгө дуушарланып, өзү туткунга алынат. Кыргыздарды көз карандылыкта кармоону көздөгөн Султан-Саид Мухаммедди беш жыл бою Кашкарда түрмөдө кармаган. Бирок анын ою оңунан чыкпайт. Айласы кеткенде ал Мухаммедди өзүнө тартмакчы болуп, 1522-ж. аны бошотуп, *кыргыздардын эмири* катары кайра таанып, уулу Рашид баш болгон адамдары менен Кыргызстанга жиберген.

Мухаммед өз элине келээри менен моголдорго каршы күрөшкө тымызын даярдык көрүп, союздаштарды издей баштайт. 1524-ж. ал казактардын Тахир-Султаны менен тымызын сүйлөшкөн. Бирок бул жашыруун сыр Султан-Саидке билинип калат да, Мухаммедди кайрадан туткундап, Кашкарга алып келдирет. Мухаммед Кыргыз 1533-ж. чейин Кашкарда түрмөдө отуруп, набыт болот. *Бирок ага карабастан, кыргыздар* **1523 —1524-жж.** *казактар менен биригип, моголдорго каршы* **кыргыз-казак союзу** *түзүлгөн.* Султан-Саиддин 1524 — 1525-жж. жортуулу, уулу Рашиддин бийлигин чыноого жасаган аракеттери ийгилик алып келген эмес. Могол ханы Кыргыз-

стандан кетери менен казак султаны Тахир жардамга келгенде кыргыздардын көпчүлүгү ага кошулуп, Рашидди Кочкордон Ат-Башыга куып жиберишкен. 1526-ж. күрөштө кыргыздар «Рашидди жана моголдордун баарын тең Кашкарга ооп кетүүгө аргасыз кылган. Саид хандын Кыргызстанга кайрадан үстөмдүгүн орнотууга жасаган аракеттерине кыргыздар сокку уруп турушкан.

Моголдор кыргыздарга баскынчылык жортуулун Рашид хандын (1533 —1559) тушунда да уланта беришкен. 1537-ж. жасаган жортуулдарынын биринде кыргыздар Рашид хандын уулу Абд ал-Латиф-султанды өлтүрүшөт. Өч алуу үчүн Рашид хан кыргыз, казак жерлерине баскынчыл жортуул жасап, натыйжада көптөгөн кан төгүүлөрдү алып келген. Анын жортуулуна каршы кыргыздар казак ханы ***Хакк-Назардын*** башчылыгында согушкан. Ошон үчүн айрым тарыхый булактарда Хакк-Назар казактар менен кыргыздардын башчысы деп айтылат. Бирок могол ханы Рашид хан канча жолу жортуулдарды уюштурбасын, кыргыздардын үстүнөн ээлигин орното алган эмес. Рашид хандын учурунда эле кыргыздар Моголстанга жортуул уюштурушуп, бүлгүн салып турушкан. *Рашид хандын мурасчысы* ***Абд ал-Карим бий*** *(1560 — 1591) кыргыздардын жерине көз артканын токтотуп, ээлигин таанууга аргасыз болгон. Ал эми 1524-ж. түзүлгөн казак-кыргыз союзу XVI к. II жарымында да улана берген.*

СИБИРЬ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЧАКАН УЛУСТАРЫ

XIV к. Монголия аймагында монгол төбөлдөрүнүн ички такты талашуу күрөштөрү жүрдү. 1368-ж. Кытайдагы монголдук Юань сулалеси кулады. Бул жагдайлар XV к. башынан тартып Саян-Алтайдагы калган-каткан кыргыз төбөлдөрүнүн кайрадан баш көтөрүүсүнө, бир катар өз алдынча чакан улустардын бирикмесин — мамлекеттерди түзүүсүнө мүмкүндүк жаратты. Бул улустардын бирикмелерин орус булактары XVI к. акыры — XVIII к. башында «Киргизская землица» — «Кыргыз журту» деп атаган. Мында «улус» — «дубан эл» маанисин берет.

XVII к. башында Миңсуу өрөөнүндө негизги төрт кыргыз мамлекети болгон. Алардын бири Ызыр-Сух өзөнүнүн өрөөнүндө (азыркы Красноярск — Кызыл-Жар шаарынын аймагы) Абакан өзөнүнүн куймасына чейинки жерлерди ээлеген **Ысар мамлекети,** экинчиси — Ак-Үүс, Кара-Үүс, Чулым дарыяларынын, Теңир-Колдүн аймагындагы **Алтысар мамлекети,** үчүнчүсү — Темирчи Ала-Тоо тоо кыркаларынын аймагында (түндүгүндө Ак-Үүс, түштүгүндө — Батыш Саян тоо кыркасы, батышында — Темирчи Ала-Тоосу, Абакан өзөнүнүн башаты, чыгышында — Хуба өзөнүнүн куймасы) жайгашкан **Алтыр мамлекети,** төртүнчүсү — Эне-Сайдын оң өйүзүндөгү Сыда, Туба, Ойа өзөндөрүнүн өрөөнүн ээлеген **Туба мамлекети** эле. *Бул*

чакан мамлекеттерди федерациялык бирикме катары өз ара байланыштырган этнос **сибирдик кыргыздар** *эле.* Аларга бир катар ондогон түрк уруулары жана түрктөшө баштаган кет самодий тектүү уруулар көз каранды болуп, «кыштым» (б.а. вассал) катары алык-салыктарды төлөп турушкан. Кундуз териси менен төлөнүүчү бул салыктар *албан* деп аталган.

Кыргыз журтунун төрт мамлекетчесинин улустарындагы бектеринин бардыгы кыргыз уруусунан чыккан. Кыргыз бектери өз курултайына чогулуп, адатта тышкы маселелерди — түндүк-батыштан басып келген орустарга жана түштүктөн чабуул жасап турган монголдорго карата өз мамилесин талкуулап туруп бирге чечишкен. Курултай жалпы кыргыз журтунун атынан сүйлөөгө, келишим түзүүгө, ант берүүгө айрым бектерге укук берген. Кыргыздын өзгөчө тектүүлөрү негизги улустарды, төмөнкү ак сөөктөрү кыштымдардан турган улустарды башкарган.

Кыргыз бектери мезгил-мезгили менен монголдук алтын хандарга (Түндүк-Батыш Монголияда XVI к. акыры — XVIII к. 60-жж. жашаган чакан өлкө) өздөрү алык-салык төлөп турган. XVII к. башынан тартып алар дагы эки жоосуна — түштүк-батышынан жуңгарларга, түндүк-батышынан орустарга мезгил-мезгили менен алык-салык төлөөгө аргасыз болушкан. XVII к. башынан тартып орустар Ысар мамлекетинин жерлерин түндүгүнөн ээлей баштайт. 1604-ж. *Томск острогу,* 1618-ж. *Кузнецк острогу,* 1628-ж. *Красноярск острогу* деген колониячыл орус бийликтеринин аскердик кыштакчалары курулат, алар колониячыл саясаттын таяныч пункту болгон ири шаарларга айланган. 1630-ж. орус колониячылары Саха (якут) журттарына чейин жетишкен.

КЫРГЫЗДАРДЫН ЧЫГЫШ ТҮРКСТАН БИЙЛИК ЭГЕЛЕРИ МЕНЕН МАМИЛЕСИ (XVI к. акыры — XVII к. башы)

XVI к. аягында Моголдор менен Шейбаниддер династиясындагы Бухара хандыгынын узакка созулган союзу бузулат. Моголстандагы мураскорлордун ортосунда бийлик талашуу күчөйт. Булардын бардыгы кыргыздардын Моголстандагы активдүүлүгүнүн күчөшүнө шарт түзгөн. XVI к.аягы XVII к. башында кыргыздар Чыгыш Түркстандагы могол ээлигине ачык жортуулдарды уюштуруп келишсе, Абд ал-Латиф-султан өлгөндөн кийин башкача жолдорду колдоно башташкан. Эми хан тактысын талашкан мураскорлорду колдоого алышып, ал бийликке келген соң маанилүү бийлик орундарына ээ болууга аракет жасашат. Султан Махмуд хан Жаркентке жортуул уюштурганда аны 7 миң аскери менен кыргыздын кушчу уруусунан чыккан ***Сокур бий*** колдоого алат.

1638-ж. бийликке келген Абдаллах хан бир туугандары Ибрахим султан менен Исмаил султанды Моголстандан куып чыккандан

кийин кыргыздардан жардам алып турган. Өзүнүн баласы Йулбарс хандын көтөрүлүшүн кыргыздардын жардамы менен басат. Көргөзгөн жардамдары үчүн кыргыздарга жогорку кызмат орундарын берген. Бирок кыргыздардын жогорку бийликтерди ээлеши могол эмирлеринин нааразычылыктарын туудуруп, көптөгөн кыргыздарды кыргынга алган учурлар болгон. Абдаллах хан ага карабастан баласы Нур ад-дин өлгөндөн кийин Кашкардын башкаруучусу кылып ***Койсары*** бий аттуу белгилүү кыргызды коёт. Бара-бара негизги бийлик орундар кыргыздардын колуна өткөн. Алсак, Ак-Суунун башкаруучусу болуп ***Олжотай*** бий, Үч-Турпанда ***Алты Куртка*** бай отурган. Кыргыздардын таасири өскөн сайын Абдаллах хан чочулап, акыры Меккеге барууну шылтоолоп, тактысын таштап качып кеткен.

Абдаллах хандан кийин бийлик талашкан уулдары Исмаил хан менен Йулбарс хандын учурунда да кыргыздар активдүүлүгүн көргөзө алышкан. Бул мезгилде Чыгыш Түркстандын саясий оюндарына (XVI к. I жарымында Махмуд-и Аззам тарабынан күчтөнгөн) сопулук агымдын өкүлдөрү да катышып, бийликти колго алууга умтула башташкан. XVII к.башында кожо Махмуд-и Аззамдын кенже уулу ***Ысхак кожо*** негиздеген **Ысхакийа тарыкатынын** өкүлдөрү *«кара такыялуулар»* же *«кара тоолуктар»* менен улуу баласы негиздеген **Ышкийа тарыкатынын** өкүлдөрү *«ак тоолуктардын»* бийлик үчүн күрөшү күчөгөн. 1670-ж. Койсары бий баштаган кыргыздар Йулбарс ханды колдогон ак тоолук кожолорду Каргалык деген жерде талкалап, Исмаил ханды такка отургузушат. Койсары бий кайрадан Кашкардын акими болуп, уулу Күчүк бий шаар сакчылыгынын башчысы ордун ээлеген. Койсары бий жана анын жакын кишилери жергиликтүү эмирлердин кутумунан өлтүрүлгөндөн кийин кыргыздын кыпчак уруусунун зоболосу артып, бийлик орундарын ээлей башташкан.

1695-ж. кыргыздын кыпчак уруусунун башчысы Арзу Мухаммед-бек баш болгон кыргыздар хандык кылып келген династиянын өкүлү ***Мухаммед Мумин-Султанды (Акбаш ханды)*** *номиналдуу хан* деп жарыялашкан. Жаңы Гисарды, Кашкарды каратып алган соң Арзу-Мухаммед кыргыз бүткүл Чыгыш Түркстандын иш жүзүндөгү башкаруучусу болуп калган. Акбаш хан айланасындагы могол эмирлери менен жакындаша баштаганда Арзу-Мухаммед аны өлтүрөт. Ордуна Чагатай династиясынын акыркы өкүлдөрүнүн бири Султан-Ахмад-Султанды тактыга отургузуп, өзү кайрадан бийликти колго алат. Арзу-Мухаммед кыргыздын төөлөс, кесек, чоңбагыш, кыпчак, кушчу, найман урууларынын колдоосуна алынып, 1702-ж. чейин бийликти колдон чыгарган эмес.

КЫРГЫЗДАР ЖАНА ЖУҢГАР ХАНДЫГЫ. СИБИРЬ КЫРГЫЗДАРЫНЫН БЫТЫРАНДЫЛЫГЫ

Теңир-Тоо аймагындагы жана Сибирдеги кыргыздар ойрот уруулары менен Жуңгар хандыгы түзүлгөнгө чейин эле алака түзүп келишкен. Айрым учурларда ортолорунда кандуу кагылышуулар жүргөн. Ойрот уруулары кытай жазма булактарында элеттер (өлөттөр, элюттар), валатэ ж.б. аталыштар менен белгилүү. Мусулман калктары, анын артынан орустар ойротторду *калмактар* деп атап келишкен. Ал эми *жуңгар, чжунгары* деп аталышын айрым окумуштуулар Чыңгыз хан менен байланыштырышат. Анткени Чыңгыз хандын жортуулдарында ойроттордун төрт түмөн (40 миң) колу дайыма сол канатында жүрүп согушушкан. Армиянын сол канаты монгол тилинде *зюнгар* деп аталган. Ушул сөздөн улам ойроттор мекендеген жердин аты да **Жуңгария** деп аталып, кийин хандык түзүлгөндө **Жуңгар хандыгы** аталган.

XVII к. 30-жж. ойроттордун чорос, койт, дербет, хошоут уруулары-нын башын чорос уруусунун башчысы Хара-Хула бириктире баштайт. Анын уулу Хото-Хочин атасынын жолун жолдоп, ойрот уруулары бир хандыкка бириктирген. 1635-ж. ал Далай-Ламадан Эрдене Батур контайшы титулун алып, Жуңгар хандыгын негиздейт. Ойротторго өз бийлигин бекемдеп алып, Батур контайшы казак жана кыргыз элдерине каршы жортуулун баштайт. Анын баскынчыл жортуулдары Сибирдеги кыргыздарга жана теңир-тоолук кыргыздарга карата тез-тез кайталанып турган.

1635-, 1643-, 1652-жж. Батур контайшы кыргыздар менен казактарга үч жолу жортуул уюштурган. Кыргызстандын айрым жерлерин чаап алганына карабай, бийлигин биротоло орното алган эмес.

1653-ж. Батур контайшы өлөт. Жуңгар хандыгындагы бийлик талашууларды пайдаланып, Аштарханийлер 1658-ж. жортуул уюштурат. Талас аркылуу өткөн Аштарханийлердин аскер башчысы Абдышүкүргө кыргыздар да кошулган. Бирок согушта Абдышүкүр өлүп, колу артка кайтууга аргасыз болот.

1678-ж. Батур контайшыдан кийин хандыктын башында турган Галдан-Бошокту Чыгыш Түркстанга, Орто Азияга жортуулун кайра улантат. 1683-ж. Анжияндын айланасындагы кыргыздарга жортуул уюштуруп, ийгиликсиз кайтат. 1684-ж. кайрадан басып кирет. Ошту талап-тоноп, Анжиянды көздөй жөнөйт. Кыргыз, кыпчак, өзбектердин биргелешкен соккусуна туруштук бере албай, чегинүүгө аргасыз болот.Ушул эле жылдын жай айында Сайрам шаарын басып алып, элин кулчулукка айдап кетет. Кийинки 1685-ж. Анжиянга акыркы ийгиликсиз жортуулун уюштурган.

Галдан-Бошокту контайшынын мезгилинде эле анын тууганы Цеван-Рабдандын таасири өсө баштаган. 1697-ж. Галдан-Бошокту өлгөндөн кийин бийликти биротоло колуна алган Цеван-Рабдан (1697 —1727) Кыргызстандын түндүк райондорун басып алган. Чүй,

Нарын, Ысык-Көл, Таластагы кыргыз уруулары Фергана, Алай, Гисар тарапка көчүүгө аргасыз болушкан. Бирок айрым маалыматтар боюнча бул мезгилде Ысык-Көлдүн айланасында 5 миң түтүн кыргыздын көчүп жүргөнү белгилүү.

XVII к. II жарымынан тарта сибирдик кыргыздар орустар менен жуңгарлардын баскынчыл жортуулдарын баштарынан кечиришет. 1641-ж. сибирдик кыргыздар орустардын Яков Тухачевский жетектеген аскердик кошуунуна каршы күрөшүп, жеңилип калышат. 1663-ж. монголдук Ложан деген хандын бир жылдык баскынчылык жортуулунда оор жоготууларга дуушар болушат. 1667-ж. Жуңгар хандыгы кыргыздардын жеринин көпчүлүк бөлүгүн каратып алган. Бул мезгилде сибирдик кыргыздарды алтысардык бек ***Иренек Ишей уулу*** бийлеген. Ал бир нече ирет Жуңгарияда болгон, монгол жазмасында окуп, жаза билген. Ал өмүрүнүн аягына чейин орустарга каршы согушуп келген. 1687-ж. Алтайда Чулушман өзөнүнүн башатындагы акыркы салгылашууда уулу менен кошо курман болот.

Эки оттун ортосунда калган сибирдик кыргыздар **1701-ж.** орус *аскерлеринин эки жолку жүрүшүнөн жеңилип, бир катар жерлеринен ажырашат.* **1703-ж.** *Жуңгар коңтайшысы Цеван-Рабдан үч миң түтүн кыргызды Жуңгарияга айдатып кеткен. Бул Сибирь кыргыздарынын саясий кыйроосуна, бытырашына алып келген. Сибирдик кыргыздар тарыхый аренада андан кийин маанилүү ролду ээлей албай калды.*

ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ КЫРГЫЗДАР ЖАНА КОКОН ЭЭЛИГИ

XVII к. аягы XVIII к. башында кыргыздардын негизги бөлүгү Фергана өрөөнүндө, андагы Аксы, Анжиян, Алай, Гисар, Кожент аймактарында жашап турушкан. Жуңгар хандыгынын баскынчылык жортуулдары, алардын зомбулугунун күчөшү Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Таласта жашашкан кыргыз уруулларынын негизги бөлүгүн Фергана өрөөнүнө жер которууга аргасыз кылган. Бул дагы кыргыздардын Фергана өрөөнүндө сандык өсүшүнө, таасиринин күчөшүнө алып келген. Кыргыздар кошуна жашашкан өзбек, кыпчак, тажиктер менен бирге Жуңгар хандыгынын Фергана өрөөнүнө жасаган баскынчылыгына каршы күрөштө зор эрдиктерди жасашкан. Кошуналары менен чарбалык, саясий байланыштарын күчөткөн. Натыйжада Фергана өрөөнүндө бирдиктүү өз алдынча хандыктын негизделишине алып келген. XVIII к. чейин Бухара хандыгына баш ийип келген өрөөндөгү элдерде алгач өз алдынча ээликтер түзүлөт. Кокон аймагында Минг династиясынын өкүлү Шахрух бийдин (1709 — 1721), Кожент аймагында Акбото бий баш болгон кыргыздардын Наманган, Анжыян аймагында кыргыз, кыпчактардын ээликтери орнош, бири-бири менен тыгыз байланышта бо-

лушкан. XVIII к. башында Шахрух бийдин ээлигине Наманган аймагы кошулат. Коженттин башкаруучусу Акбото бий менен мамилесин жакшыртып, жалгыз кызын күйөөгө берет. Акбото бий Шахрух бийдин кызына үйлөнгөндөн кийин анын улуу баласы Рахимханды да өзүнө чакырып, ага ээлигиндеги ишти ишенип берет. Акбото бийдин жардамы менен Рахим хандын зоболосу көтөрүлүп, элге таанылат. Рахим хандын өз ээлигин ээлеп алууну көздөгөн аракетин билген соң Акбото бий аны өзүнө чакырат. Күнөөсүн сезген Рахим хан адамдары менен Коконду көздөй качат. Артынан жөнөткөн 500 кыргыз ага Чым-Коргон деген жерде жетип, бирок мергенчилердин каршылыктарына кабылышып, артка кайтышат.

Көп өтпөй Акбото бийдин чакыруусу менен Рахим хан Кожентке кайра келет. Экөө элдешип, таарынычтарын кечиришет. Рахим хан баштагыдай Акбото бийдин ээлигинде жашап калат. Бирок бийликти эңсеген Рахим хан Акбото бийди түн ичинде өлтүрүп, Кожентке ээлигин орнотот. Ушул мезгилден тарта Кожент Кокон ээлигинин бир бөлүгүнө айланып, кийин ал жерге иниси Абд ал-Карим бийди коёт. Маргаланды баш ийдирип, ал жерди эң кенже иниси Шады бийге тапшырат. 1721—1734-жж. Рахим хандын тушунда Фергана өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгү Кокон ээлигине баш ийип, аймагы кеңейген. *Бул жылдары Кокон ээлигинин ички жана тышкы турмушуна кыргыздар да активдүү аралашып, хандыктын чындалышына салымдарын кошуп келишкен. Айрыкча Жуңгар хандыгынын баскынчылыгына каршы күрөштөрдө кыргыздар маанилүү орунду ээлешкен.*

«МАНАС» ДАСТАНЫНЫН АЛГАЧКЫ ЭСКЕРИЛИШИ. КЫРГЫЗ ДАСТАНЧЫЛЫГЫ

Кыргыз элинин дастанчылыгы байыркы мезгилдерге барып такалат. Көчмөн турмушта жашаган кыргыздар өз башынан өткөргөн тарыхый окуяларды оозеки түрүндө дастанга айландырышкан. Ал дастанды муундан-муунга мураска калтырышкан. Анын ачык күбөсү катары «Манас» дастаны белгилүү. ***«Манас» эпосу тууралуу эң биринчи тарыхый маалымат «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу тажик тилиндеги эмгекте кездешет.*** Аны Фергана өрөөнүндөгү Хасан шаарына жакын Ширкент кыштагынын тургуну ***Шах Аббастын уулу молдо Сейф ад-Дин Ахсыкенди*** жазган. Бирок ал эмгегин бүтпөй дүйнөдөн кайткандыктан, уулу Нур (же Нооруз) Мухаммед аны толуктап аягына чыгарган. Бул эмгек XVI к. башында жазылып, 1550 — 1555-жж. толукталган.

Сейф ад-Дин Ахсыкенди бул эмгегин өзүнүн диний насаатчысы Мир Жалилдин өтүнүчү менен жазган. Манас баатыр жөнүндөгү окуялар кыргыз дастанчыларынын, санжырачыларынын оозунан алынып жазылган. Манас баатырга тиешелүү окуялар Тенир-Тоо, Жети-Суу жана Орто Азия аймактарында өтөт. Сейф ад-Дин ар кайсы



Манастын күмбөзү. *XIV к.*

доордо жашаган тарыхый инсандарды аралаштырып, кийинки мезгилдеги окуяларга катышканын жазган. Айрыкча Манастын калмактарга каршы согуштары көп кездешет. Алсак, калмактардын колбашчысы Чонгчи Кара-Кыштактагы Жакыпбекке (Манастын атасы) каршы жортуул уюштурат. Анын уулу Жолой узак убакыт Манаска каршы чабуул жасап, акыры анын найзасынан оор жарадар болуп өлөт. Жакыпбек Каркыра деген адамдын уулу, Таластын Кара-Кыштагында төрөлгөн. Ал баласы Манас менен бирге калмактарга каршы күрөшкө активдүү катышат. Акыры Жолойдун колунан өлөт. Андан ары Манастын эрдиктери, эли-жерин коргогондугу тууралуу сөз болот. XVI к. башына таандык бул эмгек «Манас» эпосунун ошол мезгилде эле эл арасында кеңири айтылып келгендигинен кабар берет.

Суроолор:

1. Кыргыз-казак согуштук союзунун тарыхый мааниси эмнеде?
2. Сибирь кыргыздары тууралуу эмнени билесиз?
3. Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда кыргыздардын ролу кандай болгон?
4. Кокон ээлиги кандай тарыхый шарттарда негизделген?
5. «Манас» эпосу эң алгач кайсы мезгилде эскерилет?

§ 8. XVIII к. экинчи жарымындагы Кыргызстан

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖУҢГАР (КАЛМАК) ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КҮРӨШТӨРҮ. ЖУҢГАР ХАНДЫГЫНЫН ОЙРОН БОЛУШУ

Кыргыздардын Жуңгар хандыгынын зомбулугуна каршы күрөштөрү XVIII к. өзгөчө күч алат. XVIII к. башында Жуңгар хандыгындагы саясий абалды пайдаланышып, кыргыздар менен казактар аларга каршы биргелешкен күрөштөрүн башташат. Цин империясы менен согушуп жатышкан жуңгарларга бир нече ийгиликтүү соккуларды урушат. Бирок, 1722 —1723-жж. кыргыздар менен казактар дуушар болушкан оор жутчулук согушту андан ары улантууга тоскоол болот. *Жуңгарлар 1728-ж. Цеван-Рабдандын баласы Шуна-Лаба баштаган 60 миң аскери менен кайрадан казак, кыргыздарга согуштук жортуулдарды уюштуруп, элди кыргынга алышат.* Бул мезгил кыргыздар менен казактардын оозеки тарыхында **«улуу каргаша мезгили»** деп келүүдө.

XVIII к. 30-жж. тарта кыргыздар калмактарга каршы кайрадан күрөштөрүн улантышат. Эң негизги максаты Ыйык журтун душмандардан тазалоо болгон. 1745-жж. Кокон ээлигинин башкаруучусу Абд ал-Карим бий башында турган калмактарга каршы кыргыз, өзбек, казактардын биргелешкен күрөшүндө негизги орунду кыргыздар ээлешет. 1748 — 1749-жж. кыргыздар эки жолу калмак кошуундарына катуу соккуларын урушкан. Бул жеңиштер кыргыздарды Жуңгар хандыгынан биротоло көз карандысыз болушуна алып келген.

Ата Журтун Жуңгар баскынчыларынан бошотуу үчүн күрөштө ***Тынайдын Атаке, Сатыбалды*** *деген уулдарынын, Таластагы* ***Бердике баатырдын,*** *Чүй жергесинен* ***Ныша, Кошой бий, Жамансарт, Жайылдын,*** *Нарындан* ***Качыкенин*** *эрдиктери элге белгилүү болот.* Алар баштаган кыргыз кошуундары Кетмен-Төбө, Нарын, Чүй, Ысык-Көлдө калмактар менен согушуп, аларды кыргыз жергесинен кууп чыгышкан.

XVIII к. 50-жж. баштап кыргыздар Жуңгар хандыгына каршы Кыргызстандын сыртында, Чыгыш Түркстандын аймагында согушушкан. Бул жылдары Жуңгар хандыгынын өзүндө да бийлик талашуу күчөп, Цеван-Дорчжи өлгөндөн кийин анын мураскорлору өз ара согуша башташат. Цин империясы бул учурду айлакердик менен пайдаланып, 1755-ж. 200 миң аскери менен хандыктын аймагын басып алышат. ***1758-ж. Жуңгар хандыгы толугу менен ойрон болот.***

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАҢЫ БЫТЫРАНДЫЛЫК ДООРУ

Жуңгар хандыгы ойрон болгондон кийин Фергана, Алай, Гисарга үрккөн кыргыздар Талас, Чүй, Нарын, Ысык-Көлгө кайтышып, кайрадан өз Ата Журттарына жайланыша башташат. Жуңгар хандыгынын баскынчылык заманында Ысык-Көл, Нарындын тоолуу аймактарында гана айрым кыргыз уруулары баш калкалап калышпаса, дээрлиги өз жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болушкан эле. Түштүк райондордон чогуу кайтышкан кыргыздар уруу-уруу боюнча жайгашышып, ар бир уруунун бийлери, манаптары, баатырлары болгон. Ал уруулар бири-биринен обочолонушуп, айрым учурда жаңжалдашуулар да болуп турган. *Ошентип, кыргыздардын жаңы бытырандылык доору башталган.*

Алсак, кыргыздын кушчу, саруу, кытай уруулары мурунку бабаларыбыздын конушу деп батышы Талас, чыгышы Меркеге чейин орношушуп, эл башчысы кушчу ***Бүргөнүн атасы Жебин баатыр*** болгон. Солто уруусу Меркенин чыгышынан тартып, Ысык-Атага чейин ээлеп, эл башчысы ***Кошой бийдин баласы Жамансарт*** болгон.

Саяк уруусу Фергана өрөөнүнөн кайтып, Кетмен-Төбөдө турганда ич ара жаңжалдашып, саяктын бир бөлүгү Түнкатардан бөлүнүп, Жумгалга, Нарынга келип орношушкан. Эл башында ***Мурат Алдакоргон*** деген киши турган.

Сарыбагыш уруусу Кемин, Ысык-Көлдүн күн батышы, Кочкор жана Нарындын түндүк тарабындагы тоосуна жайгашышкан. Башчысы Тынай менен Маматкул болгон. Бугулар Ысык-Көлдүн күнгөйтескейин, чыгышынан Каркырага чейин ээлешет. Элдин баары текши өз-өз жерине орношкондо баланча жерде ата-бабабыздын бейити бар эле дешип, бейит башына келип сыйынышкан. Ата-бабабыздын жерине келдик дешип, жер-сууга табынышып, түлөө өткөрүшкөн. Өз журттарынан орун-очок алышып, көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы үчүн күрөштөрүн улантышкан.

Бул учурда Кыргызстандын түштүк райондорундагы оң, сол, ичкилик кыргыздары Кокон ээлигинин башкаруучулары менен тең ата бийлик жүргүзүшүп, ээликтин күчтөнүшүнө, аймагынын кеңейишине өз салымдарын кошуп келишкен. Кокон ээлигинин аймагынын кеңейиши, кыргыздардын өзбек, кыпчак, тажиктер менен бир мамлекетте болушу аларды уруулук бытырандылыктан сактаган.

XVIII к. 40-жж. тартып Жуңгар хандыгынын зомбулугунан кутулушкан Аксы, Анжыян, Алай, Лейлек кыргыздары айрым учурда бир адамдын алдында биригишкен учурлары да болгон. Кушчу уруусунан чыккан ***Кубат бий*** **«Тарих-и Рахим-хани»** аттуу эмгекте *кыргыздардын башчысы* катары белгиленет. Ошондуктан ал Оро-Төбөнүн башкаруучусуна каршы жортуулда Кокон ээлигинин башкаруучусу Эрдене бий менен тең даражадагы союздаш болуп жүргөн.

Кат бийден сырткары түштүк кыргыз урууларынын башында турушкан ***Ажы бий, Садык бий*** жана башкалардын ысымдары кеңири белгилүү. Алар бир учурда Кокон башкаруучулары менен саясат жүргүзүшүп, ошол эле мезгилде бир нече урууну башкарып турушкан. Кокон башкаруучуларынын жүргүзгөн саясаты көңүлүнө туура келбесе, алар менен согушууга чейин барган. 1762-, 1764-жж. Ажы бий менен Кокондун башкаруучусу Эрдене бийдин ортосундагы тирешүүлөр аны ачык күбөлөндүрөт. XVIII к. экинчи жарымында Кыргызстандын түштүгүндөгү уруулар Кокон ээлиги менен бир болуп, анын чыңдалышына зор салымдарын кошушкан. Бул учурда соода кербендеринин коопсуздугу үчүн кыргыз тоолорунун арасына Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Таш-Коргон, Дароот-Коргон деген чептер курулат.


Ошентип, XVIII к. экинчи жарымында кыргыздар жаңы бытырандылык доорду баштарынан өткөрө башташат. Кыргызстандын түндүгүндө уруулук бытырандылык күчөп, түштүгүндөгү уруулар коңшу өзбек, кыпчак, тажиктер менен бир ээликке биригишкен. Түндүк, түштүк уруулардын ортосундагы байланыштар солгундаган.

КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ

XVIII к. экинчи жарымында ***кыргыздардын эл аралык мамилелери*** *чыгышында Чыгыш Түркстан, Цинь империясы, батышында Орусия империясы жана кошуна жашашкан калктар менен* ***уч багытта*** *жүргөн.*

1754-ж. кара тоолук кожолордун башчысы ***Юсуф кожо*** **Чыгыш Түркстанды** *Жунгар хандыгынан көз карандысыз деп жарыя кылат.* Жунгарлардын зомбулугунан Чыгыш Түркстанды толук тазалоо үчүн жардам сурап кыргыздарга кайрылат. ***Кубат бий*** баштаган кыргыз кошуундары жардамга келгиче Юсуф кожо өлүп, ордун баласы ***Абдулла кожо*** ээлейт. Анын чабалдыгын көрүшкөн соң, Бурхан ад-Дин башында турган ак тоолуктарды колдоого алышып, Чыгыш Түркстандагы түрк калктарынын ээлигин орнотушат. Бул күрөштө кыргыздардын уруу башчылары Кубат бий, Амир мырза, Аким мырза жана Сопу мырзалар негизги орунду ээлешкен.

Бирок Чыгыш Түркстандагы түрк калктарынын өз алдынча ээлиги узакка созулган эмес. 1758-ж. Цинь империясы Жунгар хандыгын басып алгандан соң, Чыгыш Түркстанга басып киришет. Басып алган жерлерин кытайлыктар **Синьцзян** (кытайлык кыргыздарда **Шынжан**) — **Жаңы чек** деп атай башташкан. Казактар, кыргыздар, кыпчактар, өзбектер Чыгыш Түркстандын элин колдоп чыгышкан. Ал эми Цинь империясы маал-маалы менен күн батышты көздөй баскынчыл жүрүштөргө чыгып турушкан. Түркстан калкы,



Кыргыздар Цинь сулалесинин императоруна аргымак тартуу кылып жаткан учуру. Тактыда — Чанлун (1736 — 1796). Сүрөттү теги италиялык миссионер Жузеппе Кастильоне (кытайча ысымы Лан Шимин) (1688 — 1766) тарткан.

анын ичинде кыргыздар Цинь империясынын баскынчылыгына каршы күрөшүн башташат.

Кыргыздар Цинь империясынын аскерлери менен биринчи жолу 1758-ж. жайында Ысык-Көлдүн жээгинде Санташта согушушат. Кыргыз уруулары бул беттешүүдө катуу каршылык көргөзүшкөн. 1759-ж. Кокон ээлиги менен чектешкен жерде кыргыз, өзбектер Цинь империясынын аскерлери менен экинчи жолу беттешип, жеңишке жетишкен. Айрым учурларда Цинь империясы кыргыздар менен казактарды каршылаштырууга аракет жасашып, ортого от ыргытып турушкан. Бирок Цинь империясы кыргыз жергесин каратып алалбаган, Кыргыз уруулары XVIII к. 60-ж. Пекинге өз элчилерин жиберип, Жунгар хандыгы ээлеп келген жерлерин кайра кыргыздарга ыйгаруу талаптарын коюшкан. Коюлган талаптарга жооп алгыча ал жерлерди толугу менен ээлеп алышкан. Кыргыздардын Цинь империясына каршы аракеттери алардын ээлигинин батыш аймактарына карай кеңирилешине тоскоол кылып турган.

XVIII к. акыркы чейрегинен баштап кыргыздар Орусия империясы менен да элчилик байланыштарын түзө башташкан. Анткени Орусия империясы менен бирдикте Цинь империясына каршы күрөшүүнү ойлошкон. Ошол үчүн 1785-ж. сарыбагыш уруусунун башчысы ***Атаке бийдин*** демилгеси менен биринчи кыргыз элчилиги Санкт-Петербургга жөнөтүлөт. 1786-ж. кыргыз элчилери ***Абдрахман Кучак уулу*** жана ***Шергазы*** Екатерина Ининн атайын кабыл алуусунда болушуп, Атаке бийдин катын тапшырышат. Екатерина II Атаке бийдин кайрылуусунун көпчүлүгүн кабыл алат. Бирок бул биринчи элчилик жолдон талоонго кабылган. 1788-ж. биринчи элчиликтин кечиккенине тынчсызданып, Атаке бий экинчи элчиси

Сатынбай Абдрахмановду жиберет. Ал жолдон атасына учурап, кайра кайтат. Ал эми тонолгон элчиликти териштирүү 1793-ж. чейин созулган. Негизинен XVIII к. аягында кыргыздар Орусия империясына элчилик жиберүү, кат алышуу аркылуу гана байланышкан.

XVIII к. II жарымында кыргыздар кошуна элдер менен чарбалык, саясий байланыштарын улантышкан. Түштүк райондордо өзбек, кыпчак, тажиктер менен мамиле түзүшүп, бир ээликке бириге башташкан. Түндүктөгү кыргыз уруулары казактар менен жакын мамиледе болушкан. Бул мезгилде кыргыздар менен казактардын Цинь империясына каршы биргелешип күрөшүү ынтымагы артса, айрым учурларда аралары бузулуп, жоолашканга чейин барышкан. Уруулук көчмөн турмушта жашаган кыргыз-казак калкы XVIII к. II жарымында эки чоң кагылышууну баштарынан кечиришкен. 1770 — 1771-жж. найман уруусунан чыккан ***Көкжал Барак*** менен, 1775 — 1776-жж. ***Абылай хан*** жетектеген казак кошуундары менен кыргыздар согушушат. Бул согуштар да айрым топтун кызыкчылыгынан улам чыгып, бир тууган эки эл көп кан төгүүлөргө дуушар болушкан.

Кыргыздардын Абылай хан менен болгон согушу айрым адабияттарда 1770-ж. болгон деп берилет. Арийне, Белек Солтоноев бул окуянын 1775 — 1776-жж. тиешелүү экенин тактап берген. Анткени ушул жылдардын алдында, айрыкча Көкжал Барактын жеңилишинен кийин кыргыздардын кошуна казак элине карата үстөмдүгү күчөгөн. 1772-ж. бүткүл казак элине хан көтөрүлгөн Абылай ханга Олуя Ата шаарынын тегерегинде жашаган казактар жардам сурап Жоогач баатырын жиберишкен. Абылай хан Жоогач баатырдын арыз-мунун укkан соң: «Казак-кыргыз үркөрдөй болгон эл эле. Калмактан жаңы кутулдук, баш-аягыбыздан баскынчылар ажыдаардай оп тартып, сорууга оозун ачып турат»,— деп башын чайкап каршы болгон. Бирок ортодогу чагымчылар окуяны күчөтүп, Абылай ханды араң макулдатат. Акырында Абылай хан көп аскери менен **1775-ж.** Чүй өрөөнүндөгү солто элине кол салган. Солто эли буга чейин Абылай хандын элчилеринен кабар укканына карабай, кыргыздын башка урууларына кабар айттырган эмес. Натыйжада согушка камынбай, бейкут жаткан солто эли канчалык жан аябай согушканына карабай, жеңилүүгө дуушар болгон. *Бул согуш тууралуу эл арасында «Жайылдын кыргыны» деген аңыз кеп сакталып калган.* Анткени Чүй өрөөнүнүн күн батыш тарабындагы айыгышкан катуу согушта солто уруусунун колбашчысы Жайыл баатыр жана анын уулдары Үсөн, Теке кошууну менен баатырларча курман болушкан. Бул согушта солто уруусунун ичиндеги бөлөкбай, талкан уруктарынын түпкү атасы Чаанын урпагы ***Бишкек*** эрдиги менен таанылып, баатыр атыгат. Кийин Бишкек баатыр дүйнөдөн кайтканда, анын күмбөзү турган жерге сепил салынып, кыштак түптөлүп, 1878-ж. ал кыштак шаарга айланган. Шаар баатырдын ысымын алып Бишкек (Пишпек — бурмалангандагы аты) аталып калган.

Абылай хандын кошууну Чүйдү, Кеминди, Ысык-Көлдүн айрым бөлүгүндөгү элди, Кочкор жергесин ээлеп, Соң-Көлгө чейин жеткен. Кыргыз элинин Чыгыш Түркстан, Фергана өрөөнүн көздөй көчө баштаганын көргөн соң Талас тарапка кайтып, ал жерде кыштап калган. Кийин, 1776-ж. согушта Абылай хан кыргыздын ханы атыккан Садырды Доскулу деген баласы менен туткунга алган. Ошондо да Абылай хан кеменгерлигин көргөзүп, хан Садырды бошотуп, кыргыз менен жарашаарда, кайрадан чагымчылар шылтоо таап, хан Садырды уулу менен өлтүрткөн. Ушул окуядан соң Абылай хан кыргызга салган кыргынын токтотуп, өзүнүн өкүлдөрүн калтырып, миң түтүнгө жакын кыргызды өзү менен кошо Сары Аркага көчүрүп кеткен. Бул окуядан көп узабай кыргыз эли өз эркиндигине кайрадан ээ болушкан. 1781-ж. Абылай хан өлгөндөн кийин, кыргыздарды кайрадан баш ийдирүү максатында чанчкулу уруусунун башчысы Бердикожо баатыр кошуун курап, басып кирген. Бирок, аягында Бердикожо баатырдын колу кыргыздардан жеңилип, өзү туткунга түшүп өлгөн. Казак-кыргыз арасы мындай кыргындуу согуштарга карабай тез эле жакшырып, көп өтпөй эки элдин ынтымагы артып, үзүлгөн байланыштары уланып, мамилелери чыңдалган. Кыргындуу кагылышуулар эл ынтымагына доо кетире алган эмес.

ХООРАЙ БИРИКМЕСИ. ФУ-ЙҮ КЫРГЫЗДАРЫ

Жуңгарлардын 1703-ж. сибирдик кыргыздарга салган бүлгүнү **Хоорай** аттуу этностук-социалдык бирикменин тагдырына терең из салды. Азыркы хакас этнографы проф. ***Виктор (Астайбек) Бутанаевдин*** далилдөөсүнө караганда, кыргыз журтунун экинчи бир аталышы *Хонгорай* (кыска айтылганда — *Хоорай*) болгон. Арийне, 3 миң түтүн (15 миң адам) сибирдик кыргыздардын Жуңгарияга айдалышы менен бир катар ондогон жылдары алардын ордуна Эне-Сай өрөөнүнө кыштым абалында болуп келген уруулар улам көбүрөөк жайгашышкан. Кайра кайткан кыргыздардын бөлүгү орусиялык оторчулуктун шарттарында эч бир саясий таасирге ээ болбой, мурдагы кыштымдарга жуурулушуп кеткен. 1758-ж. тартып хоорайлык жерлерди цинь-маньчжур империясынын аскерлеринен казак-орус бекеттери коргоп, азыркы Хакасия толугу менен Орусия империясынын аймагы катары бекемделип калган. Дал ошол XVIII к. II жарымынан тартып Хоорай бирикмесинин аталышы унуткарылып, *тадар* деген экзоэтноним колдонула баштайт.

Ал эми Жуңгариядан кайра Эне-Сайга кайтып келбеген кыргыздардын бир бөлүгү *калмак-кыргыз* аталышы менен күнү бүгүнкүгө чейин Чыгыш Түркстанда Дөрбөлжүн үйөзүнүн* Эмел-Гол монголдук автоном районунда Эмел дарыясынын өрөөнүндө сакталып

* *Үйөз* — уезд.

калган (алардын дини — ламаизм тарыкатында). Алардын айрымдары Итил (Волга) боюна чейин качкан калмактар менен кетишкен, айрымдары тенир-тоолук кыргыздарга, казактарга, уйгурларга, чыгыш тенир-тоолук калмактарга жуурулушкан.

Жунгариядагы сибирдик кыргыздардын чакан тобу Цинь императору Цяньлун бийлеп турган доордо (XVIII к.) маньчжурлар тарабынан күч менен көчүрүлүп, маньчжуриянын Хэйлунцзян вилайетиндеги Фу-йү үйөзүнө жана ага жакын аймактарга жайгаштырылган. XVIII к. акырында Маньчжурияга көчүрүлгөн кыргыздар менен алардын этностук байланышы болгон-болбогону анык эмес. *Табхын, табандыр, чигдыр, сандырдыр, былтырдыр, орттыр* сыяктуу фу-йү кыргыздарынын уруу аталыштары, тилинин диалектикалык өзгөчөлүктөрү алардын азыркы хакастарга абдан жакын экенин айгинелейт.

ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ӨНҮГҮШҮ

XVIII к. кыргыз элинин Жунгар хандыгына, Цинь империясына каршы согуштары, башынан өткөргөн окуялары оозеки чыгармачылыгында кеңири чагылдырылган. Бул мезгилдин окуялары байыркы мезгилде түптөлгөн *«Манас»* эпосуна киргизилип, эпос жаңы сюжеттер менен толукталган. Манастын калмактар менен согушушу анын дагы бир далили. Ошондой эле калмактарга каршы согушкан окуялар *«Курманбек», «Жаныш менен Байыш», «Эр Табылды»* сыяктуу баатырдык кичи эпостору жараткан. Эпостордун башкы каармандары Курманбек, Жаныш менен Байыш, Эр Табылды бүт өмүрлөрүн Ата Журтун Жунгар баскынчыларынан коргоого, тазалоого арнашкан. Тарыхый чындыктан жаралган кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын дагы бири *«Жаңыл Мырза»* дастаны. Бул дастан калмак баскынчыларына каршы күрөштү камтып, кыргыздын баатыр кызы Жаңылдын эрдиктерин баяндайт.

Ушул мезгилде турмуш-тиричилик жана романтикалык мазмундагы *«Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Мендирман»* жана башка эпикалык поэмалар жаралган. Элдик оозеки чыгармалардын бул түрлөрү кыргыз элинин турмушун, каада-салттарын, жаштардын сүйүүлөрүн ачык сүрөттөйт. Кыргыз элинин бул мезгилде жаралган, жаңыланган оозеки чыгармачылыгы тарых үчүн баа жеткис булак болуп эсептелет.

Мындан сырткары кыргыз эли тышкы душмандарга каршы тынымсыз күрөш жүргүзүп келген мезгилде көптөгөн макал-лакаптар жаралган. Алсак, «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт», «Жаздыкта өлгөн жаманат, жоодон өлгөн салтанат», «Жаракту күнү жоо келбейт» деген макалдар кыргыз жоокерлерин жоого каршы үндөп, эли-жерин коргоого чакырып турган.

Суроолор:

1. Жунгар хандыгына каршы кыргыздардын күрөшүн айтып бериңиз.
2. Кыргыздардын бытырандылык доору тууралуу эмне билесиз?
3. XVIII к. II жарымында кыргыздардын эл аралык мамилелери кандай болгон?
4. Хоорай бирикмеси жана фу-йү кыргыздарынын коомдук турмушу кандай болгон?
5. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү эмнеде?

XX к. башындагы кыргыздар.





IV бөлүм

Кыргызстан XIX к. башынан тартып 1995-ж. чейин

Азаматты эки нерсе багыттайт —
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы унутулбайт калкында.

Түбөлүккө өлбөйүм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер.

Жусуп Баласагуни

§ 9. Кыргыздар Кокон хандыгынын мезгилинде. Түндүк Кыргызстанда Орусиянын үстөмдүгүнүн орношу (1800 — 1868-жж.)

КОКОН ХАНДЫГЫНЫН САЯСИЙ ЖАКТАН КҮЧӨШҮ ЖАНА АЙМАГЫНЫН КЕҢЕЙИШИ

XIX к. биринчи жарымында Кокон ээлиги Орто Азиядагы эң ири хандыктардын бирине айланат. Анын саясий жактан күч алышы жана аймагынын кеңейиши ***Алим хандын*** (1800 — 1809-жж.) ***Омор хандын*** (1809—1822-жж.) жана ***Мадали хандын*** (1822 — 1842-жж.) мезгилине туура келет.

Кокон ээлиги **1808-ж. хандык** *болуп жарыяланып, ошол убактан тартып Фергана өрөөнү* **Кокон хандыгы** *деп атала баштайт.* Бул мезгилде Фергана өрөөнүнүн аймагынан тышкары *Чымкент* менен *Ташкент* да хандыкка бириктирилген. Омор хан менен Мадали хандын тушунда Кокон хандыгына казактын Улуу жүзүнүн негизги бөлүгү *Түркстан, Чымкент, Олуя-Ата, Сайрам* шаарлары, кыргыздын түндүктөгү уруулары, *Чүй, Ысык-Көл, Нарын* бириктирилген. ***Хандыктын аймагы Теңир-Тоодон Балкаш көлү менен Арал деңизине чейин кеңейип,*** калкынын саны да казактардын, кыргыздардын, өзбектердин, тажиктердин эсебинен көбөйгөн.

Кокон хандыгы административдик түзүлүшү боюнча бир нече вилайеттерден, акимдиктерден жана бектиктерден туруп, ал жерлерди ***кушбеги*** же ***акимдер*** башкарган. Көчмөн турмуштагы кыргыздар өзүлөрүнүн жашаган аймагына жараша бөлүнгөн *бектиктерге, серкерликтерге* катталышып, *белгиленген өлчөмдөгү салыктарды төлөп турушкан.* Нарын дарыясынын сол жээгинде, Сырт жайлоосунда жайгашкан кыргыздар *Анжыян бектигине баш ийишип, Куртка, Тогуз-Торо, Жумгал чептериндеги бектер тарабынан башкарылган.* Анжыян бектигине административдик жактан *Алай, Өзгөн* кыргыздары да караган. *Чүй* жана *Талас* өрөөндөрүнүн кыргыздары *Ташкент наместнигине* каратуу болуп, алар *Чолок-Коргон, Олуя-Ата, Ак-Суу, Мерке, Бишкек* жана *Токмок* чептериндеги бектер тарабынан башкарылган. Мындан сырткары соода жолдоруна, тоо арасындагы кыргыз уруруларына көзөмөл кылуу максатында *коргондорду* курушуп, анда *сарбаздардын чакан тобун* кармашкан. Коргондордун саны ар кайсы өрөөндөрдө ар түрдүү болгон. Алсак, Ысык-Көл өрөөнүндө эле онго чейин коргондор курулган. Ошондой эле кыргыз айылдарында *хандын эл беги* деп аталган

чиновниктери жашашып, алар айыл элине көз салып турушкан. *Хандыктын мындай административдик саясаты кыргыздар үчүн формалдуу түрдө гана болуп, иш жүзүндө кыргыздар уруу манаптары, бийлери аркылуу башкарылган.* ***Өз алдынчалыгы сакталуу боюнча калган.*** Ошол үчүн ордодогу бийлик төбөлдөрү уруу башчыларына, бийлерине, манаптарына таянышып, аларга ордо даражаларын, чиндерин берип келишкен.

ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДАГЫ БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАРГА КЫРГЫЗДАРДЫН КАТЫШЫ

Чыгыш Түркстандагы түрк калктарынын Цинь империясынын зомбулугуна каршы куралдуу каршылык көрсөтүүсү XIX к. улана берген. Ал күрөштөрдө Чыгыш Түркстанда жана Теңир-Тоодо жашаган кыргыздар белгилүү орунду ээлешкен. 1814-жана 1816-жж. кыргыз бийи ***Турдумаматтын*** жана уйгурлардын башкаруучусу ***Зияуд-диндин*** жетекчилиги астында *Кашкар чөлкөмүнүн эли эки жолу көтөрүлүш чыгарган.* Кытай булактарынын маалыматтарына караганда, бул күрөштө уйгурлардан башка кыргыз бийлери — жамантейит уруусунан Сиергазы, кыпчак уруусунан Юхасыдык, чоңбагыш уруусунан Баймолоттун ысымдары да аталат. Кытай төбөлдөрү көтөрүлүштү ырайымсыздык менен баскандан кийин алар Теңир-Тоодогу кыргыздарга качып келишкен. 1820-ж. августта кыргыздардын бир нече уруулары Цинь империясынын үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. *Кыргыздардын Чыгыш Түркстандагы Цинь зомбулугуна каршы боштондук күрөштө негизги орунду ээлеши* ***Жаангер кожо*** *жетектеген көтөрүлүштө да ачык көрүнөт.* Жаангер кожо (1783 — 1826-жж.) Чыгыш Түркстандагы кожолордун *Ышкийпа тарыкатынын* («Ак тоолуктар») өкүлү, Сарымсак кожонун уулу.

1820-ж. жайында Жаангер өзүнүн жакын адамдары менен Кокондон чыгып, Теңир-Тоодогу кыргыздардын саяк уруусу көчүпконуп жүргөн жерге келген. Кыргыздардын колдоосу менен ал циндик Кытайдын үстөмдүгүнө каршы күрөшүн баштаган. Буга жооп иретинде цинь төбөлдөрү генерал Баян-Бату жетектеген 200 адамдан турган аскерлерин кыргыздарга жиберген. Алар ***Атантай, Тайлак*** башкарган кыргыз айылына келип, Жаангер менен Тайлак баатырдын жоктугунан пайдаланып айылды талоонго алып, 100гө жакын адамды өлтүрүшөт. Бул кабар Тайлак баатырга жетип, кол курап, душмандарды куугунтукка алат. Арпа менен Нарындын ортосундагы Кароо деген капчыгайга кытай аскерлерин камап, үч күндө бардыгын кырып ташташкан.

1825-ж. Цинь өкмөтүнө каршы Жаангер кожонун жетекчилиги астындагы күрөш Чыгыш Түркстан аймагында башталат. Цинь зомбулугунан запкы жеген Кашкардын, Жаркенттин, Жаңы-Гисардын

жана Хотандын калкы Жааңгер кожону колдоого алышып, көтөрүлүшкө чыгышкан. ***Натыйжада Чыгыш Түркстан Цинь баскынчыларынан тазаланып, Жааңгер кожо сайид титулун алып, өзүнүн ээлигин жарыялайт.*** Ал Кокон хандыгынын үлгүсүндөгү башкаруу структурасын түзгөн. *Анын бийликке келиши үчүн күрөштө кыргыздын чоңбагыш уруусунан* ***Суранчы,*** *саяк уруусунан* ***Атантай менен Тайлак,*** *басыз уруусунан* ***Чебилди бий*** *баштаган кыргыздар негизги орунду ээлешет.* 1825-ж. июнь айларында Кокондун ханы Мухаммад'Али (Мадали) хан да жардам көргөзүү үчүн Кашкарга келет. Бирок Жааңгер кожонун солгун мамилесинен улам ал жардам көргөзүүдөн баш тартып, артка кайткан. *Бийлигине чиренген Жааңгер кожо өз бийлигин бекемдөө ишин кечиктире берген.* Мындай кырдаал Цинь өкмөтүнө 70 миң адамдан турган армия куроого мүмкүндүк берип, ал 1826-ж. башында Жааңгер кожого каршы жүрүшкө чыгат. Беттешүүдө Жааңгер кожонун колу жеңилип, өзү Кыргызстанга качып өтөт. Көп өтпөй чыккынчылар тарабынан колго түшүрүлүп, Пекинде бир нече жыл кармалып, акыры өлтүрүлөт. Кийинчерээк Жааңгер кожонун бир тууганы Меди Юсуф кол курап, Кокон ханынын колдоосу астында Жаңы-Гисар, Жаркент Хотан сыяктуу шаарларын ээлеп алышкан. Бирок алар да ээлеген жерлерин бекемдешкен эмес. Мындан сырткары Цинь бийлигине каршы күрөштө кошуундун негизин түзгөн кыргыздар бийлик олжо бөлүштүрүүдө куру кол калышат. Алар андан ары согушуудан баш тартышат. Булардын бардыгы Меди-Юсуфтун жеңилүүсүнө алып келген. Кийинки жылдардагы Чыгыш Түркстан калкынын Цинь зомбулугуна каршы күрөштөргө дагы кыргыздар активдүү катышып турушкан.

КОКОН ХАНДЫГЫНЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШУНДА КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

Кокон хандыгы ээлеген аймагы, калкынын курамы боюнча Түркстан чөлкөмүнүн дээрлик баардык бөлүгүн камтыган. Андыктан хандыкта жашаган бардык элдердин өкүлдөрү хандыктын коомдук саясий турмушуна ишкердүү аралашышкан. Бийликтин эң жогорку тепкичинде ***хан*** туруп, анын алдында хан өзү дайындаган ***бийлик адамдарынын кеңеши түзүлгөн.*** Ал *кеңешке аталык, миңбашы, атабек, серкер, дастурканчы, рисалачи, мехтер, наиб, удайчи, кожокалян, казы-аскар, шейх ал-ислам жана башка кызмат орундарын ээлеген бийлик төбөлдөрү кирген.* ***Алим молдонун*** билдиргени боюнча хандан кийинки *биринчи бийлик оруну* ***миңбашы жана амирляшкерге,*** *экинчи орун* ***кушбегине,*** андан соң ***парваначы, исагаул, худайчы*** жана башкаларга туура келген. *Аталган бул бийлик орундары хандыкта кыргыз, өзбек, кыпчак элдери тарабынан бөлүштүрүлүп келинген.* Бул идеологиялык мүнөздөгү «Алтын Бешик»



Курманжан датка уулу Асанбек *(солдо)* жана хан тартуу кылган, үй-бүлөсүнө таандык кылычты көтөрүп турган кызматчы жигит менен.

санжырасында да мыйзамдаштырылат. Бийлик үлүштөрүн бөлүштүрө келгенде *кыргыздар менен кыпчактарга миңбашылык, амирляшкердик, аталык, наиб, ынак орундары туура келген.* Кыргыздар менен мамилелерин чыңдоо максатында Миң сулалесинен чыгышкан хандар кыргыздын таасирлүү адамдары менен куда-сөөк болуп, туугандашууга аракет кылып келишкен. ***Нарбото бийдин***

баласы Алим хан апасынын туугандары ***Момунбек*** менен ***Ырыскулбекти*** (кыргыздар) аскер башчылыгына койгон. ***Мадали хандын*** мезгилинде кыргыз ***Нүсүп*** (Йусуп) миңбашылык орунду ээлеп, кыргыздын адигине уурусунан ***Алымбек,*** кесек уурусунан ***Сейитбек,*** төөлөс уруусунан ***Полот,*** аваат уруусунан ***Сатыбалды,*** Таластан ***Ажыбек жана башка таасирлүү адамдарга датка даражалары берилген.*** Алар өз урууларында гана эмес, хандыктын коомдук-саясий турмушунда да маанилүү кызматты аткарышкан.

Ал эми Мадали хандан кийинки тактыга отурган ***Шералы хан*** (1842 — 1845) кичинекейинен Чаткал, Таласта кыргыздардын арасында өсүп, апасы да, кийин үйлөнгөн эки аялы тең кыргыз болгон. Анын балдары **Сарымсак** *амир-ляшкер,* **Малабек** *хан* (1838 — 1862), **Кудаяр** *хан* (1845 — 1858, 1862 — 1863,1865 —1875), **Сопубек** *Анжиян вилайетинин акими,* **Султан Мурад** *Маргалаң вилайетинин акими* болушкан. *Бул мезгилдерде хандыкта кыргыздардын таасири өсүп, баш увазирлик орунду* ***Алымбек датка*** (1838 — 1862), *миңбашылык орунду* ***Нүсүп*** (1842 — 1844), ***Касым*** (1853 — 1856), *аталык орунду* ***Алымкул*** (1863 — 1865), ***Атабек*** *наибдин* (жөө аскерлер менен артиллериянын) *башчысы,* ***Шералы*** *ынактык* (атчан аскердин башчысы), ***Кыдыр бий*** *эшик агалык орундарды ээлеп келишкен.* Мындан сырткары *кыргыздын белгилүү инсандарына парваначы, датка, паңсад сыяктуу жогорку даражалар ыйгарылып, зор урмат-сый көргөзүлгөн.* Кудаяр хандын энеси ***Жаркын айым,*** баш увазир Алымбек датканын өмүрлүк жары ***Курманжан датка*** *сыяктуу кыргыз аялдары хандыкта зор таасирлерге ээ болгон. Алардын айткан акылдары менен ордодогу айрым маанилүү маселелер да чечилип турган. Кыргыздар, ошентип, Кокон хандыгынын коомдук-саясий турмушунда маанилүү ролду ойноп келишкен.*

ӨЗ АЛДЫНЧА КЫРГЫЗ ХАНДЫГЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

1842-ж. Кокон хандыгынын тактысына Чаткал, Таласта жашаган *Шералы хан көтөрүлгөндөн көп өтпөй Чүй, Нарын, Ысык-Көл чөлкөмдөрүндө жашашкан кыргыз уруулары өзүнчө хандык түзүүнү көздөшүп, жыйын өткөрүшөт.* Жыйын Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы **Орто-Токой** деген жерде өтөт. Ага кыргыздардын сарыбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын өкүлдөрү чакырылат. Хандыкка ак кийизге салынып, сарыбагыш уруусунун манабы ***Ормон*** көтөрүлөт. Ормон хандын өз байрагы белгиленет. *«Ормон окуу»* деген мыйзамы кабылданат. Колбашчылыкка тууганы ***Төрөгелди*** баатыр, кеңешчиликке ***Жантай*** деген белгилүү манап дайындалат. Ормон хандын алдында дайым 30 — 40 мылтыкчан мергени болуп, алар дайыма машыктырылып турган. Ошол мезгилде Ормон ханга Кокондун ханы *парваначы* деген даражаны ыйгарып, байланышын чыңдоого аракет кылган.

Кыргыз урууларынын хандыгы жашап турган 10 жылдай аралыкта өз ара жаңжалдар азайган. Ар бир уруу Ормон ханга шарттуу түрдө гана баш ийбесе, негизинен өз алдынча жашоосун уланта берген. *Хандык түзүлгөн мезгилдеги эң ири окуя* **1846 — 1847-жж.** *кыргыз-казак согушу болуп эсептелет. Кыргыз урууларынын жерлерине басып киришкен Кенесары хан жетектеген казак кошууну жеңилүүгө дуушарланат. Кыргыз урууларынын ынтымагы ушул согуштан көп өтпөй бузула баштаган.* Айрыкча кыргыздын бугу уруусу менен сарыбагыш уруусунун бийлик, жер үчүн тирешүүлөрү чоң жаңжалдын чыгышына алып келет. **1854-ж.** *жай айындагы эки уруунун согушунда Ормон хан оор жараат алып каза болот.* Кийинки жылы Ормон хандын өчүн алууну көздөгөн сарыбагыш уруусу бугу уруусуна көп залал келтирет. ***Он жылдай мезгилге созулуп, жумурай журтту азапка салып, жетим-жесирлердин санын арбыткан катуу уруштардан кутулуп, тынч жан сактоо үчүн бугу уруусу Орусия империясына кайрылып, алардын букаралыгына 1855-ж. 17-январында өтүүгө аргасыз болот. Кыргыз хандыгынын кыйроосу Орусия империясынын кыргыз урууларын каратып алуусуна жем таштаган.***

ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТҮНДҮКТӨГҮ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫН КАРАТЫП АЛУУСУ

Бугу уруусунан соң, Орусия империясы Түндүк кыргыз урууларын каратып алуунун пландарын иштеп чыгышат да, согуштук аракеттерди башташат. Эң биринчи иш чаралары катары Чүй, Нарын, Талас аймактарындагы Кокон чептерин басып алууну эсептешет. Аны ишке ашыруу үчүн **1859-ж.** *Улуу жүздүн казактары менен Түндүк Кыргызстандын чек арасына орус аскерлери* **Кастек чыңдоосун** *негиздешкен.* Ушул эле жылы Батыш Сибирдин генерал-губернатору Чүй өрөөнүндөгү Бишкек чебин ээлөөгө уруксат сурап падышага кайрылган.

1860-ж. август айында полковник Циммерман жетектеген орус аскерлери Чүй дарыясынан өтүп, Токмок чебин курчоого алып, замбиректер менен аткылашат. 27-августта Токмок чеби алынат. Көп өтпөй, 4-сентябрда Бишкек чеби каратылат. Бул согушта Чүйдөгү кыргыздар Орусияга каршы маанайда болушса да ачык согушууга даай алышпай тоо арасына көчүп кетишкен. Ошол үчүн Батыш Сибирь генерал-губернатору 10-сентябрда Циммерманга жазган көргөзмөсүндө кыргыз уруу башчылары Үмөтаалы, Төрөгелди жана Жантайды кармоо жөнүндө айткан. Бирок сарыбагыш уруусунун манабы Жантай өз убагында уулу Шабданды Циммерманга жиберип, жазадан аман калган.

1860-ж. октябрь айында Кокон хандыгынын аскерлери орустардын Узун-Агачтагы лагерин курчап алганда Чүй өрөөнүндөгү



Махмудбек Алымбек датка уулу энеси Курманжан датканын өргөөсүнүн жанында.


кыргыздар да орустарга каршы согушушкан. Бирок, бул согушта алар жеңилүүгө дуушарланат. 1861-ж. Токмок менен Бишкек кайрадан кокондуктарга карап, чеп калыбына келтирилген.

Чүй, Кемин өрөөнүндөгү кыргыздардын 1862-ж. казактар, Кокон хандыгы менен жаңжалдарын пайдаланышкан Орусия империясынын аскерлери кайрадан Чүй менен Кеминге жүрүш жасашат. Бишкек, Токмок чептери экинчи жолу орустар тарабынан ээленип, кыйратылат. Кыргыз урууларынын Орусия империясына баш ийүүдөн башка аргасы калбайт. Бирок ошого карабастан Чүйдөгү солто уруусунун манаптары Жаңгарач, Маймыл жана Тынаалылар карамагындагы эли менен Таласка көчүп кетишкен.

1863-ж. жазында орус генералы Г. А. Колпаковский Олуя-Ата багытына, генералдык штабдын капитаны Проценконун отряды Борбордук Теңир-Тоону көздөй согуштук жүрүштөрдү уюштурган. Бул согуштук жүрүштөрдүн натыйжасында Нарын, Талас аймактарындагы кыргыздардын айрым бөлүктөрү Орусия империясынын бийлигин таануурга аргасыз болушкан.

1863-ж. Ысык-Көлдүн жээгине орус аскерлери биринчи жолу кыштап, натыйжада Кыргызстандын түндүгүндө Орусиянын бийлиги орногон.

1864-ж. Веревкиндин отряды Түркстанды, Черняевдин отряды Олуя-Ата менен Чимкентти басып алгандан кийин Сибирь жана Сыр-



Перевод.


Его Превосходительству,
Господину Военному Губернатору
Ферганской Области

Известной киргизки Оникаю
Узда Ферганской Области,
Курбан-Ураим-Датхи

Прошение.

Имею честь покорнейше донести Вашему Превосходительству, что мой сыновья, так и отцы и деды мои усердно и честно служили бывшим мусульманским ханам и бекам, были почетными и хорошими людьми, никогда ни в чем не провинялись, не нарушали свою честь и пользовались большой популярностью и уважением народа. Когда Фергана вошла в состав Российской Империи, то мои сыновья по незнанию русского порядка и долго применяемой, которому подвергались при ханской и бекской расправе в разных отношениях, Военного Генерала Скобелева, штра-

Курманжан датканын 1894-ж. 17-январда жазган өтүнүч катынын башы.



Курманжан датканын катынын уландысы.



Курманжан датканын 1894-ж. 17-январында жазган өтүнүч катынын аягы.

Дарыя согуштук линиялары кошулат. Орусиянын Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүндөгү үстөмдүгү биротоло чындалган. Ушул 1864-ж. *Суусамырдагы жана Кетмен-Төбөдөгү 10 миң түтүн эл Орусияга баш ийгендигин билдиришет.*

1867-ж. *полковник Полторацкийдин Борбордук Теңир-Тоого жасаган согуштук жүрүшү, бул аймактагы кыргыз уруулары Орусияга биротоло баш ийдирген.* Бул тоолуу аймактагы 5 — 6 миң түтүн элдин башчысы ***Умөтаалы*** орустарга каршы күрөшүн токтотуп, багынып берген. Кийинки жылы орус аскерлери Борбордук Теңир-Тоого гарнизонун курган.

1855 — 1867-жж. *Кыргызстандын түндүгүндө жашашкан кыргыз уруулары Орусия империясына каратылган.*

Суроолор:

1. Кокон хандыгынын саясий түзүлүшү жана аймагынын кеңейиши тууралуу айтып бериңиз.
2. Чыгыш Түркстандагы түрк элдеринин боштондук үчүн күрөштөрүндө кыргыздар кандай роль ойногон?
3. Кыргыздардын Кокон хандыгынын коомдук-саясий турмушундагы орду кандай болгон?
4. Өз алдынча Кыргыз хандыгы тууралуу эмне билесиз?
5. Орусия империясы кыргыз урууларынын бир бөлүгүн кандай жолдор менен каратып алган?

§ 10. Кыргызстан Орусия империясынын баскынчылыгы жана колониялык башкаруу мезгилинде (1868 — 1917-жж.)

КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ САЯСИЙ КҮРӨШТӨР. ИСХАК МОЛДО (ПОЛОТ ХАН)

XIX к. 60-жж. тартып Кокон хандыгынын көпчүлүк жерлерин Орусия империясы каратып ала баштайт. **1865-ж.** Ташкентти басып алган Орусия империясы **Түркстан областын** негиздейт. **1867-ж.** Түркстан области **Түркстан генерал-губернаторлугу** болуп кайра түзүлөт. Анын ***генерал-губернатору*** болуп падышанын эң жакын адамы ***фон Кауфман*** дайындалат. *Фон Кауфман Кокон хандыгынын аймагына аскердик жүрүштөрүн күчөткөн. Орусиянын баскынчыл жүрүштөрү Кокондун ханы* ***Кудаяр*** *хандын бийлигин алсыраткан.* **1868-ж.** *Кожентти басып алган соң, генерал-губернатор фон Кауфман Кокон хандыгы менен жаңы* ***келишим*** *түзөт. Бул келишим боюнча Кокон хандыгы Орусия империясынын вассалы болуп калган.* Ушул мезгилден тартып Кокон хандыгынын карамагында Фергана өрөөнү, Памир-Алайдагы кыргыз көчмөндөрү гана калат. Хандыктын аймагынын тарышы казынага түшчү кирешелерди да азайткан. Казынасын толтуруу үчүн Кудаяр хан карамагындагы элге алык-салыктарды көбөйткөн. Мурда Кудаяр хан Бухара эмирине таянып иш жүргүзүп келсе, эми Ташкенттеги Түркстан генерал-губернатору фон Кауфманга таянып, аны менен жакындашып бийлигин жүргүзгөн.

Орусия империясы менен Кудаяр хандын жакындашуусу хандыктагы ислам динин катуу карманган элдердин нааразычылыгын туудурган. *Дайыма бийликке аралашып келишкен кыргыздар 60-жж. аягында бийликтен четтетиле баштаган. Бул кыргыздардын нааразычылыгынын күчөшүнө алып келген.* Ушул өңдүү олуттуу себептер хандыктагы элдердин Кудаяр хандын бийлигине каршы көтөрүлүп чыгуусун тездеткен.

Кудаяр хандын бийлигине каршы ачыктан-ачык элдик күрөштөр 1873-ж. тоо арасында жашаган кыргыздарда башталат. Кыргыздар хандын зекетчилерин өлтүрүп, жыйналган салыктарды тартып алышкан. Күрөштүн башында ***Мамыр Мерген уулу*** деген кыргыз туруп, анын айланасына топтолгон эл хандыктагы Жалал-Абад, Хан-Абад деген кыштактарды басып алышкан. Бирок Кудаяр хан жиберген жазалоочу аскерлер күрөшкө чыккан элди ырайымсыз жазалашып,



Жети-суулук кыргыз, казак, дунган, уйгур болуштары жана көпөстөрү. Биринчи катарда солдон үчүнчү Шабдан баатыр. *XIX к. аягы.*

Мамыр Мерген уулу тоого жашынат. Кийинки жылы аны орустар кармап камакка алышкан.

1874-ж. Кудаяр ханга каршы күрөш кайрадан күчөп, анын башында кыргыздын бостон уруусунан чыккан **Молдо Исках** турган. Эл аны Алим хандын небереси ***Полот хан*** дешип хан көтөрүшөт. Айланасына хандыктагы кыргыз, кыпчак, өзбек, тажиктер топтолушуп, бир нече кыштактарды, шаарларды ээлешет. Бирок бул элдик күрөш да Кудаяр хан жиберген аскерлер тарабынан жеңилүүгө учурайт.

1875-ж. хандыкта кайрадан күрөш күч алып, анын башында дагы эле Исхак Молдо (Полот хан) турган. Бул жылдагы күрөшкө хандыктагы бардык элдер тартылгандыктан, *аны басууга жиберилген Кудаяр хандын ишенген колбашчылары* ***Ыса Олуя, Абдрахман аптабачы, Калназар жана Сарымсак эшик агасы*** *4 миң аскери менен күрөшкө чыккан элге кошулуп кетишет.* Көп өтпөй ***19-июлда Анжыян вилайетинин беги болуп турган Кудаяр хандын уулу Насреддинбек ханзаада, Маргалаң вилайетинин беги, хандын бир тууганы Султан Мурат да эл тарапка өтүүгө аргасыз болушат. Кудаяр хан*** Коконго келишкен орус өкүлдөрү менен бирге **22-июлда** *Коконду таштап, байлыктары, жакын туугандары менен баш калкалап Орусия ээлигине качып кетет.* Адегенде ал Ташкентке, андан Оренбургга жөнөтүлөт. *Анын ордуна уулу* ***Насреддинбек*** *айрым күчтөрдүн жардамы менен хан көтөрүлөт. Элдин негизги бөлүгү анын бийлигин тааныбай, күрөшүн уланта беришкен.*



Саяк уруусунун атка минерлери.



Алайлык кыргыздар. *XIX к. аягы.*

ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КОКОН ХАНДЫГЫН БИРОТОЛО БАСЫП АЛУУСУ



Бурана шаар калдыгы — караханийлердин борбор шаарларынын бири Баласагундун орду. *XIX к. аягы (реставрацияга чейинки көрүнүшү).*

Орусия империясы Кокон хандыгындагы элдик күрөштү басуу шылтоосу менен хандыктын аймагын биротоло каратып алууну көздөй баштайт. Ал үчүн согуштук даярдыктарды көрүп, Ташкентте жана башка жерлерде жашашкан орустарды куралдандырат. Фон Кауфман: «Маселени тынчтык жолу менен чечүүгө жасаган аракетим ийгиликке жетпеди», — деп күрөштү куралдын күчү менен басууга аттанат. 5 миң адамдан турган аскери менен 12-августта Махрам чебинде катуу кармашуу болот. Эки күндүк согушта начар куралданган эл оор жоготууларга дуушарланып, 5 миңдей адамынан ажырап, чегинүүгө аргасыз болот. 29-августта орус аскерлери ордо шаар Коконго кирет. *Насреддинбек фон Кауфман койгон шарттарга макул болуп,* ***22-сентябрда келишимге мөөрүн басат.*** *Келишимге ылайык Орусиянын карамагына Сыр-Дарыянын оң жээги, андагы Наманган, Чуст шаарлары өткөрүлөт. 2 млн. сом өлчөмүндө контрибуция төлөөгө тийиш болот. Кошуна мамлекеттер менен өз алдынча мамиле түзүүгө чек коюлат. Жаңы каратылып алынган аймак Наманган бөлүмү деп аталып, анын башына полковник* ***Д. М. Скобелев*** *дайындалат.*

Бирок хандыктагы эл күрөшүн токтоткон эмес. *Насреддинбектин бийлигин таанығысы келбеген кыргыз, кыпчак, өзбектер Анжыян шаарынын жанында* ***Исхак Молдону (Полот хан)*** *кайрадан хан көтөрүшөт. 10-октябрда Насреддинбек ханды Кокондон куулп чыгышат.* Ал баш калкалап, 60 адамы менен орустарга качып өтөт. Ушул мезгилден баштап Орусия империясы Кокон хандыгына согуштук жүрүштөрдү биринин артынан бирин уюштура баштайт. Жергиликтүү эл Исхак Молдонун (Полот хандын) жетекчилиги алдында орус баскынчыларына каршы зор кайраттуулук менен согушушкан. *Эң ири согуш* **Анжыян шаарында** *болот.* **1876-ж. январь айынын башында** Анжыян шаарына 30 миң кол чогулуп, шаар коргонууга даярдыктарды көрөт. 8-январда орус аскерлери шаарды замбиректер менен аткылашып майкандайт. 20 миңдей адам урандынын алдында калып мерт болушат. Шаардын калган коргоочулары эркек, аялына карабай каршылык көрсөтүшүп, оор жоготуулардан соң артка чегинүүгө аргасыз болушкан. *Кан суудай аккан ушул согуштан кийин Кокон хандыгынын тагдыры Орусия империясы*



Оштогу майрам. *1898-ж.*

тарабынан чечилип, 7-февралда ***Кокон шаары экинчи жолу эзе-нет. Ошентип,*** **1876-жылдын 19-февралында** ***Кокон хандыгы биротоло жоюлуп, Фергана области деген жаңы ат менен Орусиянын үстөмдүгү орнотулат.*** *19-февралда Алай тоолорунда Кокондун эл шайлаган акыркы ханы Полот хан туткундалып, 1-мартта Маргалаң шаарында орустар тарабынан даргага асылат. Орус баскынчыларына каршы күрөш кыргыздардын арасында* ***1876-ж. август айларына*** *чейин улана берген.* ***Ал күрөштүн башында кыргыздын чыгаан кызы Курманжан датка жана анын балдары турган.*** *Бул күрөш* ***орус аскерлеринин 1876-ж. жай айында уюшулган*** *согуштук экспедициясынан кийин гана басылган. Ал эми памирлик кыргыздар орустар тарабынан* **1894-ж. апрель айында** *басылып алынган. Кыргыздарды каратып алуу үчүн Орусия империясы 40 жылдай убара болушкан.*

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ҮСТӨМДҮГҮ

Орусия империясы Кыргызстанды толугу менен каратып алгандан соң, ал жерлерде башкаруу үчүн өзүнүн административдик башкаруу системасын киргизген. *Кыргызстандын аймагы* **Түркстан**



Кыргыз мергенчилери. *XX к. башы.*

генерал-губернаторлугунун Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана областтарынын *карамагында калган. Кыргыздар* **Жети-Суу областынын** *Бишкек, Пржевальск,* **Сыр-Дарыя областынын** *Олуя-Ата,* **Фергана областынын** *Наманган, Чуст, Анжыян, Ош, Маргалаң, Чимион, Кокон жана Исфара езддеринде жашашкан.* 80-жж. башында Фергана областындагы уезддер кайрадан ирилештирилип, *Кокон, Маргалаң (Скобелев), Наманган, Анжыян, Ош* уезддери болуп бешке бөлүнгөн. Бул администрациялык бөлүнүүлөр падышачылыктын *«бөлүп алып, бийлегин»* деген колониялык принцибине негизделген. Каратылып алынган жерлерди башкаруу үчүн Орусия империясы өзүнчө жоболорду (эрежелерди) иштеп чыккан. **1886-ж. чейин** Кыргызстандын алгачкы каратылган түндүк бөлүгү **1867-ж. 11-июлундагы** «*Убактылуу жобо*» менен башкарылса, Түштүк бөлүгү 10 жылга чейин фон Кауфман иштеп чыккан **1873-ж.** *Жобонун* негизинде башкарылган. **1886-ж.** ***Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу элдерди башкаруу үчүн жаңы жобо иштелип чыккан. Бул жоболор боюнча башкаруунун маңызы даана согуштук колониялык мүнөздө болгон.***

Башкаруу бийлиги генерал-губернатордун же согуш губернаторунун колунда болуп, аны чиновниктерден, жогорку бюрократиядан турган *генерал-губернатордун канцеляриясы ишке ашырган.*



Токмок кыргыздары. *1911-ж.*

Генерал-губернатордун алдында областтардын согуш губернаторлорунан жана башка төбөлдөрдөн турган кеңеш болгон.

Областтарда бийлик согуш губернаторунун колунда болгон. Анын карамагында *областтык башкарма* болуп, ал *буйрук берүүчү чарбалык* жана *сот бөлүмдөрүнөн* турган. *Уездик начальник* уездде *согуштук, административдик* жана *полициялык бийликти* башкарган. *Бул бийлик органдарынын башында аскер чининдеги адамдар турушуп, жергиликтүү элдин өкүлдөрү бийликтен четтетилген.* Мурдагы эл башкарып келишкен уруу башчыларына, манаптарга, бийлерге алгач *уезд башчысынын жардамчысы* деген формалдуу бийлик орундары берилип, кийин *Орусиянын үстөмдүгү бышыкталган соң, ал орундар жоюлуп кеткен.* Уезддердеги кыргыз айылдары *болуштарга* (1000 — 2000 түтүн), болуштар *айылдык бөлүктөргө* бөлүнгөн. Анын башында *болуштар* туруп, *3 жылда бир шайлоо болгон. Бул орундарга жергиликтүү элдин өкүлдөрү шайланып, бирок ал жогору жактын көрсөтмөлөрүн кыңк этпестен аткарып турууга милдеттүү болчу.*

1867-ж. жана **1886-ж.** *Жоболор жергиликтүү элдердин бардык укуктарын чектеген.* **1886-ж.** Жобонун 270-статьясы боюнча *Кыргызстанда жашаган көчмөн калктардын ээлеген жерлери мам-*

лекеттик жерлер болуп саналган. ***Бул иш жүзүндө кыргыздардын байыртадан бери эзелеп келишкен кыштоолорун, жайыттарын Орусия империясы каалаган учурда тартып алып, аларды жерсиз калтырууга негизделген мыйзам эле.*** Бул Жоболордун негизинде Жети-Суу областынын 36 млн. теше жеринен 29 млн. теше, түштүк кыргыздардын 4,5 млн. теше ынгайлуу жеринен 3 млн. тешеге жакын жер тартылып алынып, көчүрүлүп келинген славян калктарына берилүүгө тийиш болгон. Мындан сырткары вакуф жерлери, анын мүлкүн башкаруу областтык башкармалардын колуна берилген. ***Ошентип, Орусия империясы каратып алгандан баштап, кыргыздардын саясий, экономикалык, диний укуктары чектелип, колониялык үстөмдүктүн баш көтөргүс бийлигине дуушар болушкан.***

ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ҮСТӨМДҮГҮНӨ КАРШЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШТӨР

Орусия империясынын колониялык саясатынан азап чегип, чыдамы түгөнгөн Фергана өрөөнүнүн калкы ***1898-ж. боштондук күрөшкө*** *чыккан.* Күрөшкө Фергана өрөөнүнүн кыргыз, өзбек, тажик жана башка элдери катышып, анын башында кырк беш жаштагы ***Магомед-Али Халиф Мухаммед-Сабыр Суфиев*** турган. Ал Фергана өрөөнүнө кеңири таанылган, 1887-ж. Мекеге барып ажы болуп келген эшен эле. Элди күрөшкө тартып, ага жетекчилик кылганынын себебин: «Орустар элге арак ичүү менен сойкулуктарды жайылткаңы, мечит, медреселерди жаптырып, диний басмырттоону күчөткөндүгү, элди шариаттын жолунан чыгарууга ар кандай аракеттер жасалып жаткандыгы болду», — деп түшүндүргөн. *Элдик күрөштүн келип чыгышына негизги себептердин бири Фергана областынын негизги байлыгы пахта буласы Орусияга ташылып, пайдасын орус капиталисттери көрүп, элдин турмушунун жакырлануусу болгон.*

Күрөш **1898-ж. 17-майында Анжиянда** *башталган.* 1500дөн ашык өзбек, кыргыз, кыпчактар чогулуп, Анжияндагы орус аскерлеринин гарнизонуна кол салышат. Мындан сырткары күрөш Фергана областынын бардык уезддеринде башталат. Бирок бул жергиликтүү элдердин орус колонизаторлоруна каршы күрөшү бир жумага жетпей басылып, негизги жетекчилери даргага асылып, 500дөн ашык адам Сибирге сүргүнгө айдалган. Жазага тартылгандардын 257си кыргыздар болгон. Күрөштүн негизги борбору болгон Магомед-Али Халиф Мухаммед-Сабыр Суфиевдин кыштагы Мин-Төбө орустар тарабынан жер менен жексен болуп, ал жерге орус дыйкандарын көчүрүп келип отурукташтырган. Орус бийлигинин өкүмдарлыгы күчөй берген..



Кичи-Кеминде Шабдан Жантай уулунун сөөгүн коюу жөрөлгосүндөгү кошокчу аялдар. *1912-ж.*



Кенжекара ырчы маркум Шабдан Жантай уулунун эрдиктерин даңазалап төгүүдө.



1916-ж.көтөрүлүштүн алдында оторчулардын кыргыздарга таандык жерлерди кестирип алып жаткан учуру.

Орусия империясынын колониялык зордук-зомбулугуна каршы эң ири күрөш 1916-ж. болгон. Анткени XIX к. аягы XX к. башында жергиликтүү элдерди кыштоолорунан, жайыттарынан сүрүп чыгаруу, ал жерлерге славян элдерин көчүрүп келүү күч алат. Кыргыздар менен казактар жашаган Жети-Суу областына 1868-жылдан 1883-ж. чейин 2500 үй-бүлө Орусиядан көчүрүлүп келип,36 орус-украин кыштакчалары пайда болгон. Ал эми 1851 — 1892-жж. Орусия империясынын Европа бөлүгүн каптаган ачарчылыкты шылтоо кылышып, дагы 1700 үй-бүлөнү көчүрүп келишкен. **1905-ж. баштап** *Орусиядан көчүп келген элге кыргыздардын жерлерин тартып берүү үчүн атайын* ***Келгиндер башкармасы*** *негизделет.* Бул Келгиндер башкармасы 1905-жылдан 1912-ж. чейин кыргыздар жашаган Бишкек уездинин өзүндө эле 28 орус-украин кыштактарын негиздеген. Бул мезгилде Ысык-Көлдүн айланасындагы 50 миң теше кыргыздардын түшүмдүү жерлерин орустар тартып алышкан. Натыйжада кыргыздардын турмушу өтө жакырланган. 1916-ж. Пржевальск уездинин 21,1% түзгөн орус калкына бардык айдоо аянттарынын 67,3% туура келген. Бишкек уездиндеги 38,1% түзгөн орус калкы 57,3% айдоо аянттарына ээ болгон. Түркстан генерал-губернатору А. Н. Куропаткин өзү: «Түркстан чөлкөмүндө жашаган башка элдерге кара-



К. Шабданов, Б. Боронбаев, ажы жигит жана болуш катчысы В. Карпов.



Сокуда дан жанчуу.

ганда кыргыз калкы жерди пайдаланууга келгенде көп жагынан укуксуз болушкан», — деп мойнуна алган. Кыргыз эли өз жерлерине ээлик кылуу үчүн ар кандай жолдор менен күрөшүп келишкен.

1916-ж. 25-июнунда жарыяланган падышанын указынан кийин чыдамы түгөнгөн калк колдоруна курал алып, ачык күрөшкө чыккан. Бул указ боюнча Түркстан крайынын жергиликтүү калкынын 19дан 43 жашка чейинки куракгагы эркектери Орусияга оорук иштерине мобилизацияланууга тийиш болгон. Бул указ чыккандан кийин орустардын өзүлөрү кыргыздарды көкүтүшүп, силер оорук иштерине барсанар чочконун этин жейсиңер, окопторго тыгылып өлөсүңөр деген сөздөрдү жайылтышкан.

Элдик толкундоолор ***1916-ж. 4-июлунда Кожент шаарында башталып, бүткүл Түркстан чөлкөмүнө жайылган.*** Күрөштүн эң күчөгөн жери Жети-Суу областынын Бишкек, Пржевальск уезддери болгон. Бишкек уездинин кыргыздары 7-августта көтөрүлөт. Негизги борборлору Беловодский, Бишкек, Токмок, Кемин болуп, 9-августта көтөрүлүшкө Бишкек уездинин тоо арасындагы Суусамыр, Кочкор, Жумгал, Нарын аймактарындагы элдер кошулган. 10-12-августта Ысык-Көлдүн айланасындагы элдер көтөрүлгөн. Эркиндик үчүн айыгышкан күрөш август айынан октябрга чейин созулат. Күрөшкө чыгышкан элге каршы Жети-Суу областындагы орустар, андан сырткары Орусиянын борбордук бөлүгүнөн эки атчандар полку, атчандар батареясы, 35 рота, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек, 47

пулемёт бөлүнөт. Жазалоочу бул аскерлер начар куралданышкан элди ырайымсыз кыргынга алышып, айылдарды өрттөшөт. Жан сактоо үчүн кыргыз эли Кытайды көздөй качышат. Бул күрөштө Пржевальск, Бишкек уезддеринен 150 миңдей адам набыт болгон. Көтөрүлүш басылган соң, 15-октябрда Пржевальск, Бишкек уезддериндеги кыргыздарды тоо арасына көчүрүп, таза орустар жашаган аймакка айландыруу планы талкууланып, ага генерал-губернатор Куропаткин өз мөөрүн басат. *Кыргыздар ушул адилетсиз чечимдин негизинде кылымдар бою мекендеп келишкен Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрүндө жашоого укуксуз болуп калышкан. Бул Орусия империясынын көп жылдар бою көздөп келген максаттарынын ишке ашышы эле.*



Үркүндө эки уулунан жана күйөөсүнөн ажыраган аял.

МАДАНИЯТЫ

XIX к. жана XX к. башында көчмөн турмушка негизделген кыргыз элинин ***оозеки чыгармачылыгы*** — *дастанчылыгы, акындык поэзиясы, музыкалык фольклору* зор өнүгүүгө ээ болду. *Араб арибине негизделген кыргыз жазмасы* кеңири тарады.

Келдибек Барыбозов, Бекмурат (Балыкооз) Кумаров, Тыныбек Жамиев, Чоюке Омуров, Сагымбай Орозбаков сыяктуу залкар манасчылар ***«Манас» эпосун*** айлап, жылдап айтышып, эпостун өнүгүшүнө, элге таралышына баа жеткис салымдарын кошушту. Жарым миллион саптан ашык турган «Манас» эпосун жаңылбай, зор чеберчиликте айтуу зор талантты талап кылган. Ошондой талант дүйнө элдеринин арасынан кыргыз элинин үлүшүнө туура келиши тарыхый чындык. ***Ал эми «Манас» эпосу кыргыз элинин маданиятынын туу чокусу. Өзүнүн жогорку даражадагы көркөмдүлүгү менен эпос оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк шедеврлеринин арасында өзүнүн татыктуу ордун ээлеп турат.***

Бул мезгилде кыргыз элинин залкар акындары ***Калыгул Бай уулу*** (1785 — 1855), ***Арстанбек Буйлаш уулу*** (1868 — 1917), ***Молдо Кылыч Шамыркан уулу*** (1868 — 1917); ***Жеңижок*** (1859 —1918), ***Молдо Нияз*** (1820 — 1856), ***Токтогул Сатылган уулу*** (1864 —1933), ***Байымбет Абдрахман уулу (Тоголок Молдо)*** (1860 — 1942) жашап өткөн.



Кыргыз кыздары. *1911-ж.*

Калыгул Бай уулу менен Арстанбек Буйлаш уулу бир эле учурда өткөндү, өз заманын, келечекти таамай чагылдырган терең мазмундуу ырларды жаратышкан. Калыгул бай уулу *«Тар заман»*, Арстанбек Буйлаш уулу *«Акыр заман»* деген ырларында Орустардын келишин алдын-ала айтышып, ал учурда замандын бузулаарын, замандын келечеги эмне болоорун таамай айта алышкан. Бири-биринин чыгармаларын толуктаган бул ырларынан улам алар ***заманчы акындар*** деген ат алышкан. Бул заманчы эки акындын көптөгөн ырлары кыргыз элинде ардактылып жашап келүүдө.

XIX к. кыргыз элинин маданиятындагы дагы бир өзгөчөлүк *жазгыч акындардын* жаралышы. Андай акындарга Молдо Нияз, Молдо Кылыч Шамыркан уулун, Байымбет Абдрахман уулун (Тоголок Молдо) атоого болот. Араб арибинин негизинде өзүлөрү чыгарган ырларын кагаз бетине кыргыз тилинде жаза билген бул акындар өз мезгилинин билимдүү инсандары болгондуктан, аларга ***Молдо*** деген кошумча наам ыйгарылган. Молдо Ниязды бизге жеткен 2 миңден ашык саптан турган «Санат» ырлары мазмуну боюнча түрк элдеринин поэзиясы менен тамырлаш. Анда өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык сыяктуу философиялык мазмундагы темалар менен катар XIX к. кыргыз жергесиндеги тарыхый шарттар баяндалат. Ал эми Молдо Кылыч Шамыркан уулунун **1911-ж. Казань**




Токтогул Сатылган уулу шакирттери менен.

шаарында *араб ариби менен басылып чыккан «**Зилзала**» эмгеги кыргыз элинин тарыхында басмага жарыяланган алгачкы чыгармалардан болуп эсептелет.*

Жеңижок, Токтогул Сатылган уулу сыяктуу ак таңдай кыргыз акындары ар тараптан өз доорун чагылдырган ырлары, насааттары менен белгилүү. Жеңижок (Өтө) тарбиялык мааниси терең, уккандын акылына уюй турган ырларды ырдаган чоң нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» сыяктуу дастандарды күндөп-түндөп айткан жомокчу болгон. Токтогул Сатылган уулу залкар обон-күүлөрү, сөз чеберчилиги, жаңы муундагы акындарга таалим-тарбия берген устатчылыгы, насаатчылыгы менен башка акындардан айырмаланып турган. 1898-ж. орус бийлиги акынды эч күнөөсүз жети жылга Сибирге сүргүнгө айдаган. Сибирден кайтып келген акын орус падышасына, анын жан-жөкөрлөрүнө каршы чакырык ырларын ырдаган. Мындан сырткары Токтогул Сатылган уулунун лирикалык жана турмуш темаларына арналган ырлары эл арасына кеңири тараган.

XIX к. жана XX к. башында кыргыз музыкасына ***Тиленди, Музооке, Белек, Күрөңкө, Токтогул, Айдарааалы, Сыртбай, Ныязаалы, Тайгожо, Боогачы*** сыяктуу таланттар укмуштуу обондору, күүлөрү менен салымдарын кошушкан. Нотасы жок күүнүн (музыканын) кайрыктарын бир укканда эле эстерине сакташып, зор чеберчиликте аткара билишкен. Алардын үч кылдуу комузда, кыл



Токтогулдун 1910-ж. падышалык төбөлдөргө жазган арызы.

кыякта, ооз комузда, чоордо чыгарышкан обондору, күүлөрү бүгүнкү күндө да терең мазмундуулугу, шандуулугу, угумдуулугу менен өзгөчөлөнүп, эл арасында аткарылып келе жатат.

Суроолор:

1. Кокон хандыгынын ойрон болушунун себеби эмнеде?
2. Орусия империясы качан жана кандай жолдор менен Кокон хандыгын басып алган?
3. Кыргызстанда Орусия империясы үстөмдүгүн кантип жүргүзгөн?
4. Орусия империясына каршы улуттук-боштондук күрөштөр тууралуу айтып бериңиз.
5. XIX к. жана XX к. башындагы кыргыз маданияты тууралуу эмнелерди билесиз?

§ 11. Кыргызстан Совет доорунда (1918 — 1991-жж.)

КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОТУЛУШУ. УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛЫ

1917-ж. февраль революциясы падышаны бийликтен кетиргени менен жаңы коомдук түзүлүштү орното албады. Орусия империясынын Түркстан чөлкөмүндөгү колониялык саясаты эч өзгөрүүсүз калды. Кыргыз, казак, өзбек элдери чыныгы улуттук эркиндиктерине ээ боло алышкан эмес. Жер-жерлердеги бийлик орундарын мурдагы колониялык саясатты жүргүзүп келишкен падышалык төбөлдөр ээлешкен. Кыргызстанда 1917-ж. март айынан баштап түзүлгөн Жумушчу депутаттар советинин башчылары, өкүлдөрү да орус улутундагылардан болуп, жергиликтүү калк андан алыс турган.

1917-ж. 25-октябрында (7-ноябрь) Петроград шаарындагы большевиктер партиясынын төңкөрүшү пролетариат диктатурасынын орношуна алып келген. Ошол эле күнү ачылган Советтердин бүткүл россиялык II съезди бийликтин Советтерге өтүшүн жарыялап, Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Съездде «Жер жөнүндө» жана «Тынчтык жөнүндө» декреттерди кабыл алуу менен бирге «Орусияда жашаган бардык улуттарга өз тагдырын өзү чечүүнүн чыныгы укугун камсыз кыларын» билдирген куру убадасын элге жарыялаган.

1917-ж. 1-ноябрында Түркстан крайынын борбору Ташкентте Совет бийлиги орногону жарыяланат. Ал эми 15-ноябрдан 22-ноябрга чейин Ташкентте Түркстан советтеринин крайлык III съезди өтүп, анда крайлык Эл Комиссарлар Совети түзүлөт. Съездде жер-жерлердеги Совет бийлиги жөнүндө резолюция кабыл алынат. Жаңы түзүлгөн Эл Комиссарлар Советине 15 адам шайланат. Анын жетөөсү большевиктер, сегизи солчул эсерлер болгон. Жаңы түзүлгөн бул Түркстан крайынын өкмөтүнүн курамында бир дагы жергиликтүү элдердин өкүлдөрү киргизилген эмес. Ушунун өзү жаңы түзүлгөн Совет бийлигинин колониячыл мүнөзүн ачык көргөзгөн Түркстан крайлык Эл Комиссарлар Советинин көргөзмөсү менен Кыргызстандын жер-жерлеринде Совет бийлиги орнотула баштаган. Анын башында орус улутундагы бир ууч большевиктердин, меньшевиктердин, эсерлердин партиялык өкүлдөрү турушкан. 1917-ж. ноябрь айынын аягында Кызыл-Кыяда, декабрда Жалал-Абадда, Ошто жана Талас-

та, 1918-ж. февралда Пишпекте (Бишкекте), апрелде Нарында, майда Караколдо Совет бийлиги орнотулат.

Орусия империясынын үстөмдүгүнөн кутулууну, улуттук көз карандысыздыкты күткөн жергиликтүү элдердин ойлору ойрондолуп, жаңы типтеги колониялык башкаруунун аппараттары түзүлөт. **1917-ж. 2-ноябрында** кабыл алынган *«Орусия элдеринин укуктарынын декларациясында» бардык элдердин тең укуктуулугу жана суверендүүлүгү, алардын өз тагдырын өздөрү эркин чечүүгө, өзүнчө бөлүнүп, өз алдынча мамлекет түзүүгө чейин укуктуу деп айтылган көрсөтмөнүн негизинде жергиликтүү калктын алдыңкы өкүлдөрү жигердүү иш-аракеттерин башташкан.* ***Мустафа Чокаев*** башында турган жергиликтүү элдин прогрессивдүү өкүлдөрү **22 — 26-ноябрда Кокондо** жалпы мусулмандардын кезексиз IV съездин чакырышат. *Съезд жергиликтүү элдердин кызыкчылыгына ылайык* ***Түркстан автономиялык түзүлүшүн*** *жарыялайт.* Жаңы түзүлгөн *Кокон автономиялык өкмөтүнүн курамы Ташкенттеги Эл Комиссарлар Советинен интеллигенттүүлүгү, демократиялуулугу жагынан да айырмаланган.* Жаңы өкмөттүн курамына жергиликтүү элдердин өкүлдөрү менен катар славян улутунун өкүлдөрү да кирген. Бул өкмөт Түркстан аймагында айрыкча Фергана өрөөнүндө жергиликтүү калктын колдоосуна алынат. Кокондо түзүлгөн жаңы өкмөттүн эл арасында кадыр-баркынын өсүшүнө каршы Ташкенттеги Эл Комиссарлар Совети биринчи күндөн баштап тескери агитацияны, экономикалык блокадаларды уюштура баштаган. Ал турмак жаңы өкмөттү мыйзамсыз катары эсептеп, мүчөлөрүн камакка алууга бүтүм чыгарышат. 1918-жылы февраль айынын аягында большевиктер менен солчул эсерлер башында турган кызыл армиячылар, жумушчу отряддары, армян дружинниктери Коконду курал менен басып алып, массалык террорду уюштурушкан. Кокон автономиясынын өкүлдөрү, милициянын начальниги Эргеш шаардан чегинүүгө аргасыз болушкан. *Бул окуя Фергана өрөөнүндөгү улуттук-боштондук күрөштүн башталышына алып келген.* Өрөөндөгү жергиликтүү калк көз карандысыздык үчүн кыймылга кошулуп, большевиктик режимге, колониялык саясатты уланткан Совет бийлигине каршы жалпы күрөшкө чыгышкан. Фергана өрөөнүндөгү Жалал-Абад, Ош, Эски Маргалаң, Анжиян шаарлары улуттук-боштондук кыймылдын негизги борборлоруна айланган. 1919-ж. 22-октябрда Алайдагы Эркештам айылында күрөшкө чыгышкан корбашылардын курултайы болуп, анда *Фергана автономиясынын убактылуу өкмөтү* түзүлгөн. Өкмөттүн башына күрөштүн көрүнүктүү жетекчиси ***Мадаминбек*** шайланган. 1920-ж. Мадаминбек өлгөндөн кийин ордуна ***Шермухаммадбек*** келип, ал 3-майда *Түркстан — түрк эркин ислам жумуриятын* негиздейт. *Анын убактылуу өкмөтү Фергана өрөөнүндө зор кадыр-баркка ээ болгон.*

Бирок 1918-жылдан 1924-ж. чейин созулган улуттук-боштондук күрөш («басмачылык кыймыл») М.В.Фрунзе башында турган

Түркстан фронту деп аталган большевиктик күчтөр тарабынан басылган. Айрым кыргыз айылдарында геноциддик кыргындарды уюштурушкан. Большевиктердин куугунтугунан кутулуу үчүн кыргыздын көптөгөн алдыңкы инсандары журт тышына качууга аргасыз болушкан. Алардын урук-туугандары бүгүнкү күндө да Чыгыш Түркстанда, Түркияда, Пакистанда ж.б. өлкөлөрдө жашап келүүдө.

КЫРГЫЗ СОВЕТ МАМЛЕКЕТИНИН ТҮПТӨЛҮШ БАСКЫЧТАРЫ

Кыргызстандын түштүк райондорунда улуттук-боштондук аракеттер жүрсө, түндүк райондорунда ак гвардиячылардын кыймылы чыгып турган. Кыргыз калкынын эркиндигине каршы Чүй, Ысык-Көл, Нарын аймактарындагы орус кулактары козголоңдорду уюштуруп турушкан. Алар падышалык мезгилдеги колониялык үстөмдүгүн сактап калуу үчүн аракеттенишкен. 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылда Орусиянын геноциддик кыргынынан Кытайга жан сактоого качышкан кыргыздардын мекенине кайтуусуна каршылык көрсөтүшкөн. *Кыргыз элинин алдыңкы көз караштагы* ***И. Арабаев, К. Тыныстанов, А. Сыдыков, И. Айдарбеков*** *сыяктуу атуулдары өз элинин эркиндиги үчүн күрөштүн башында турушкан.*

1920-ж. Казахстан автономиялык республикага айлангандан баштап Жети-Суу, Сыр-Дарыя областтарында жашаган кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүгүн орнотуу үчүн аракеттер башталат. Рахманкул Худайкулов башында турган айрым адамдар бул областта жашаган кыргыздардын Казакстандын аймагына биригүүсүн жактап чыгышат. ***Абдыкерим Сыдыков, Юсуф Абдырахманов,*** башында турган кыргыздын алдыңкы интеллигенттери Кыргыз мамлекетин калыбына келтирүү үчүн күрөшкө чыгышкан. 1922-ж. жазында алардын Тоолуу Кыргыз областын түзүү, РСФСРдын курамына түз кошулуу демилгелерин РКП (б)нын Борбордук Комитети да колдоого алып, уруксат берген. Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча уюштуруу съезди **1922-ж. 1-июнунда** башталып, **3-июнунда** ***Тоолуу Кыргыз области*** *мыйзамдуу түрдө түзүлөт. Бул күн Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыбына келтирилген күнү катары тарыхтан орун алган.* Бирок Р. Худайкулов тарабынан И. Сталинге кат даярдалып, анда Тоолуу Кыргыз области буржуазиячыл-улутчул түзүлүш катары көрсөтүлөт. Ушул каттын негизинде И. Сталин тарабынан өз алдынчалыгы калыбына келтирилген алгачкы кыргыз мамлекеттүүлүгү — Тоолуу Кыргыз области жоюлган. Анын жетекчилери А. Сыдыков, К. Тыныстанов, И. Арабаев, И. Айдарбеков ж.б. адамдар «улутчулдар», «пантюркисттер», «панисламисттер» деп айыпталган.

1918-ж. май айынан баштап РСФСРдын, 1922-ж. 30-декабрынан СССРдин курамына киргизилген Түркстан Автономиялык Советтик

Социалисттик Республикасын (Түркстан АССРи) өз алдынча улуттук мамлекеттерге бөлүү 1924-ж. РКП (б) БКнын негизги маселелеринин бирине айланган. Бул маселенин эки тараптуу жагы болгон. Биринчиси, Түркстан чөлкөмүндөгү элдердин саясий биримдигин жок кылуу. Түркстан чөлкөмүнүн бирдиктүү мамлекетке айланышы Орусиянын колониялык мүдөөсүнө тоскоол болуп, келечекте зор коркунучка айланаары бышык эле. Колониялык саясатты улантууну каалаган РКП (б) үчүн Түркстан калкын майда-майда мамлекеттерге бөлүп башкаруу максаты коюлган. Экинчи жагы, кыргыз эли үчүн мамлекеттүүлүгүнүн калыбына келтирилиши тарыхый зор мааниге ээ болгон. Бирок алгачкы күндөн тарта Кыргызстан өз алдынчалыгына ээ боло алган жок. Ал Москвага көз каранды, коммунисттик диктатуранын колониялык ээлигиндеги бир республикага айланган.

1924-ж. 14-октябрында Москвада Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин (ББАК) 2-сессиясы Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Кара-Кыргыз Автономия Областы түзүлүп, ал РСФСРдын курамына киргизилген. Жаңы түзүлгөн Кара-Кыргыз Автономия Областынын партиялык жетекчиси И. Каменский, Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп жергиликтүү улуттун өкүлү ***И. Айдарбеков*** бекитилген.

1925-ж. 25-майынан *Кыргыз автономия областы,* **1926-ж. 1-февралынан** *Кыргыз АССРи деп өзгөргөн. СССРдин* **1936-ж. 5-декабрындагы** *Конституциясы боюнча Кыргыз ССРи түзүлгөн.*

ТОТАЛИТАРДЫК СИСТЕМАНЫН КҮЧӨШҮ. РЕПРЕССИЯЛАР

Тоталитардык система Совет бийлиги орнотулган алгачкы күндөрдөн эле башталган. 1918-ж. эсерлер партиясы бардык бийликтен четтетилип, большевиктер партиясынын диктатурасы үстөмдүгүн толук орноткон. Большевиктердин административдик-буйрукчул башкаруусу астында көз каранды Кыргыз мамлекетинин жашоосу башталган. Жаңыдан калыбына келтирилген Кыргыз мамлекетинин коомдук-саясий, экономикалык, маданий турмушундагы маанилүү маселелер Москванын көрсөтмөсү менен башкарылган. Кыргызстандын тарыхый шарты менен таанышы жок адамдар Москва тарабынан жөнөтүлүп, эң жогорку бийлик орундарын ээлешкен. 1925-жылдан 1932-ж. чейин Москвадан Кыргызстанга 500дөн ашык адам жогорку кызматтарга жөнөтүлгөн. Кыргыздын көрүнүктүү мамлекеттик жетекчилери сталиндик административдик-командалык саясатка нааразычылыгын билдиришкен. ***1925-ж. 12-июнунда А. Сыдыков, А. Орозбеков, И. Айдарбеков сыяктуу жетекчилер башында турушкан 30 адам административдик-буйрукчул системаны айыптаган билдирүүсүн Москвага жиберишкен.*** *Бирок*

*Сталин тарабынан бул катты даярдаган кыргыздын көрүнүктүү атуулдары жазаланып, бийликтен четтетилген. **1927 — 1932-жж.** Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы **Юсуф Абдрахманов** тоталитардык режимдин күч алышына каршы көптөгөн аракеттерди жүргүзгөн. Бирок ал **1933-ж.** жалган жалаа менен кызматтан алынган.* Советтик тоталитардык система өлкөнү индустриялаштыруу, коллективдештирүү мезгилинде ого бетер күч алган.

Тоталитардык системанын эң ашынган мезгили репрессия жылдары болуп эсептелет. Кыргызстанда «эл душманы» катары жазалоо иштери 20-жж. аягында башталган да, 30-жж. башында мамлекеттик ишмерлерди жазалоо, камакка алуу күчөй баштаган. *1933-ж. 9-майында көрүнүктүү мамлекеттик ишмер **Абдыкерим Сыдыков** камакка алынып, жалган жалаа менен 10 жылга сургунгө айдалган.* Ушул мезгилдерде эле кыргызстандык 10 миң «эл душманын» таап, жазалоо иштери пландаштырылган.

1937-ж. сентябрда Кыргыз Республикасынын НКВДсынын башына полковник Лоцманов дайындалат. Анын келиши менен массалык репрессиялар башталган. *«Алаш-Ордо» контрреволюциячыл уюмунун өкүлү», «Социал-туран партиясынын мүчөсү», «чет элдин шпиондору», пантюркисттер, панисламисттер деген жалган жалаалар менен партиялык, советтик кызматкерлер, интеллигенция өкүлдөрү жана башкалар сотсуз, жашыруун түрдө өлүм жазасына тартылышкан. Алардын арасында Кыргызстандын эң алгачкы мамлекеттик жетекчилери **А. Сыдыков, Ю. Абдырахманов, А. Орозбеков, Т. Айтматов, И. Айдарбеков, К. Тыныстанов, Б. Исакеев, Ж. Саадаев ж. б. бар. Жалпысынан алганда 30 миңдей кыргызстандык атуулдар сталиндик репрессиянын курманы болушкан.***

***1991-ж. июнь айында** Бишкек шаарына жакын **Чоң-Таш** деген жерден эски кирпич заводунун шахтасына көмүлгөн **138 адамдын сөөгү** табылды. Алар **1938-ж. 5 — 8-ноябрында** атылган адамдардын тобу. Арасында кыргыздын эң атактуу уулдарынын сөөктөрү бар. Баардыгы күнөөсүз өмүрү кыйылган сталиндик террордун курмандыктары. Ал жерден табылган адам сөөктөрү ардактап көмүлүп, **«Ата-Бейит» көрүстөнү** аталды.*

КЫРГЫЗСТАН 40 — 90-жж.

Советтер бирлигиндеги Кыргыз Республикасы дүйнөлүк экинчи согуштун (1939 — 1945) орчундуу бөлүгү болгон Улуу Ата Мекендик согушта душмандын мизин кайтаруу үчүн бүткүл күч-аракетин жумшаган. Фашизмге каршы бул согушка Кыргызстандан 360 миңдей адам катышып, анын 80 миңден ашууну курман болгон. Мындан сырткары 30 миңден ашуун адамы республиканын сыртындагы

согуштук өнөр жайларда иштешкен. Кыргызстандагы эмгекке жарамдуу калктын бардыгы фронт үчүн иштешкен. Совет бийлигинин мезгилинде топтолгон байлыктарынын бардыгы фронтко жөнөтүлгөн. Согуш жылдарында республиканын колхоз-совхоздору 4,5 млн. пуд данды, 2,7 млн. пуд картошка менен жашылчаны, 2,7 млн. пуд этти, 372 миң пуд жүндү согушка чейинки 5 жылдагыдан ашык берген. Мындан тышкары колхоз-совхоздор, колхозчулар коргонуу фондуна 4,5 млн. пуд дан жана 500 миң пуд эт тапшырган. Булардын көпчүлүгү элдерден мажбур түрүндө зордук менен чогултулган. Айыл-кыштактардын калкы ачкачылыкка кабылган учурлар көп болгон.

Мындан сырткары согуш жылдарында кыргыз калкы Кыргызстанга зордук менен Кавказдан көчүрүлгөн миңдеген түрк калктарын асырашкан. Согуш жылдарында Кыргызстандын 150 миң адамы орден жана медалдар менен сыйланган. Алардын 72 жоокери Советтер Союзунун баатыры болушкан.

Согуштан кийинки жылдарда Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу, экономикалык жагдайы Москвадагы коммунисттик режимдин саясатына байланыштуу өнүккөн. 1946-жылдан 1953-ж. чейин сталиндик катуу режим сакталып, куугунтуктоо, жазалоо иштери күчөгөн. Ички иштер министри Бериянын көрсөтмөсү аркылуу миңдеген кыргыз инсандары камакка алынып, узак мөөнөт менен советтик концлагерлерге айдалышкан. **1956-ж. баштап** *Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда өзгөрүүлөр жүргөн. Сталиндик режим айыпталып, репрессияга дуушар болушкан күнөөсүз инсандар акталган. Бул жылдары республиканын башында турган* ***Исхак Раззаков*** *тарабынан улуттун кызыкчылыгына шайкеш келген иштер жасалган. Кыргыз интеллигенциясына көңүл бурулуп, улуттук жаңы кадрлар өстүрүлгөн.*

1960 — 1985-жж. республикада түстүү металлургия менен ири энергетиканы, көп тармактуу машина куруу, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы, кой чарбасы, пахтачылык, кызылча-кант өндүрүшү өнүккөн. Бирок, жалпысынан алганда, республика чийки заттарды өндүрүп, кен байлыктары Москва тарабынан ташылып, көзөмөлгө алынып келген. Чет өлкөлөр менен өз алдынча мамиле түзө алган эмес жана эл аралык уюмдарга мүчө боло албаган. 60 — 80-жж. курулган республикадагы өнөр жайларга Орусиядан жумушчулар чакырылып, кыргыздар ал жумуштарга тартылбаган. Орусташтыруу саясаты күч алган. Экономикалык интеграцияда Кыргызстандын шарты эске алынбаган. Административдик-командалык система Кыргызстанды, анда жашаган калкты узак убакыт бою тумчуктуруп келди.

Совет мезгилинде кыргыз калкы маданий зор өнүгүүгө ээ болду. Сабатсыздык толук жоюлду. 1930-ж. баштап Кыргызстанда жалпыга милдеттүү, 1970-ж. тартып жаштарга жалпы орто билим берүүгө өтүү маселелери чечилген. Орто жана жогорку окуу жайлары ачылып, ар кайсы тармак боюнча билимдүү адамдардын саны өстү. 1926-ж. баштап 1980-ж. чейин Кыргызстандын ар кайсы аймактарында 43 атайын орто окуу жайлары, 1930 — 1980-жж. 10 жогорку окуу жай-



Сокулук районундагы Асылбаш айылынын аксакалдары Карбөз менен Шаршен (атчаны) эл арасында. *1930-ж.*



«Манас». *Т. Т. Герцендин гравюрасынан.*




Валиханов Ч. Ч.
(1835 — 1865)



Радлов В. В.
(1837 — 1918)



Ауэзов М. О.
(1897 — 1961)



Абрамзон С. М.
(1905 — 1977)



Юнусалиев Б.
(1913 — 1970)



Худяков Ю. С.
1947-ж. туулган

лары ачылды. Алардан миңдеген орто жана жогорку билимдүү адистер даярдалган.

1943-ж. 13-августунда Кыргызстанда СССР ИАсынын филиалы ачылып, 1954-ж. өз алдынча ИАсы түзүлгөн. Кыргыз ИАсынын алдында ар кайсы тармактар боюнча ондогон институттар ачылып, анда миңдеген илим адамдары эмгектенишкен. Бирок билим берүүдө да Москва тарабынан көзөмөлдөө жүрүп, орду толгус одоно иштер жасалган. Кыргыз тамгасынын эле үч жолу саясатка негизделип алмашылышы бул иштин ачык күбөсү. 1928-ж. чейин араб ариби, 1940-ж. чейин латын ариби, 1940-ж. кийин кириллица арибинин киргизилиши атайын саясат үчүн жасалган. Көп-

төгөн илимдин өнүгүшүндө космополиттик, идеологиялык үстөмдүк өкүм сүргөн. Кыргыз элинин өткөн тарыхы, адабияты коммунисттик саясатка негизделип жазылган. Кыргыз тили илимий чөйрөдө колдонулбай келген.

Совет мезгилинде кыргыз улуттук адабияты, көркөм өнөрчүлүгү, музыкасынын өнүгүшүндө да зор ийгиликтер жаралган. Кыргыз жазуучуларынын, акындарынын жаңы муундары өсүп чыгышкан. ***Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касым Тыныстанов, Алыкул Осмонов, Чыңгыз Айтматов*** жана башка акын-жазуучулар элге кеңири белгилүү чыгармаларын жаратышты. *Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дүйнө тилдеринде жарык көрүп, XX к. эң белгилүү жазуучусу катары таанылды.*

Кыргыз элинин «Манас» эпосу баш болгон бардык эпостору жарык көрдү. Залкар манасчылар ***Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбак уулу*** «Манас» эпосун даңазалашты.

Улуттук музыка, театр жана башка көркөм өнөр түрлөрү өнүгүп, элдик филармония, драма театрлары, опера жана балет театры негизделди. Улуттук симфониялар жазылып, оркестрлештирилди. Көркөм сүрөтчүлүк, айкелчилик, улуттук кинолор түптөлүп, өнүгүүгө жетишти.

Жыйынтыктап айтканда, Совет мезгилиндеги көптөгөн оошкыйыштарга карабастан кыргыз элинин маданияты ар тараптан өнүгүүгө дуушар болгон. Улуттук интеллигенция бул мезгилде бардык тармактар боюнча калыптанып, татаал жолду басып өткөн.

Суроолор:

1. Кыргызстанда Совет бийлиги кандайча орнотулган жана эл кандай кабыл алган?
2. Кыргыз совет мамлекетинин калыптануусу тууралуу айтып бериңиз.
3. Тоталитардык система жана Кыргызстандагы репрессиялар тууралуу эмне билесиз?
4. Кыргызстан 40 — 90-жж. кандай окуяларды башынан кечирген?
5. Совет доорунда кыргыз маданияты кандай өнүгүүгө дуушарланган?

§ 12. Көз карандысыз Кыргыз Республикасы

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮ ҮЧҮН КҮРӨШ. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК КӨЗ КАРАНСЫЗДЫК ДЕКЛАРАЦИЯЛАРЫ

Кыргызстан Советтер Союзунун курамында турган убагында саясий, улуттук жагынан толук эркиндиги жок өлкө эле. Кыргызстандын ар бир аракетин москвалык төбөлдөр көзөмөлдөп, алардын айтканын, кыргыз жетекчилери кыңк этпей аткарып келишкен. Анткени Республиканын жетекчилерин Москванын Кремлиндеги Компартиянын жетекчилери дайындап турган. Жакпай калган жетекчини каалаган убакта алмаштырып, анын ордуна сөз уга турган, баш көтөрүп каршылык көргөзө албаган өз адамдарын дайындашчу. Кыргызстан өз алдынча башка өлкөлөр менен дипломатиялык байланыштарды түзө албаган. Республика үчүн маанилүү курулуштарды, анын ичинде зарыл завод-фабрикаларды, кураардан мурда Москвадан уруксат сурашчу. Ошентип, Кыргызстан өз алдынча маанилүү маселелерди чечүү укугуна ээ болбой келген.

1985-ж. апрелинен башталган *маалымдуулук, «кайра куруу» саясаты* Москвага баш ийип келген республикаларды жанданды-рып, эркиндик тууралуу ачык айтып чыгууга мүмкүндүк берди. ***Союздан бөлүнүү маселесин*** *алгач Балтика жээгиндеги үч республика: Латвия, Литва, Эстония көтөрүп чыкты.* Аталган республикаларда *бейформал уюмдар* түзүлүп, алар коммунисттик режимге каршы аракеттене башташкан. Алдыңкы көз караштагы айрым коммунисттер, окумуштуулар, СССРдин эл депутаттары өлкөдө жаңыдан түзүлө баштаган кыймылдарды тымызын да, ачык да колдоп чыгышкан. Алардын арасында кыргызстандык депутаттар **Чыңгыз Айтматов** менен **Аскар Акаев** да болгон.

Кыргызстанда эркиндик үчүн күрөш эң оболу өз жерлерине ээ болуу идеялары менен башталган. Анткени 60-жылдардан тартып шаар калкы кыргыз жаштары менен көбүрөөк толуктала баштаган. Фрунзе (Бишкек), Ош шаарларында туруктуу жашап калышкан кыргыз жаштарынын турак жай маселесине жетиштүү көңүл бурулган эмес. Менчик үй куруу үчүн жер сурап кайрылган кыргыз жаштарынын арыздарына бийликтегилер кайдыгер карашкан. Ошол эле учурда республиканын сырт жактарынан көчүп келишкен башка улуттун өкүлдөрү тез эле үйлүү-жайлуу болушуп, ашыкча үйлөрүн шаарда жашаган кыргыз жаштарына ижарага берүүгө үлгүрүшкөн. *Өз же-*

ринде үйгө, үй куруу үчүн жерге ээ боло албай, ар кимдин короосунда ижарада жашап келишкен жаштардын чыдамы түгөнүп, **1989-ж. апрель-июнь айларында** *Фрунзенин айланасындагы жерлерди уруксатсыз ээлей башташкан.* Бийликтегилер жаштардын мындай аракетин айыптап, аларды тартипке чакыруу чараларын көрө баштайт. Аттуу-баштуу айрым адамдар кыргыз жаштарын «басмачы» катары айыптап, гезит беттерине макалаларын жазууга үлгүрүшкөн.

Бийликтегилердин кысымы күчөгөн июнь айында кыргыз жаштары өздөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн ***«Ашар»*** («Ынтымакташып иш бүткөрүү» маанисиндеги сөз) *аттуу коомдук-саясий кыймыл* түзүшкөн. «Ашарга» карата коммунисттик бийликтин куугунтуктоосу күчөгөндө анын мүчөлөрү **1990-ж. январда жана февралда** *уруксаты жок алгачкы антикоммунисттик митингдерди уюштурушкан.*

«Ашарчылар» Балтика боюндагы демократиялык күчтөр менен да байланыш түзгөн. Бишкектеги жана жумурияттагы прогрессивдүү маанайдагы интеллигенция жаштардын бул кыймылын, эгемендүүлүккө чакырган демилгелерин колдоп кетти. **1990-ж. февраль-апрель айларында** алар Кыргызстан Коммунисттик партиясынын лидери А. Масалиев менен борбор шаарда бир нече ирет ачык дискуссияга чыгып, өздөрүнүн саясатта, экономикалык реформа жаатында, маданий маселелерди чечүүдө, экологиялык жагдайды жакшыртууда ж.б. багытта саясий талаптарын ачык ортого коюшкан. Натыйжада Кыргызстанда да коммунисттик режимге каршы күрөшкөн саясий күч жаралган. *Жыйынтыгында кыргыз жаштары жерге гана эмес, эгемендикке да ээ болуу үчүн күрөштүн баштоочулары болуп калышкан.*

1990-ж. жазында бир нече жашыруун саясий уюмдарды түзүү аракеттери жасалды. Алардын бири — ***«Асаба»*** *кыймылынын өкүлдөрү* **1990-ж. 1-май** *майрамындагы коммунисттик демонстрация маалында альтернативдүү колонна менен кызыл желектин ордуна көк түстөгү транспаранттарды жана демократиячыл маанайдагы ураандарды көтөрүп,* ***«Жашасын демократия!»*** *деген талап менен чыгышты.*

Бир нече майдараак коомдук-саясий жана коомдук уюмдар **1990-ж. 25—26-майда** Фрунзеде ***«Кыргызстан Демократиялык кыймылы»*** (КДК) аттуу ири саясий майданды түзүштү. Кыймылга республикада пайда болгон ар кандай 24 коомдук уюм бириккен. Анын программасында Кыргызстандын эгемендүүлүгүн чыңдоо, демократиячыл көп партиялуу саясий түзүлүштү орнотуу, коммунисттик менчик системасынын ордуна менчиктин көп түрдүүлүгүн киргизүү, жеке менчик секторуна жол берүү сыяктуу максаттар коюлган. КДКнын уюштуруу жыйынында уюмдун беш төнтөрагасы (К. Акматов, Т. Дыйканбаев, Ж. Жекшеев, К. Матказиев, Т. Тургуналиев), Кеңеши, Башкармалыгы шайланды. Бул уюмду айрым

коммунист жетекчилер экстремисттик топ катары чочулоо менен кабыл алышты.

Жаңы кырдаал **1989 —1990-жж.** илимпоздор дүйнөсүнүн да жандануусун *туудурду.* **1989-ж. июнда** ***Кыргызстан Жаш Тарыхчылар Жамааты*** *аттуу жаңы уюм түзүлүп, анын* ***Уюштуруу жыйыны алгачкы жолу кыргыз тилинде*** (орусча синхрондуу которуу менен) *өткөн.* Кыргызстан Илимдер академиясынын жаш илимпоздору (философ, экономист, филолог, юрист, тарыхчы ж.б.) жана жогорку окуу жайлардын окутуучулары ар кыл саясий уюмдардын уставдарын жана программаларын даярдоого катышкан. **1990-ж. июнда Ташкентте** *«Орусия империясынын Орто Азияга агрессиясы» аттуу темада илимий конференция уюштурулуп, ага түркстандык жумурияттардын тарыхчы илимпоздору менен бирдикте кыргызстандык тарыхчылар да катышты.* Жаңыча көз карашты таркатууда **Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов** сыяктуу жазуучулардын, акындардын, публицисттердин, журналисттердин, өнөрпоздордун, мугалимдердин ролу чоң болду. Алардын курч макалалары «Кыргызстан маданияты», «Ленинчил жаш» газеталарында басылып турду. «Ала Тоо» журналы элдик эски мурастарды, тоталитардык доордо жарыялануюга тыюу салынган тарыхчылардын, заманчы акындардын, жалпы эле окурмандарга жетпей келген чыгармаларды жайылтууда маанилүү роль ойноду. *Кыргызстанда* ***эркин басма сөз*** *түптөлө баштады.*

Кыргызстанда эгемендүүлүккө умтулуунун дагы бир аракеттери **кыргыз тилине мамлекеттик статус берүү** *мезгилинде көрүндү.* Совет бийлигинин соңку жылдарында, айрыкча 60-жылдардан — борборго ашкере жагынуучулук күч алгандан баштап, кыргыз тили Кыргызстанда мамлекеттик тил болуудан калган. Бишкек шаарында кыргыз тилинде бирин-серин гана бала бакча, мектептер болгон. Коомдук жайларда, ар кандай жыйындарда кыргыз тили колдонулбай калган. Кайра куруу мезгилинде улуттук аң-сезим өсүп, тарыхый мурастардын, тилдин сакталышы курч көтөрүлө баштаганда кыргыз тилин өнүктүрүү, ага мамлекеттик ыйгарым берүү жөнүндөгү кыймыл кеңири кулач жайган. Тилдин сакталышы кыргыз улутунун сакталышы экенин ар бир атуул түшүнө баштаган. *Натыйжада, жалпы элдин талабы боюнча* **1989-ж. 23-сентябрда** *Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаттары* **«Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамды кабыл алышкан.** Бул мыйзамга ылайык Кыргызстанда мамлекеттик тил менен бирге башка тилдердин эркин өнүгүүсү үчүн да кам көрүлгөн.


1990-ж. июндун алгачкы күндөрү *«Ош окуясы» тымызын уюштурулуп, кылымдар бою бир тууганды кта жашаган кыргыз жана өзбек тууганд арынын өз ара чабышуусу Ош шаарында жана анын айланасында, Өзгөн шаарында жана анын жака-белинде ж.б. айрым жерлерде болуп өттү.* Чындыгында Оштогу кыргыз-өзбек элинин ортосундагы чыр-чатакты бийлик өзү уюштурганы кийин маалым

болду. Апрель-май айларында Ош шаарында жашаган кыргыз жаштары Бишкектеги кыргыз жаштарындай үй салуу үчүн жер сурап бийликтегилерге кайрылышат. Бирок, областтык жетекчилер аны оң чечип бере алган эмес. Качан жаштардын талаптары күчөй баштаганда аларга Ош шаарындагы өзбек диаспорасы жашаган аймактан жер беришет. Үйсүз кыргыз жаштарынын Оштун тегерегинде жер алып, үй куруу аракеттери айрым өзбек улутундагы автономия суроого ниеттенген жикчи экстремисттер тарабынан каршы кабыл алынып, стихиялуу түрдө чакан топтордун өз ара чарпышуусу улуттар аралык араздашуунун селине чейин көтөрүлүп чыкты. Натыйжада эки элдин ортосунда кандуу кагылышуу чыгып, ортого Москва кийлигишип, атайын даярдыктан өткөн, СССРдин аймагында болуп өткөн кагылышууларды басууда мол тажрыйбага ээ аскерлер киргизилет. **Июндун башында** *Түштүк Кыргызстандын айрым Ош, Өзгөн сыяктуу аймактарында,* **7-июнда** — *Бишкекте* ***коменданттык саат*** киргизилди.

Арийне, элдик акыл-эс бат эле бул провокациячыл окуяларга чек коюуга жетишти. Ч. Айтматов сыяктуу интеллектуалдар да, коммунисттик бийликтер да, КДКнын курамындагы оппозициячыл демократиялык күчтөр да калайыкты сабырдуулукка чакырышты. Кавказда, Балтика боюнда, Молдовада жүзөгө ашкан этностор аралык маанисиз өз ара кагылышуу Түштүк Кыргызстанда да орун алса дегендердин тилеги таш капты. Кылымдар бою калыптанган кыргыз-өзбек тарыхый боордоштугу 200дөн ашуун кишинин өмүрүн алган бул сыноого туруштук берди. Көп өтпөй эки эл ортодогу таарынычтарын унутушуп, ынтымакка келишти.

Кыргызстандагы демократиялык кыймылды муунтуу үчүн Ош окуясын пайдалануу аракеттери да майнапсыз аяктады. Көп улуттуу курамы менен айырмаланган КДКда кыргыздар эле эмес, орус, еврей, немис, уйгур, казак, өзбек ж.б. улуттардын өкүлдөрү бар эле..

1990-ж. жай мезгилинде *коммунисттердин өзүлөрү да* ***консерватордук*** *жана* ***реформачыл*** *канат болуп экиге жиктеле башташты.* **А. Акаев, Ж. Сааданбеков** сыяктуу коммунисттер реформачыл багытты тутушкан. Ошол эле жылдын октябрь айында Кыргызстандагы демократиялык кыймылдын мүчөлөрү ***саясий ачкачылык жарыялоону*** чечишкен. Алардын мындай аракетин Жогорку Кеңештин 114 депутаты колдоого алат. Натыйжада **22-октябрда** *башталган Жогорку Кеңештин II сессиясы учурунда саясий ачкачылыкка чыкандар коммунисттердин лидери Апсамат Масалиевдин Жогорку Кеңештин төрагалыгынан баш тартуусун, президенттик башкаруу системасынын негизделишин, көп партиялуулукка жол берилишин, Коммунисттик партиянын расмий башкаруучу партия катары макамынын жоюлушун, Ош окуясына саясий баа берилишин ж.б. талаптарды коюшкан.* Бул акция калайыкты да, парламенттик ички күрөштү да жандантты. Ага карабай, бийлик акыркы аракетин жасап, Компартиянын лидери А. Масалиевди президент кылып шай-



Кыргыз Республикасынын туңгуч Президенти Аскар Акаев

лоого жандалбас жасайт. Бирок, шайлоо учурунда көпчүлүк депутаттар анын талапкерлигин колдошкон эмес.

Жыйынтыгында *демократиячыл маанайдагы депутаттар атаандаштык шайлоо аркылуу академик* **Аскар Акаевди** *Кыргызстандын туңгуч президенттигине шайлаган.* Бул күн **1990-жылдын 27-октябры** болчу. Бийликке демократиячыл күчтөрдүн өкүлү болгон Аскар Акаевдин келиши менен Кыргызстанда саясий кырдаал жакшырган. Өлкө демократиялык өнүгүү жолуна багыт алган. **Ноябрь айында Кыргызстан** «советтик» жана «социалисттик» деген аталышынан ажыратылып, **Кыргыз Республикасы** деп жарыяланды. **1990-ж. 15-декабрда** Жогорку Кеңеш *«Эгемендик жөнүндө декларацияны»* кабыл алды. Кыргызстан Советтер Союзуна кирген эгемен өлкө катары жарыяланды **1991-ж. январда** *республиканын акимдик-*



КДКнын мүчөлөрү. *1991-ж.*

аймактык башкаруу системасы алты область (Чүй, Талас, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын) *жана баш калаа болуп кайрадан түзүлдү.* Өлкөдө көп партиялуулукка жол ачылды. Кыргызстандын эркиндиги үчүн күрөшүп келген саясий уюмдарга куугунтук токтотулду. **1991-ж. 5-февралда борбор шаардын тарыхый аты калыбына келтирилип,** Фрунзе аталышы — **Бишкек** болуп өзгөртүлдү. Ошентип Кыргызстан Орто Азия республикаларынын арасынан демократиялык өнүгүү жолуна багыт алган алгачкы республика катары дүйнө коомчулугуна тааныла алды.

1991-ж. 9—10-февралында «Кыргызстан» демократиялык кыймылынын Биринчи курултайы өткөрүлүп, мурдагы беш тең төраганын ордуна үчөө (Ж. Жекшеев, К. Акматов, Т. Тургуналиев) кайрадан шайланышты. **2-мартта** Бишкектеги борбордук аянтта (кийинчерээк «Ала-Тоо» аянты атыкты) ***КДКнын өкүлдөрү митинг өткөрүшүп,*** *СССРди мурдагы калыбында сактап калууга каршы нааразылыгын билдиришти.* **17-мартта** болсо бүткүл Советтер Союзунун аймагы боюнча СССРди жаңы деңгээлде сактап калуу боюнча **референдум** *өткөрүлдү.* Талаш-тартыштуу, чаташтырылып түзүлгөн референдумдук суроого жооп берүүдө жаңыланган Биримдик үчүн кыргызстандыктардын 94,6 пайызы «макул» деп добуш бергендиги маалым болду.

Ошол учурда бул идеяны президент А. Акаев да жактаган. Бирок анын жана Б. Ельцин сыяктуу башка президенттердин конфеде-



Кемин районунун мааракесинде. *1996-ж. октябры.*
Туруп тургандар: тарыхчылар жамаатынын төрагасы К. Молдокасымов *(солдо)*, Жогорку Кенештин мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы К. Идинов, тарыхчы жана журналист Т. Чоротегин *(оңдо)*.
Ортодо отурган — Чарльз Карлсон.

рацияга ыктаган түшүнүгү менен катаал борбордоштурулган федерацияны эңсеген эскичил коммунисттердин түшүнүгүнүн ортосунда терең айырма бар эле.

1991-ж. апрелде Кыргызстан Компартиясынын БКсынын Биринчи катчылыгына А. Масалиевдин ордуна жашыраак **Ж. Аманбаев** шайланды. Жетекчилер алмашканы менен коммунисттер дагы эле борборчул (эгемендикке каршы) партиялык расмий саясатын уланта бериштери. Алар ошол жылы **1916-ж.** *улуттук-боштондук кыймылдын 75 жылдык мааракесин өткөрүүгө* да каршы турушту. КДКнын, «Ашар» козголушунун демилгеси менен улуттук-боштондук кыймылдын 75 жылдыгын, андагы кыргынга кабылган кыргыз элинин жоготууларын эскерүү өткөрүлмөй болду. *Ал* **3-июнда** *Сокулуктагы Асылбаш айылында митинг менен ачылып, Кытайды көздөй жан сактоо үчүн качкан изди жаңыртып басуу жүрүшү менен уланды.* **«Өмүр көчү»** *аттуу бул жүрүштүн катышуучулары* **4-июнда Бишкектин борбордук аянтында да митинг өткөрүштү.** *Жүрүш Караколго жана Торугарт чек ара бекетине чейин эки салаа болуп уюштурулуп,* **16-июлда** *сонуна чыкты.* Бул жүрүшкө В. Черноморец сыяктуу орус демократы да тилектештик иретинде катышты.

1991-ж. биринчи жарымында Кыргызстандын президенти коммунисттик жетекчилик менен түздөн-түз тирешүүгө барган жок. Ал түгүл ***Президенттик Кеңеш*** деген кеңеш берүүчү органга КДКдан Казат Акматов кирсе, Компартиядан Жумгалбек Аманбаев киргизилген. **1991-ж. 19—23-августтагы** Москвадагы коммунисттик козголоң аракетин Кыргызстандагы коммунисттердин жетекчилиги колдоп чыкты. Бирок алар президент, Жогорку Кеңештин төрагасы, ошондой эле демократиячыл күчтөр тарабынан таасирдүү каршылыкка учурады. *Бишкектеги Ак үйдүн жаңы жетекчилери жана КДК сыяктуу демократиячыл уюмдар «Мамлекеттик чукул чаралар комитети» (МЧЧК) деген антиконституциялык түзүлүшкө ачык каршы чыкты. Парламенттин спикери* **М. Шеримкулов** *бул антиконституциялык түзүлүшкө каршы алгачкылардан болуп билдирүүсүн жарыялады.* Ал эми ***Президент А. Акаев «Мамлекеттик чукул чаралар комитети» кулаар алдында Бириккен Улуттар Уюмуна кайрылып, Кыргызстандын эгемендикке жана демократиялык багытка умтулган өлкө экендигин тастыктап, коммунисттик төңкөрүшчүлөргө каршы туруу үчүн эл аралык уюмдардан жардам сурады.***

Коммунисттик төңкөрүш кулаган соң көп узабай, **1991-ж. 31-августта** *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши* **«Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндө»** *декларацияны кабыл алып, Кыргызстан өзүн расмий түрдө көз карандысыз мамлекет катары жарыялады. Кылымдар бою ата-бабалар көксөп келген бул күн Кыргызстандын калкы тарабынан* **Көз карандысыздык күнү** *катары майрамдалып келүүдө.*

Кыргыз Республикасында демократиялык жараян анын мамлекет катары өз алдынча калыптануусу менен ого бетер тездеп жүрдү. 1991-жылы сентябрда тоталитардык идеологияны жана антиконституциялык коммунисттик төңкөрүштү жактаган мурдагы расмий саясий уюм — Кыргызстан Коммунисттик партиясы парламенттик чечим менен өз ишмердүүлүгүн токтотту, анын менчиги толук мамлекеттештирилди (буга чейин коммунисттердин жергиликтүү жетекчилиги Ак үйдүн чыгыш канатын ээлеп, өкмөт менен бир эле имаратты чогуу пайдаланып келген). Президент А. Акаев баш болгон көптөгөн демократиячыл маанайдагы саясий жетекчи ишмерлер өздөрүнүн коммунисттик партиялык мүчөлүгүнөн биротоло баш тартышты.

Жаңы саясий кырдаалда өз бийлигин эл тарабынан тастыктоо үчүн президент **1991-ж. 12-октябрда** алгачкы жолу калктын тикелей шайлоосуна (атаандашы жок) барып, көпчүлүк добушту алды.

1991-ж. 29-ноябрда чет өлкөлүк инвестор, «Сиабеко» фирмасынын башчысы Бирнштейн менен бирдикте Жалал-Абад аймагында иш сапарда жүргөн жеринен жол кырсыгына кабылып, пост-советтик туңгуч премьер **Насирдин Исанов** каза тапты. Премьердикке 1992-ж. февралында **Турсунбек Чыңгышев** шайланды (1993-ж. декабрына чейин иштеди).

ЖАҢЫ МАМЛЕКЕТТИН КАЛЫПТАНУУСУ. ЖАҢЫ КОНСТИТУЦИЯ. САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР

Кыргызстан эгемендике ээ болгону менен алдыда дагы көп иштер күтүп жаткан. Андыктан бийликке келген демократиячыл жаңы жетекчилик өлкөнү эски түзүлүшүнөн арылтып, жаңылоого киришкен. Көз карандысыз мамлекеттин демократиялык өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн али аткаруу бийлиги, мыйзам чыгаруу жана сот бийлиги жок эле. Жаңы мамлекеттин ишин жөнгө салып, келечекке багыт көрсөтүү мыйзамдары да жок болчу.

1990-ж. октябрь айында Аскар Акаев Жогорку Кеңеште президент болуп шайланаары менен Кыргызстан өз Конституциясына өтө муктаж экенин билдирди. Аны ишке ашыруу үчүн атайын **Конституциялык комиссия** түзүлүп, ага өзү жетекчилик кылды. Арадан эки жыл убакыт өтүп, Конституциянын алгачкы долбоору даярдалып, ал жалпы элдин талкуусуна коюлду. Талкууга миңдеген адамдар катышып, элдин пикирлери угулган соң, кайра толукталып иштелип, Жогорку Кеңештин атайын сессиясынын талкуусуна коюлду. Натыйжада, **1993-ж. 5-майда** *Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынды.*

Жаңы Конституцияга ылайык, Кыргызстан **демократиялык республика** аталып, аны бүткүл эл тарабынан шайланган мамлекет башчысы—**президент**—башкараары аныкталды. Президенттин жашы 33 менен 65тин ортосунда болуп, ал беш жылдык мөөнөткө шайланаары жана бир эле адам эки мөөнөттөн ашык президент болуп шайлануугa баш мыйзам жол бербеси белгиленген.

Жаңы Констутиция кабыл алынгандан кийин анда жазылган мыйзамга ылайык президенттин 1991-ж. жалпы элдик шайлоодон берки биринчи мөөнөтүн мыйзамдаштыруу үчүн (1996-ж.) **1994-ж. 30-январда** Кыргызстанда **референдум** өткөрүлдү. Референдумдун жы-йынтыгы боюнча президент Аскар Акаев жаңы Конституцияга ылайык биринчи мөөнөтүн 1996-жылга чейин өтөөсүн эл колдоп берди.

Эгемендүү өлкөнүн негизги белгилеринин бири—ал **мамлекеттик туу** болуп эсептелет. **1992-ж. 3-мартта** Жогорку Кеңештин депутаттары онго жакын ар түрдүү туунун үлгүлөрүнүн ичинен азыркы кызыл түстөгү тууну жактырышып кабыл алышты. (Туунун авторлору окумуштуу — **Сабыр Иптаров,** сүрөтчүлөр — **Бекбосун Жайчыбеков, Жусуп Матаев,** архитекторлор — **Маматбек Сыдыков, Эдил Айдарбеков**).

Ал эми республиканын **мамлекеттик Гимни 1992-ж. 18-декабрда** Жогорку Кеңештин жыйынында кабыл алынган. Анын сөзүн Кыргыз Эл акыны **Жалил Садыков** менен **Шабданалы Кулиев** жазса, обонун композиторлор **Калый Молдобасанов** менен **Насыр Давлесов** жаратышкан.

Кыргызстандын **герби 1994-ж. 14-январда** Жогорку Кеңештин сессиясында кабыл алынган. (Анын авторлору — сүрөтчү **Асейин Абдраев** менен милициянын генералы **Садырбек Дубанаев**). Бул мамлекеттик символикалардын бардыгында тең мурдагы коммунисттик идеологиянын атрибуттары (орок жана балка, беш бурчтуу жылдыз, маркстык пролетарчыл ураан) таптакыр четке кагылды.

1994-ж. өкмөт менен парламенттеги оппозициячыл топтордун ортосунда алтынды өндүрүү жана сатуу ж.б. жагдайларды талкуулоого байланыштуу узакка созулган тирешүү жүрдү. Бул, бир чети, Кыргызстандын парламенттик же президенттик башкаруу усулун тандоосу үчүн аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн ортосундагы табигый күрөштүн бир көрүнүшү эле. Экинчи чети, айрым аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн өкмөттүк каражатты ыксыз коромжуга учураткандыгын жаап-жашырууга умтулган далбасасы да бул **күрөштү ыксыз көбүртүп-жабыртууга алып келди. 1994-ж. сентябрда** аткаруу бийлигинде акимдердин ж.б. кызматтарда, өндүрүштө иштеген жүз кырктай депутаттын сессияга катышуудан биргелешип баш тартуусунун айынан өлкөдө *парламенттик жасалма кризис* келип чыкты. Премьер **Апас Жумагулов** башкарган Өкмөт буга байланыштуу өз милдетин аткара албастыгын билдирип, толугу менен кызматтан чегинди. Президент өкмөттүн кызматтан чегинүүсүн кабыл алып, өкмөткө (анын ичинде премьердик милдетти аткарууну А. Жумагуловго) кайрадан убактылуу ыйгарым укуктарын берди.

Президенттин жардыгына ылайык **1994-ж. 22-октябрда** жергиликтүү өкүлчүлүк органдарына шайлоолор жана парламенттин кош палаталуу болуп кайра түзүлүшү тууралуу **экинчи референдум** өткөрүлдү. Референдумда **Жогорку Кеңешти кош палаталуу** кылып жаңыдан түзүү маселеси көпчүлүк добуш менен калктын ырастоосуна ээ болду. Арийне, жарым жан калган эски Жогорку Кеңеш бул конституциялык маселелерди талкуулоо үчүн ошол бойдон сессияга чогула алган жок. 1994-ж. сентябрда кворум жоктугунун айынан совет доорунда акыркы ирет шайланган Жогорку Кеңештин акыркы сессиясы өтпөй калды.

1995-ж. 5-февралда *кош палаталуу жаңы Жогорку Кеңешке шайлоолордун алгачкы туру өткөрүлдү.* Бир эле учурда райондук жана областтык Кеңештерге шайлоолор болду. **Марттын соңунда** жетишерлик сандагы депутаттар шайланып, алгачкы жолу көп партиялуулук шарттарында, Кыргызстандын көз карандысыз доорунда түзүлгөн *Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны жана Эл өкүлдөр жыйыны өз ишмердүүлүгүн баштады.* Оболу Эл өкүлдөрү жыйынынын төрагалыгына **Алмамбет Матубраимов,** Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагалыгына **Мукар Чолпонбаев** шайланышкан. **1997-ж.** *каржы маселесиндеги чырдан соң М. Чолпобаевдин ордуна* **Усуп Мукамбаев,** *ал эми ротациялык алмаштыруу иретинде А. Матубраимовдун ордуна* **Абдыганы Эркебаев** *спикер болуп*

шайланышты. (Мыйзам чыгаруу жыйыны 35 кишиден, ал эми Эл өкүлдөр жыйыны 70 кишиден тураары 1995-ж. конституцияга референдум аркылуу киргизилген өзгөртүүнүн натыйжасында белгиленген. Ал эми 1998-ж. 17-октябрында өткөрүлгөн референдум боюнча Эл Өкүлдөр жыйынына 45 орун, Мыйзам чыгаруу жыйынына 60 орун бөлүнөөрү аныкталды.

1995-ж. декабрь айында *өлкөдө президенттикке эрте шайлоолор жүрүп, ал ataандаш талапкерлердин катышуусу кырдаалында өттү.* Ага буга чейинки президент Аскар Акаевден тышкары жаңы коммунисттердин лидери Апсамат Масалиев, мурдагы парламент спикери Медеткан Шеримкулов катышты. Айрым талапкерлер (Өмүрбек Текебаев, Жумгалбек Аманбаев, Юруслан Тойчубеков, Мамат Айбалаев ж.б.) тизмеден чыгарылып салынды. Саясий тирешүүлөр маалында М. Шеримкуловдун талапкерлигин колдогон оппозициячыл өкүлдөр Т. Тургуналиев («Эркин Кыргызстан» демократиялык партиясы) менен Ж.Усуп-Чоңаюу («Ашар» козголушу) 1995-ж. декабрда камакка алынышып, 1996-ж. май айында Каракол шаардык соту тарабынан сот жазасына тартылышты. Журналист Ы. Өмүрзаков (Нарын) да бул өнөктүккө байланыштуу оппозициячыл ишмердүүлүгүнүн айынан жазага кириптер болду. *Саясий талаш-тартыш кызуу жүргөн бул шайлоо өнөктүгүндө* **А. Акаевдин** *талапкерлигине басымдуу добуш берилип, ал тикелей шайлоолор аркылуу экинчи ирет кезектеги мөөнөткө өлкөнүн президенти болуп калды.*

1996-ж. 17-февралда дагы бир **референдум** *өткөрүлүп, анын натыйжасында Конституцияга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди жана Кыргызстан президенттик күчтүү башкаруусу бар республикага айланды.*

1998-ж. март айында премьер А. Жумагулов башкарган эски өкмөт толугу менен кызматтан чегинип, физик-академик **Кубанычбек Жумалиев** жетектеген жаңы өкмөт бийликке келди. Бирок бул өкмөт бир жылга жетпей кайра жаңыланды. Ушул эле жылдын декабрь айында **Жумабек Ибраимов** башында турган жаңы окмөт түзүлдү. Жумабек Ибраимов өлкөнүн экономикасын көтөрүү үчүн кылмыштуулукту ооздуктоого көп араккет жасады. Анын мындай чечкиндүү кадамдарынын иш жүзүнө ашуусуна оорулуу ден соолугу мүмкүндүк бербеди. Жарым жылга жетпей Жумабек Ибраимов дүйнөдөн өтүп, анын ордуна премьер-министр болуп **Амангелди Муралиев** келди. Эгемендүүлүктүн соңку 9 жылында (1991—2000) 8 жолу өкмөт жаңыланды.

1998-ж. май айында президент А. Акаев жаңы демилге менен чыгып, Конституцияга өзгөртүүлөр киргизүүнү, парламенттин кош палатасын реформалоону, Мыйзам чыгаруу жыйынынын айрым орундарын партиялык тизмеге жараша шайлоону, ал эми Эл өкүлдөр жыйынын алты областтын жана борбор шаардын алтыдан өкүлүнүн жер-жерлердеги жергиликтүү башкаруу бийликтеринин өкүлдөрүнүн шайлоосу аркылуу аныктоону сунуш кылды.

1998-ж. 2-сентябрда президент А. Акаев беш маселе боюнча референдумду октябрь айында өткөрүүнү сунуш кылып, элге кайрылды. Алар кош палаталуу парламенттин болочоктогу структуралык өзгөрүшү, депутаттык кол тийбестиктин парламенттик ишмердүүлүк алкагы менен эле чектелиши, жерге карата жеке менчиктин киргизилиши, сөз эркиндигине чектөө коюучу ар кандай мыйзамдарга тыюу салуу, «бюжеттик популизмге» жол бербөө маселелери болуп саналат. Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны 8-сентябрда бул президенттик сунуштарга каршы чыкты. Бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоо маселеси Кыргызстанда кайрадан орчун маселе катары көтөрүлүп чыкты. Ошону менен катар эле бул окуялар өлкөдө саясий плюрализм үчүн орун бар экендигин да айгинеледи.

Коомдук-саясий уюмдар

Эгемендүү мамлекеттин калыптанышына Кыргызстандагы саясий партиялар, коомдук уюмдар өзгөчө салымдарын кошуп келүүдө. Жалгыз коммунисттик партия үстөмдүк кылган учурду эстеп көргүлөчү. Ал учурда айкындуулук болбой, жалгыз партиянын айтканына каршы чыккандар аёосуз жазаланып, куугунтукталып келди. Өлкө демократиялык жолдон четтеп, буйрукчул тоталитардык тартипте жашады. Токсонунчу жылдар Кыргызстан үчүн көп партиялуу саясий системага карай багытталган алгачкы чыйырды түптөө мезгили болду. 1991-ж. акырында «Кыргызстан» демократиялык кыймылы расмий каттоодон өттү (1993-ж. мартына чейин «кыймыл» коомдук бирикмелердин блогу катары жашады, андан соң кыймылдын эч партияда жок өкүлдөрү ушул эле аталыш менен КДК партиясын түзүп, кыймыл бир канча партияларга жана саясий уюмдарга ыдырап кетти). КДКнын курамында 1991-ж. октябрда «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы, 1992-ж. февралда «Эркин Кыргызстан» демократиялык партиясы, 1992-ж. ноябрда «Ата Мекен» партиясы түзүлдү. Ушул эле 1992-ж. Элдик-Республикачыл партия, Кыргызстан коммунисттери партиясы, Агрардык партия, 1993-ж. Кыргызстан демократиялык кыймылы партиясы, 1994-ж. Биримдик партиясы ж.б. коомдук-саясий уюмдар жана партиялар түзүлдү. 1995-ж. партиялардын саны 13кө жеткен. 1999-ж. Кыргызстанда 25 саясий партия расмий каттоодон өттү, ал эми өзүн түзүлдү деп жарыялаган партиялар да бар. Расмий катталган партиялардын айрымдары гана коомдук-саясий турмушка жигердүү катышып, Конституциянын, бир катар маанилүү мыйзамдардын атаандаш долбоорлорун жарыялашты. Алардын блок түзүү аракеттери да байкалып келди. Маселен, 1998-ж. сентябрда Эл (Бей-Бечаралар) партиясы менен «Ата Мекен» Социалисттик партиясы болочокто блок түзө тургандыктарын жарыялашты. Эл арасында таасирдүүлүгү жагынан Кыргызстан Коммунисттик, Эл (Бей-бечаралар), Адилет, Арнамыс, Социал-

демократия, Ата Мекен партиялары белгилүү. **2000-ж. 20-февралындагы** *Парламенттик шайлоодо* саясий партияларга 15 орун бөлүнгөн. Парламенттик шайлоо алдында Юстиция министрлиги бийликке оппозиция болуп келген Эл (бей-бечаралар), Ар-намыс партияларын шайлоого катыштырбай койду. Ал эми шайлоого катышууга укук алган КДК партиясы сот аркылуу шайлоодон четтетилди. Натыйжада бөлүнгөн 15 орун үчүн 14 саясий партия ат салышып, шайлоонун жыйынтыгында Кыргызстан Коммунисттик партиясы, Демократиялык күчтөр биримдиги союзу (Адилет, Социал-демократия, Биримдик партияларынан түзүлгөн союз), Кыргызстан Аялдарынын демократиялык партиясы, Афганстан жана башка локалдык согуштарга катышкан жоокерлердин партиясы, Ата Мекен социалисттик партиясы, Менин Ата Журтум партиясы 5 пайыздан ашык добушту топтоого жетишип, 15 орунду ич ара бөлүп алышты.

Мындан сырткары өлкөдө 400гө жакын коомдук уюмдар, 12 коомдук-саясий кыймылдар иш алып барууда. Алардын пикирлери менен бийликтегилер ар дайым эсептешип, олуттуу сунуштары колдоо табат. Кыргызстандын келечеги саясий партиялар менен кыймылдардын, коомдук уюмдардын, мамлекет башчыларынын биргелешип иш алып баруусуна жараша болору анык.

Арийне, уюштуруу жыйынынан узак чыга албаган, шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу гана шашылыш түзүлө калган саясий партиялар да болду. Саясий партиялардын укуктук жактан чабал болуп чектелиши, мамлекеттин көп партиялуу саясий системага реалдуу мыйзамдык жана каржылык камкордук көрбөгөндүгү, каражаттык гартыштыктар бул партиялардын коомдук турмушта алигиче эргежээл болуп кала беришинин негизги себептеринен болду.

Башка коомдук-саясий, улуттук-маданий жана коомдук уюмдардын ичинен өзгөчө жигердүүлүгү менен Кыргызстан Элинин Ассамблеясы, «Кыргыз эли» Коому, «Кыргызстан» Укук коргоо кыймылы, Кыргызстан Укук коргоо комитети, Кыргыз-америкалык киши укуктарын коргоо жана мыйзамдуулук бюросу, Кыргызстан аялдар Конгресси, ар кандай немис, орус, украин, беларус, дунган, корей, өзбек, уйгур, месхет түрк, ферганалык түрк, казак, ж.б. чакан элдердин улуттук-маданий коомдору, Кыргызстан Тарыхчылар Коому мурдагы «Кыргызстан жаш тарыхчылар жамааты», 1989—1995) сыяктуу уюмдар айырмаланышты.

ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө жеткенден кийин эски система ылайыкталып курулган завод-фабрикалар иштебей токтоп калган. Анткени, алар өз алдынча даяр продукция чыгарганга жаракыз эле. Өлкөдөгү завод-фабрикалар ар кайсы республикаларда жаалган тетиктерди чогултуу үчүн гана кызмат кылчу. Социализм мез-

гилинде калыптанган пландоо экономикасы ишканалардын, анда иштеген адамдардын демилгесине чек коюп келген. Өз алдынча иштөөлөрүнө мүмкүнчүлүк берилген эмес.

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин экономикалык системаны түп-тамырынан өзгөртүү зарылдыгы келип чыкты. Анткени, демократиялык жолду тандаган өлкөнүн өндүрүшү, соода-сатыгы, жалпы эле экономикасы эркин болууга тийиш эле. Өнүккөн өлкөлөрдө экономикалык жактан өзүн-өзү актаган бул система базар экономикасы деген ат менен белгилүү. Базар экономикасынын учурунда баалар эркин коё берилген. Ишканалар канча көлөмдө кандай товар чыгарарын, аны кандай баа менен кайда сатарын өзүлөрү аныктаган. Чет өлкөлүктөр менен соода жүргүзүүдө алардын Кыргызстанга келип эркин иштөөсүнө тоскоолдуктар коюлбаган. *Кыргызстан мына ушундай базар экономикасына 1992-ж. баштап өтө баштаган.*

Базар экономикасына багыт алууда коомдук менчикти мамлекеттен ажыратуу маселеси биринчи орунга чыккан. Жеке менчик түптөлмөйүнчө, өндүрүшкө карата жеке адамдын кызыкчылыгы жаралмайынча базар экономикасына өтүү мүмкүн эмес эле. Ошондуктан **1991-ж. 20-декабрда** Жогорку Кеңеште Менчиктештирүү жөнүндө *мыйзам* кабыл алынып, аны ишке ашыруу үчүн *Мамлекеттик Мүлк комитети түзүлөт.* Ошентип, совет доорунда жеке менчикке эч уруксат берилбей келсе, эгемендүүлүктүн мезгилинде менчиктин бардык түрүнө жол ачылды. 1992-ж. бери республикадагы ири завод-фабрикалар, тейлөө мекемелери, турак жайлар, курулуштар, жерлер жеке менчикке өткөрүлдү. Эми ар бир атуул өзүнүн жакшы жашоосу үчүн умтулуп, менчикке алган жерин, ишканасын мыкты иштетүүгө аракет жасай башташты.

Ошол эле учурда негизги жаратылыш байлыктары, тоолор, токойлор, суулар, маданий жана тарыхый байлыктар менчикке өткөрүлбөшү мыйзамда каралган.

Советтер Союзу кулаган соң алгачкы жалдары эски чарбалык байланыштардын, монополисттик социалисттик чарба башкаруу системасынын ыдырашы менен Кыргызстандын экономикасы бир кыйла төмөн түштү, бирдиктүү рубль мейкиндигиндеги инфляция 1991-ж. — 1993-ж. апрелинде Кыргызстандын өз алдынча монетардык саясатты жүргүзүүсүнө тоскоол болду. **1993-ж. (10-майда) улуттук акча — сом кабыл алынып,** Кыргызстан орус рублинин аймагынан чыкты жана өз алдынча акча жана бюжет саясатын жүргүзүүнү олуттуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды. *Улуттук акча орусиялык рублге эмес, чет өлкөлүк туруктуу валютага айкалыштырылды (1 американдык доллар жаңы кыргыз акчасы менен 4 сомдун кунунан татыды. 2000-ж. февралда ал 1:47 катышын түздү).*

Улуттук акчанын киргизилиши экономиканын эркин өнүгүүсүнө жол ачып берди. Акча жагынан өлкө Орусияга көз каранды болуп бой калды. *Кыргызстандын мындай чечкиндүүлүгү Эл аралык финансы уюмдары тарабынан колдоого алынды.* Өлкөгө көп суммада

гы кредиттер бериле баштады. Алынган жардамдар жалпы экономиканы өнүктүрүүгө өлчөмсүз салымын кошту. Өлкөдө менчик банктар ачылып, эркин акча жүгүртүүгө жол ачылды.

Республиканын 60 пайыз калкы да айыл-кыштактарда жашашкандыктан, Кыргызстан агрардык өлкөлөрдүн катарына кирет.Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки алгачкы жылдарда республиканын калкын айыл чарба продукциялары менен камсыз кылуу мүмкүн болбой калган. Жада калса жашообуздагы эң маанилүү дан эгиндерин да алыскы өлкөлөрдөн сатып алууга туура келди. Мурда мамлекеттин менчигиндеги жерлер, андагы социализмдин талабына жооп берип келген совхоз-колхоздор базар экономикасына өтүп жаткан учурда өзүн-өзү актай албай калды. Алардын мамлекетке болгон карыздары эбегейсиз өсүп, натыйжада ал карыздар элдин мойнуна үйүлгөн оор жүккө айланды. Мамлекеттин менчиги саналган малдар менен техникаларга кайдыгер мамиле жасалып, четинен таланып-тоноло баштады. Ошондуктан, *Кыргыз өкмөтү* **1991-ж. баштап,** *колхоз-совхоздорду таратып, анын карамагындагы малдарды, техникаларды, жерлерди жеке менчикке өткөрүүгө* жол ачты. Дыйкандар өзүлөрү өндүргөн эгин, пахта, тамеки, эт, жүн жана башка продуктуларды базар баасында эркин сатууга мүмкүндүк алышты. Аларды колдоо иретинде мамлекет атайын женилдетилген кредиттерди берип турду. 1992—1998-жж. айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн 234 млн. 117 миң америка долларындагы кредит бөлүнгөн.

1998-ж. 17-октябрда *жерди жеке менчикке берүү жөнүндөгү маселе элдин талкуусуна коюлуп, референдум мезгилинде көпчүлүк эл аны колдоп чыгышты. Натыйжада, жалпы эл түбөлүк жер улуштөрүнө ээ болуп, жердин чыныгы ээси болуп калды.* Айыл чарбасындагы жаңылануулардын натыйжасында кыска убакыттын ичинде аталган тармактагы ийгиликтер ачык байкалып жатат. Кыргызстан дан эгиндери, тамеки, пахта, жашылча-жемиштери менен өзүн-өзү камсыз кылып, ашыкчаларын чет өлкөлөргө сатууга мүмкүнчүлүк алды.

Эгемендүү Кыргызстан базар экономикасына өтүү мезгилинде бир топ кыйынчылыктарга да дуушар болду. Мындай кыйынчылыктарга өткөөл мезгилде бардык өлкөлөр кабылышканы тарыхтан маалым.

Экинчи жактан базар экономикасына өтүүгө жалпы эл да, жетекчилер да даяр эмес эле. Ошондуктан, өлкөдө экономикалык реформалар баш аламан жүрдү. Өнөр жайлардын иштебей калуусунан, колхоз-совхоздордун таратылышынан өлкөдө жумушсуздардын саны өстү. Өндүрүштүн токтоп калуусунан улам эмгек акылар, пенсия, пособиелер өз убагында берилбей, турмуш оорлоду. Анын натыйжасында эмгекке жарамдуу көптөгөн атуулдар республикадан көчүп кетүүгө аргасыз болушту.

Менчиктештирүү мыйзамга ылайык элдин, эмгек жамааттарынын кызыкчылыгында жүргүзүлбөдү. Иш жүзүндө мамлекеттик төбөлдөр, ишкана, чарба жетекчилери мамлекеттик мүлктү өзүлөрү

каалагандай баада сатышып, менчик ээси болууга умтулушкан. Көпчүлүк учурларда көмүскө акционердик коомдор уюштурулуп, алар карапайым калкты алдоо менен алектенишкен. Жаңы уюштурулган акционердик коомдор карамагындагы ишканалын же завод-фабрикалардын иштөөсүн камсыз кыла алышкан эмес. Мамлекеттин казынасына түшүүчү каражаттарды аз сандагы адамдар өз ара бөлүшүп алышкан. Менчиктештирүүнүн мыйзамсыз жүргүзүлгөнүнөн улам мамлекеттик казынага 14 млрд. сомго жакын каражат түшпөй калды Натыйжада өлкөдө жакырланган адамдардын саны өстү. **1998-ж.** *маалымат боюнча жалпы калктын 70 пайызы жакыр турмушта жашап калышты.*

1992—1998-жж. четтен алынган 1 млрд. 200 млндон ашуун доллар толугу менен өндүрүштү көтөрүүгө жумшалган эмес. Чет өлкөлүк айрым ишканалар алдоо жолдору менен келишим түзүшүп, алар иштеткен ишканалардан республика жабыр тарткан. Дүйнөдөгү эң ири алтын кени аталган Кум-Төрдөгү алтынды өндүрүүгө канадалык ишкана ээлик кылып, андан Кыргызстанга эч киреше түшкөн жок.

Айыл чарбасында да ушундай эле көрүнүш кайталанды. Көп сандаган малдарды, техникаларды, жакшы жерлерди жергиликтүү бийликтегилер, алардын тууган-уруктары ээлеп алышты. Аларды туш келди сатып отуруп, Кыргызстанда малдын саны кескин кыскарды. 1991-ж. өлкөдө 10 млндон ашык кой болсо, 1995-ж. 4,5 млн. эле кой калган. Жакшы жерлерди, жаңы техниканы ээлеп алгандар аларды иштете алышкан эмес. Айыл чарбасына бөлүнгөн кредиттер да дыйкандарга жетпей, жетекчилер өз ара бөлүшүп алышкан. Натыйжада 1993—96-жылдары айыл чарбасы кескин начарлап кеткен.

Ошентип базар экономикасына жаңыдан өтүп жаткан учурда Кыргызстанда ийгиликтер менен кошо жаңылыштыктар да көп болду. *Эгемендүүлүк жылдарында экономикадагы орду толгус жоготуулардын натыйжасында өлкө экономикалык жактан толук көз карансыздыкка* жетише албады.

МАДАНИЯТ. БАСМА СӨЗ. ИЛИМ

Кыргыз маданияты тармагынын белгилүү өлчөмдө мамлекеттик дотациядан ажырашы өкмөттүк бюжеттен тышкаркы булактарды, спонсордук жардамдарды, өз алдынча бизнес уюштуруунун ыкмаларын издөөгө мажбур кылды. Бул оор жагдай илимдин ар кыл тармагына да таандык болду. Көз карандысыздык каражаттык тартыштык менен бирге эле цензуранын жоюлушун, руханий эркиндикти ыроолоп, чыгармачыл демилгелүүлүктү арттырды.

Көркөм адабият тармагында олуттуу жаңылыктар болду. **Түгөлбай Сыдыкбековдун** (1916—1997) жана **Хусейин Карасаевдин** (1901—1998) *публицистикалык эскерүүлөрү, эсселери, сөз байлыгын кастар-*

лаган чыгармалары, **Чыңгыз Айтматовдун** *космополиттик мыкты* идеяларга арналган «Кассандранын эн тамгасы» романы, **Толоѳон Касымбековдун** ***«Сынган кылыч»*** романынын кайрадан иштелген варианты, **Казат Акматовдун** пост-советтик доордун алдыңкы мезгили жана алгачкы жылдары тууралуу ***«Окуялар, Адамдар: (Миң бир күн)»*** аттуу автобиографиялык чыгармасы (1998), мурда цензуранын айынан эч айтылбай келген же жарык көрбөй келген **Молдо Нияздын, Арстанбектин, Молдо Кылычтын, Осмонаалы Сыдык уулунун, Алдаш молдонун, Белек Солтонкелди уулу Солтоноевдин, Барпынын, Казыбектин, Боогачынын** ж.б. чыгармалары жарык көрдү. Бирок, кандайдыр бир деңгээлде көптөгөн чыгармачыл кишилер жаңы доор менен эски доордун капшабына калып, жекече чыгармачыл кризисти да баштан өткөрүп жатышкандыгы байкалды.

Дүйнө элдерине жазган көркөм чыгармалары менен таанымал залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 70 жылдыгы 1998-жылы Түркияда, 1999-ж. Кыргызстанда зор салтанат менен белгиленди. 2000-жылы жазуучунун мааракеси ЮНЕСКОнун алкагында белгиленет.

Басма сөз эркиндиги Кыргызстанда «Майдан» (1991—1992), «Асаба» (мурдагы комсомолдук «Ленинчил жаш» гезитинин негизинде уюшулган), «Республика», «Аалам», «Дело №», «Ак бата», «Кыргызстан-хроникль» сыяктуу бир катар эркин гезиттердин пайда болушуна өбөлгө болду. 1993-ж. Юстиция министрлигинин ичинде жымсал цензура органын түзүү аракети коомчулуктун талабы менен четке кагылды.

Бир катар «Пирамида», «Алмаз» сыяктуу эркин теле жана радио компаниялары телчиге баштады. Сөз эркиндигинин шарттарында Кыргызстанда мурдатан салты бар Орусиянын радио жана теле компанияларынан тышкары **1991-ж. тартып** «Азаттык» радиосунун орусча жана кыргызча берүүлөрү эч тоскоолдуксуз уктурула баштады, 1992-жылдан тартып ал өлкөдө ортоңку толкунга да чыгарылууда. 1996-ж. 1-июнунан тартып Лондондогу ***Би-Би-Си*** компаниясы өзүнүн кыргызча берүүлөрүн Кыргызстанда ортоңку жана ультра кыска толкундарда уктура баштады. Анын тунгуч берүүсү президент А. Акаевдин куттуктоосу жана сөз эркиндигине карата колдоо ирээтиндеги пикири менен коштолду. 1992—1995-жж. түркиялык «Авразия» телекөрсөтүүсү да Кыргызстанда өз берүүлөрүн тартуулап турду, каржылык себептердин айынан гана анын берүүлөрү токтотулду. Арийне, маалымат эркиндигине умтулуу шыдыр эле жүрбөгөндүгү, кээ бир эркин журналисттердин камакка алынып (**Замира Сыдыкова** ж.б.), айрым гезиттердин жабылып («Политика», «Свободные горы», «Криминал») окуялары да катталды. Жалпысынан, *басма сөз жана сөз эркиндиги жаатында Кыргызстан Борбордук Азиядагы демократиялууураак өлкө катары беделин 90-ж. чыңдагандыгын айтуу да абзел.*

1995-ж. август айында *Бириккен Улуттар Уюмунун, ЮНЕСКОнун, боордош өлкөлөрдүн колдоосу менен* **«Манас» дастанынын 1000**

жылдык мааракеси *Кыргызстанда* (Бишкектеги эл аралык симпозиумдун, Бишкек менен Таластагы расмий салтанаттардын алкагында) *жана дүйнө жүзүндө кеңири белгиленди.* Түркиянын 50 шаарында, Казакстанда, Өзбекстанда, Орусияда, Кытайда бул дастанга арналган жыйындар жана башка салтанаттар өткөрүлгөн. *Мааракеөткөрүлгөн* **1995-жылдын апрель айында** *Кыргызстанга* **80 өлкөдөн** *мейманлар келди.* **8 мамлекеттин президенттери, 6 өлкөнүн премьер-министрлери** *келип куттукташтыл.*

Дастандын үзүндүлөрү англис, орус, казак, өзбек, түрк ж.б. тилдерге которулду. *Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы эки томдон турган* **«Манас» энциклопедиясын** *басып чыгарды.* Т. Океев, М. Убукеев сыяктуу режиссерлор даректүү тасмаларды жаратышты. *«Манас» дастанынын негизинде* ***К. Жусуповдун, А. Жакыпбековдун*** кара сөз варианттары жарык көрдү. Шарттуу дата коюлган бул мааракеде кыргыз элинин маданий өнүгүүсүнүн жаңы доорун бүт дүйнө элине көрсөтө алды.

Ушундай эле мааракеде—Ош шаарынын 3 миң жылдык салтанаты **2000-ж. октябрь айында** ЮНЕСКОнун колдоосу менен Ош шаарында белгиленээри дайын болду.

Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүгүү Программасы *өлкөдө агартуу жана маданият тармактарында бир катар иш-чараларын жүзөгө ашырып келүүдө. Ал эми* **«Кыргызстан—Сорос» Фонду 1993-жылдан бери** *өзүнүн билим берүү, илим жана маданият тармагындагы көөнөргүс салымдарын Кыргызстандын Билим, илим жана маданият министрлиги сыяктуу расмий бийлик органдары жана жергиликтүү чыгармачыл күчтөр менен бирдикте жүзөгө ашырып келет.* Жергиликтү демилге менен түзүлгөн **«Мээрим» Кайрымдуулук Фонду** *дачет элдик* (франциялык ж.б.) *кайрымдуулук уюмдары менен бирдикте бир катар маданий-агартуу иш-аракеттерин жүргүзүүдө.*

Кыргызстанда эгемендик доорунда илимий мекемелердин кайра курулуу жарааяны улантылды. Мурдагыдай борбордоштурулган дотациялык жардамдардын жоктугу илимий тармактарда айрым багыттардын солгундашын, базар мамилелеринин жана сүрөөнчүлөр менен иштешүүнүн ыгына көчүү аракеттерин пайда кылды. *Мурдагы Кыргызстандын Илимдер академиясы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы макамын алды.* Президенттин указы менен **1992-жылы 26-июнда** Кыргыз Өкмөтүнүн алдында түзүлгөн *Жогорку аттестациялоо комиссиясы* **1998-ж. апрелде** *Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялоо комиссиясы* болуп кайрадан түзүлдү. Кыргызстанда кандидаттык жана доктордук диссертацияларды даярдоо боюнча кош баскыч сакталып калды жана эгемендик доорунда ар кыл илимий тармактарда кыргыз тилинде диссертацияларды жазуу жана коргоо жаатында саамалыктар пайда болду. *Улуттук Илимдер академиясынын Түштүк Кыргызстандагы бөлүмү ачылды.*

Жогорку окуу жайлары эгемендик доорунда терең реформалар-

ды баштан өткөрдү. Мурдагы Кыргыз мамлекеттик университети **1993-ж.** *Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университети* болуп кайра түзүлдү. Тиешелүү жогорку окуу жайларынын өзгөртүлүшүнүн же жаңы окуу жайлардын ачылышынын негизинде **1992-ж.** *Ош мамлекеттик университети*, **1993-ж.** *Каракол мамлекеттик университети* менен *Жалал-Абад мамлекеттик университети*, **1996-ж.** *Нарын мамлекеттик университети* түзүлдү. Эл аралык шериктештиктин жемиши катары **1992-ж.** *Кыргыз-Славян университети*, **1994-ж.** *Кыргыз-Өзбек жогорку коллежи*, **1996-ж.** *Кыргыз-Түрк университети*, **1997-ж.** *Кыргыз-Америкалык университет* ачылды. Тармактык ири окуу жайлары катары **1992-ж.** *Техникалык университет*, *Архитектуралык-курулуш институту*, **1993-ж.** *Тоо-кен-металлургиялык институту*, **1995-ж.** *Кыргыз мамлекеттик консерваториясы*, **1996-ж.** *Агрардык академия*, *Көркөм өнөр академиясы*, *Медициналык академия* ж.б. окуу жайлары, бир катар жеке менчик окуу жайлар түзүлдү.

Цензура алынып ташталган кырдаалда коомдук илимдердин, алардын ичинде тарых илиминин жаңыча өнүгүүсү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылды. Эгемендик доорунда тарыхчылар ар кыл саясий багытта иликтөөлөрүн жүргүзүшүп, тарыхтын актай баракта-рын ачуу жаатында кыйла үзүрдүү иштерди алып барышты. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, кыргыз тегинин келип чыгышы, кыргыз тарыхый топторунун тарыхы, улуттук боштондук кыймылынын тарыхы сыяктуу маселелер жаңыча каралууда. Социология сыяктуу жаңы илимий тармактар өнүгүүдө. Мурдагы илимий коммунизм, маркстык-лениндик философия, Кыргызстан Компартиясынын жана КПССтин тарыхы менен алектенген адистер эми саясат таануу (политология) тармагына жана жаңыча, коммунисттик эмес көз караштагы философиялык иликтөөлөргө акырындап өтүүдө.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ

1991-ж. 31-августта *Кыргызстан эгемендүү өлкө деп жарыялангандан кийин гана аны дүйнө жүзүндөгү башка мамлекеттер таанып биле баштаган. Бирок, расмий түрдө* ***1991-ж. 8-декабрда*** *СССРдин таркатылгандыгы жөнүндөгү үч славян республикаларынын жетекчилеринин келишиминен*, андан соң СССРдин президенти М. С. Горбачев (25-декабрь) бийлигинен биротоло кеткенден кийин гана *Кыргызстан толук эркиндикке жетишти.* Ошондон көп өтпөй АКШ, Түркия баштаган бир катар мамлекеттер Кыргызстанды өз алдынча мамлекет катары тааный тургандыгын жарыялашты.

1992-ж. 1-февралда *Бишкек шаарында биринчи болуп АКШнын элчилиги ачылды.* **28-мартта** *Түркиянын*, көп узабай Кытайдын, Орусиянын, Германиянын элчиликтери ачылды.

Соңку 9 жылдын аралыгында Кыргызстандын көз карандысыздыгын 135 мамлекет тааныган. Алардын 96сы менен дипломатия-

лык байланыштар түзүлгөн. Бишкекте 20га жакын чет өлкөнүн элчиликтери менен өкүлчүлүктөрү ачылды. Дүйнөдөгү 20 өлкөдө Кыргызстандын элчиликтери, өкүлчүлүктөрү иштеп жатат.

1992-ж. 2-мартта *Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 46-жыйынында бир добуштан мүчөлүккө кабыл алынды.* Дүйнөдөгү бардык мамлекеттер мүчө болгон БУУга кириши эгемендүү Кыргызстан үчүн өтө зор тарыхый окуя болуп эсептелет. Бул уюмга кирүү менен Кыргызстан өз проблемаларын дүйнөлүк коомчулукка билдирип турууга дагы бир мүмкүнчүлүк алды. Ошону менен катар айрым демилгелери, сунуштары менен БУУнун жыйындарында чыгып, айрымдары колдоого алынып келүүдө. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 52-жыйынында **2002-жылды Эл аралык Тоо жылы** деп жарыялоо тууралуу Кыргызстандын сунушу кабыл алынды. **1992-ж.** *Кыргызстан дагы бир дүйнөлүк кадыр-барктуу уюм ЮНЕСКОго мүчө болуп калды.* Дүйнөлүк маданий мурастардын өнүгүшү үчүн кам көргөн бул уюм Кыргызстандын маданий, илим-билим жаатында өнүгүшүнө зор колдоо көрсөтүп жатат. **1995-ж. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маараке**си ушул уюмдун колдоосу алдында өттү. **2000-ж.** ***Ош шаарынын 3000 жылдык салтанатына*** да ар тараптан жардам берди. *Учурда Кыргызстан 40тан ашык Бүткүл дүйнөлүк жана эл аралык уюмдардын мүчөсү. Бишкекте 31 эл аралык уюмдардын өкүлчүлүгү ачылып, иш алып барууда. Эл аралык Валюта фонду, Дүйнөлүк Банк, Азиялык Өнүгүү банкы сыяктуу эл аралык каржы уюмдар менен тыгыз байланышы бар. 1998-ж. күзүндө КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан Дүйнөлүк Соода Уюмунун мүчөсү болуп калды.*

СССР таркатылгандан кийин анын курамына кирген бардык республикалар көз карандысыз мамлекеттерге айланды. **1991-ж. 21-декабрда** *мурдагы советтик республикалардын он бири* ***Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигин*** (КМШ) түзүштү. Алардын ичинде Кыргызстан да бар. Алар КМШга кирген мамлекеттердин чек аралары бөлүнгүс жана кол тийгис экенин таанышкан. Ошондой эле бири-бири менен тең укуктуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө макулдашышкан.

Жалпысынан, эгемен Кыргызстан өз тышкы саясатында Борбордук жана Ички Азиянын ядролук куралдардан эркин болуусун, тынчтыкта жанаша жашоону, ар кыл маселелерди саясий жол менен чечүүнү, өз ара пайдалуу чарбалык-маданий интеграцияны калыптандырууну жактап келет. Кавказдагы Азербайжан менен Арменияның ортосундагы тирешүүлөргө чек коюу жаатында кыргызстандык парламент жетекчилиги демилгечилерден болуп чыкты. Кыргызстандын кийлигишүүсү менен ошондой эле Тажикстандагы жарандык согуш жөнгө салынды. Кыргызстандык чек арачылар батальону Тажикстандын Тоолуу Бадахшан аймагында афган-тажик чек арасын кайтаруу жаатында 1994-жылдан 1998-жылга чейин өз милдетин өтөдү. 1996—1998-жж. Кыргызстан бир нече ирет Биш-

кекте Афганстандагы жаңжалдашкан бардык тараптардын өкүлдөрүнүн тынчтык сүйлөшүүлөрүн өткөрүү демилгеси менен чыкты. Мурдагы ***Улуу Жибек жолунун*** карым-катнаштар үчүн ролун кайрадан жаңы эл аралык деңгээлде чыңдоо үчүн Кыргызстан өз салымын кошууда. *Чек ара маселелери боюнча Кытай менен ыраатту сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп,* **1996-жылы 4-июнда** *өз ара түшүнүшүү деңгээлинде чечилди. Казакстан менен Кыргызстан* **1998-ж.** *чек ара маселелеринде эч кандай өз ара тартышы жок экендиктерин расмий тастыкташты.* Кыргызстан менен Өзбекстан ортодогу чек араларды аныктоо үчүн өз ара сүйлөшүүлөрүн баштады. **1999-ж.** *орусиялык чек ара аскерлери Кыргызстандан* ***толугу менен*** *чыгарылды.* Кыргызстан НАТО менен «Тынчтык үчүн шериктештик» Программасынын алкагында да кызматташтыгын жүргүзүүдө. Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Кытай, Түркия сыяктуу өлкөлөр менен да аскердик кызматташтыктын жана өз ара консультациялардын ар кыл усулдарын жүргүзүп келет.

Кыргызстан—тынчтыкты сүйгөн, демократиялык, укуктук мамлекет болууну көздөгөн өлкө. Тышкы саясатында өлкөнүн чек арасынын бузулгустугун, КМШ жана дүйнө мамлекеттери менен ар тараптуу байланыштарды чыңдоону, улут аралык араздашууларга жол бербөөнү, согуштук блокторго жана союздарга катышпоону бекем карманган нейтралдуу өлкө.

Кошуна жана алыскы өлкөлөр менен дайыма достукта жашоону максат кылып, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Орусия менен түбөлүк достук келишими түзүлдү. Жалпысынан, *эгемен Кыргызстан өз тышкы саясатында Борбордук жана Ички Азиянын ядролук куралдардан эркин болуусун, тынчтыкта жанаша жашоону, ар кыл маселелерди саясий жол менен чечүүнү, өз ара пайдалуу чарбалык-маданий интеграцияны өнүктүрүүнү жактап келет.*

Кыргызстандын тышкы саясатындагы аракеттери дүйнө коомчулугунун колдоосуна алынууда.

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ КЫРГЫЗ ТОПТОРУ

Кыргыздар Борбордук Азияда жашаган эң байыркы элдерден экени белгилүү. Тарыхта аты жазылгандан бери кыргыздар Азиянын кеңири аймагын мекендеп келишкени маалым. Акыркы 1000 жылдыкта тарыхый мекени болгон Кыргызстандын азыркы аймагында биротоло орун-очок алып жашап калышты. Кыргыз элинин негизги бөлүгү Ала-Тоо аймагында жашаганы менен алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө да боордошторубуз жашап келишүүдө.

Эгемендүүлүгүбүзгө ээ болгонго чейин алар менен байланышыбыз солгун жүрүп келген. Чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар да өлкөбүздүн көз карандысыздыка жетишин зор кубаныч менен тосуп алышты. Айрым жерлерде салтанаттуу жыйындар, улуттук оюндар өткөрүлдү. *«Биз Кыргызстандын көз карандысыз өлкө болгонун угуп, кубанга-*

ныбыздан бири-бирибизди кучактап кадимкидей ыйладык»,— деп жазат кытайлык боордошторубуз куттуктоо каттарында.

1992-ж. август айында *Бүткүл Дүйнөлүк Кыргыздардын курултайы Бишкекте өткөрүлдү.* Ага Кытайда, Өзбекстанда, Түркияда, Афганстанда, Тажикстанда, Европа өлкөлөрүндө, ал түгүл алыскы Австралияда жашаган кыргыздар келишти. Алыскы чет өлкөлөрдөн алгачкы жолу Ата Журтуна келген боордошторубуз жер кучактап, көздөрүнө жаш алып таазим кылышты.

Кытайда жашаган кыргыздар. *Чыгыш Түркстанды байыркы мезгилдерден бери кыргыздар мекендеп келишкени* тарыхый булактардан белгилүү. Манас шаары, Манас көлү өңдүү кыргыздарга тиешелүү көптөгөн жер-суу аталыштары ошол кезден калган жандуу эстеликтер.

1758-ж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды басып алгандан бери ал аймакта Кытай ээлиги орной баштаган. Бирок чөлкөмдө жашаган уйгур, кыргыз, казак, өзбек сыяктуу түрк элдери дароо эле баш ийип калгысы келген жок. Чыгыш Түркстанда жашаган түрк калктары XVIII экинчи жарымынан бери көп жолу боштондук күрөштөргө чыгышты. Аларды ала-тоолук кыргыздар дайыма колдоп келишкен. Өткөн кылымдарда жашаган кыргыз инсандары **Кубат бий, Атантай, Тайлак, Суранчы бий, Турдумаматтын, Алымбек датка жана анын уулдарынын** кошуун жыйнап улутташтарына көргөзгөн жардамдарын азыркыга чейин Кытайдагы боордоштор уламыш катары ооздорунан түшүрүшпөй келишүүдө. Бул жерден санжырачы Сапарбек Закировдун: «Кытайдагы кыргыздар жөнүндө сөз болгондо, Кашкардан тартып чыгышты карай — Какшаал, Ак-Суу, Кулжа, Үрүмчүгө чейинки аймактагы — Ак-Чий, Улуу Чат, Ак-Тоо, Артыш, Текес, Лоп, Ыртышка чейин чачырап орношкон кыргыздар эске түшөт. Кытайдагы кыргыздар — негизинен, кыргыздын оң, солго кирген уруулары. Ичкилик уруулардынан нойгуттар менен кыпчактар гана бар»,— деп жазганын эскерте кетүү эп болуп отурат. Какшаалды жердеген нойгут уруусу жана анын чыгаан кызы **Жаңыл Мырза** тууралуу тарыхый уламыштар азыр да айтылып келет.

1916-ж. *Улуу Үркүндө* кыргыздар Кытайдагы кыргыз боордошторунун арасына барып баш калкалоого аргасыз болушкан. Кыргындан аман калган ала-тоолук айрым кыргыздар 1924-ж. чейин Кытайда жашап турушкан. 1918— 30-жж. «басмачылык кыймылдарга» аралашкан жарандар, колхоздоштуруу жана репрессия мезгилинде жер которгон кыргыздар да Кытайга барып жашап калышкан. Акыркы маалыматтар боюнча Кытайда 150 миңдей кыргыз жашайт. Кыргыздар жашаган аймак *Кызыл-Суу Кыргыз автоном округу* деп аталат. Ал жердеги кыргыз мектептерде окуучулар кыргызча окушуп, кытай тилин кошо үйрөнүшөт. Айрым кыргыз жаштары Пекиндеги жогорку окуу жайларын аякташкан. Кыргыз тилинде (араб ариби менен) атайын журналдар менен гезиттерге, окуу китептерге ээ. Кыргызстандан да айрым окуу китептерди жана башка адабият-

тарды алып турушат. Кыргызстанга келип окугусу келген жаштар да арбын.

Белгилүү Манасчы **Жусуп Мамай** Кытайда жашайт. *Ал жети томдон турган «Манас»* эпосун кагазга түшүрүп, китеп кылып чыгарды. Кытай жазуу даректеринин негизинде кыргыз тарыхын изилдеп жатышкан окумуштуулар бар. Белгилүү тарыхчы маркум **Анвар Байтур** Кытайдагы кыргыздардын тарыхын изилдеп, атайын китеп жазган. Ал кыргыз тилинде Бишкектен да жарык көрдү. Кыскасы, эгемендүүлүктүн мезгилинде Кытайда жашаган боордоштор менен байланыш жакшырды. Бир тоонун эки тарабында жашап, катташа албай келген тууган-дар бири-бири менен байма-бай катташа баштады. Кытайда жашаган кыргыздардын тарыхына кыргыз окумуштуулардын да кызыгуусу артып, алардын арасында болуп кайтышып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келүүдө. **1998-ж.** *Кытайдагы кыргыздардын тарыхы боюнча* **Азиза Турдуева** кандидаттык *диссертациясын коргоду.*

Тажикстанда жашаган кыргыздар. *Кошуна Тажикстандын Жерге-Тал, Мургаб, Шаартуз, Явал* райондорунда кыргыздар жашашат. Тажикстанда жашаган кыргыздар негизинен: Тоолуу Бадахшан об-ластында, дүйнөгө белгилүү Памир тоосунун асман тиреген чокула-рынын алдында жашашат. Памир дүйнөдөгү тоолордун эң бийик түйүнүн түзгөн Тибет, Гималай тоо кыркаларынын түндүк-батыш жагындагы уландысы. Ал эми түндүгүнөн Алай тоолору менен тутумдашып турат. Жер шартын, кыргыздардын түпкү жайлап жүргөн жерлерин билген адамга Тажикстандагы кыргыздар өз Ата Журту менен туташ жатканы байкалат. Болгону, республикалардын чегин бөлгөн кезде гана байыртан кыргыздар жайлап жүргөн тоо кыркала-ры Тажикстанда кала берген. Анткени Тажикстандын азыркы аймагында байыркы мезгилден бери эле кыргыздар жашап келгени жазуу даректеринен белгилүү. Ошондой эле ал жердеги жер-суу аталыштары, ар кандай уламыштар да кыргыздардын туруктуу жашап келгенин бышыктап турат. Тажикстандагы кыргыздар Лейлек,Чоң-Алай, Кадамжай, Баткен райондорунун эли менен уруулаш болуп, тууган чыгат. Акыркы маалыматтарга караганда Тажикстанда 106 миңден ашык кыргыз жашайт. Алар жашаган айылдарда кыргыз мектептери бар. Окуу китептерин, газета-журналдарды Кыргызстандан алып турушат. Орто мектепти бүткөн окуучулар Кыргызстандын жогорку окуу жайларынан билим алып келишкен. Айрым учурда республи-кадан атайын мугалимдер жиберилчү.

Ал эми 1990-жылдары башталган жарандык согушта кыргыз-дар да кыйынчылыктарга туш болушту. Согуштан азап чегишкен айрым адамдар республиканын Ош, Чүй, Жалал-Абад областтарына көчүп келип жашап калышты.

Өзбекстанда жашаган кыргыздар. Көпчүлүк санжыраларда *кыр-гыздын эң байыркы жери катары Самарканд, Анжиян, Наманган, Фергана өрөөнү, Памир, Алай, Теңир-Тоо, Ысык-Көл, Чүй, Иле эсептелет.* Ушул санжыралардын изи менен куун отурсак азыркы өзбек-



Кытайлык кыргыздардан чыккан манасчы Жусуп Мамай, Шаршебек Сыдык жана журналисттер.



Манасчы Жусуп Мамай, журналист кыз жана Усойун ажы.

станды мекендеген кыргыздар байыркы мезгилден тартып өз Ата Журтунда жашап келгени белгилүү. Кийин 1924-ж. эки республиканын ортосундагы чек араны тактоодон кийин кыргыздар Өзбекстандын аймагында калып калышкан. *Учурда Өзбекстандын дээрлик бардык областтарында кыргыздар жашайт. Алардын басымдуу бөлүгү Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Кокон, Ташкент, Самарканд, Сыр-Дарыя* областтарында турушат. Көпчүлүк кыргыз айылдары тоо арасынан орун алган. Алардын аталыштары да кыргыз тилинде сакталган.

Соңку маалыматтар боюнча Өзбекстанда 160 миңдей кыргыз бар. Анда жашаган кыргыз балдары кыргыз тилиндеги орто мектептерде окушат. Бүгүнкү күндө Өзбекстанда 40ка жакын кыргыз тилиндеги мектеп иштеп жатканы маалым. Окуу китептери жана башка тиешелүү окуу куралдары Кыргызстанда даярдалат. Эгемендүүлүктүн жылдарында кошуна эки өлкө *Түбөлүк достук келишимине* кол коюшуп, эриш-аркак жашап келишүүдө. Өзбекстанда жашаган кыргыздар мээнеткечтиги, эмгекчилдиги менен белгилүү. Алардын айрымдары соңку кездерде Кыргызстанга көчүп келип жашап калууда.


Түркия жана башка өлкөлөрдө жашаган кыргыздар. *Кыргыздар ошондой эле Түркиянын Ван көлүнүн жанында, Адана шаарына жакын жердеги айылдарда жашашат.* Ван көлүнүн жанындагы кыргыздар Афганстандан Рахманкул хандын аракеттеринин натыйжасында көчүп барышкан. Ал эми Адананын жанындагы кыргыздар большевиктердин куугунтугунан Оштон Кытайга, андан Түркияга өтүп кетишкени маалым. Түркияда баш-аягы 4 минге жакын кыргыздар жашайт. Кыргызстан көз карандысыздыка ээ болгондон бери ортодо карым-катнаш жакшырды. Ван көлүнүн жээгиндеги кыргыздарга атайын Кыргызстандан мугалимдер жиберилип билим берүүдө. Түркияда жашаган айрым жаштарга Бишкекке келип жогорку окуу жайлардан билим алууга мүмкүнчүлүк ачылды.

Ал эми Түркияга көчпөй калган кыргыздар азыркыга чейин Афганстандын Кичи Памир, Чоң Памир деген жерлеринде жашап жатышат. Алардын айрымдары Кыргызстанга көчүп келүү ниеттерин билдиришти.


Чет өлкөдө жашаган кыргыздардын дагы бир басымдуу бөлүгү Орусияда жашашат. *Эгемендүүлүккө чейин Орусиянын ар кайсыл аймактарында 10 миңдей кыргыз жашаган. Ал эми азыркы учурда Орусиянын көпчүлүк шаарларындагы базарларда миңдеген кыргыздар соодасатык иштерин жүргүзүп жашашат.* Алар расмий түрдө каттоодон өтүп жашабаганы менен жыл бою ал жерлерде жашап турушат. Айрым маалыматтарга караганда андай кыргыздардын саны 100 миңден ашты.

Аз сандагы кыргыз үй-бүлөлөрү *Европа өлкөлөрүндө, Америкада, Пакистанда, Австралияда, Иорданияда* жашап жатканы тууралуу маалыматтар бар. Эгемендүүлүктүн мезгилинде чет өлкөлөргө барып жашоого кеңири жол ачылды.

Кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү өздөрү жашаган мамлекеттер менен ***Кыргызстандын ортосунда*** *достук карым-катнаш курууда көпүрө кызматын аткарууда.*


Кыргыз Республикасы
Курлеты
Орто-Токой
Жаны-Базар
Ташкент
Ала-Бука
Таш-Көмүр
Казарман
Жаңы-Жол
Ангрен
Наманган
Жалал-Абад
Алмалык
Сыр-Дарья
Анжыян
Кокон
Маргалан
Ош
Скобелово
Канибадам
Гүлчө
Хожант
Исфара
Кызыл-Кыя
Суфи-Коргон
Сүлүкту
Хайдаркан
Сары-Таш
Дароот-Коргон
Кара-Куль
70
72

Кыргыздар — хроника жана библиография



Билим алсаң урмат-сый алып келет,
Билим сага — акыл-ой, кубат берет!

Билим — деңиз түбү да, чеги да жок,
Канча сузсаң азайбайт, толо берет!

Жусуп Баласагуни

ХРОНОЛОГИЯЛЫК ЖАДЫБАЛ

1 млн. жыл мурда.	Тоолуу Алтайдын Улалинка өзөнүндөгү төмөнкү палеолит (байыркы таш доору) тургун жайы.
Б. з. ч. 300 — 100 миң жылдык.	Он-Арча жана Кожо-Бакырган-Сай тургун жайлары (төмөнкү палеолит).
Б. з. ч. 100 — 40 миң жылдык.	Мустье мезгили (Тосор тургун жайы, Капчыгай палеолит өнөрканасы).
Б. з. ч. 10 — 7 миң жылдык	Мезолит (ортонку таш доору) менен байланыштуу Обишир, Таш-Көмүр үңкүрлөрү.
Б. з. ч. 6 — 3 миң жылдык	Неолит (жаңы таш доору).
Б. з. ч. 2 миң жылдык.	Саймалуу-Таш капчыгайындагы аска сүрөттөрү.
Б. з. ч. XVIII—II кк.	Коло доору (Жал-Арык тургун жайы, Жазы-Кечүү көрүстөнү ж. б.).
Б. з. ч. XIII —VIII кк.	Алгачкы дыйканчылык жамыяттары (Ош тургун жайы, Ноокаттагы, Далверзин тургун жайы).
Б. з. ч. VI — III кк.	Тенир-Тоодогу сак уруу бирикмесинин алгачкы таптык мамлекетке өсүп чыгышы. Паркана отурукташкан цивилизациясы.
Б. з. ч. 329 —327-жж.	Искендер Зу-л-Карнайндын (Александр Македондуктун) Орто Азияны басып алышы.
Б. з. ч. IV— I кк.	Шоро-Башат маданияты.
Б. з. ч. III к. акыры.	Борбордук Азияда хуннулардын ири мамлекетинин пайда болушу.
Б. з. ч. 201-ж.	Байыркы кыргыздардын Модэ (Маодун) шанүй тарабынан каратылышы.

Б. з. ч. II к. — б. з. V к.	Теңир-Тоодогу Усун мамлекети.
Б. з. ч. 128 — 126-жж.	Кытай саякатчысы жана элчиси Чжан Цян Теңир-Тоого жана Паркана (Давань) мамлекетине келген.
Б. з. ч. 56-ж.	Чыгыш Теңир-Тоо аймагында кыргыздардын чакан мамлекетинин көз карандысыздыкка жетиши.
Б. з. ч. 49-ж.	Түндүк хуннулардын шаңүйү Чжичжинин Кыргыз өлкөсүн басып алышы жана андан Батыш Теңир-Тоого карата согуш тук жортуулу.
Б. з. V к.	Чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыздардын жуанжуандарга каршы күрөш кырдаалында Эне-Сайга журт которушу.
VI — VIII кк.	**Теңир-Тоодогу түрк каганаттары.**
VI к. — VIII к. башы	Эне-Сай Кыргыз каганаты (айрым дооорлордо коңшу өлкөгө вассал болуп турган). Улуу Жибек жолунун Кыргыз бутагы.
VII к. акыры — 711-ж.	Барс-бегдин бийлиги жана Экинчи Чыгыш Түрк каганаты менен өз ара күрөштөр.
751-ж.	Талас өрөөнүндөгү Атлах салгылашуусунда кытайлыктардын аскерлеринин араб-түрк ынтымагынан жеңилиши.
840-ж. — X к. башы.	Улуу Кыргыз дөөлөтү.
IX к.	Кыргыз топторунун Эне-Сайдан Борбордук Азияга, Теңир-Тоого чейин кеңири жайылышы.
940 — 212-жж.	Караханийлер каганаты.
960-ж.	Исламдын караханийлердин расмий дини катары жарыяланышы.
1069 — 70-жж.	Жусуп Баласагунинин «Кутадгу билиг» эмгегинин жазылышы
1072 — 70 ж..	Махмуд Кашгаринин (Барсканинин) «Дивану лугати т-түрк» эмгегинин жазылышы.
1128 — 1130-жж.	Кара кытайлардын Чыгыш Теңир-Тоого жортуулдары.
1137 — 1218-жж.	Теңир-Тоодогу Кара кытай мамлекети.
1207-ж.	Эне-Сай кыргыздарынын Чыңгыз ханды таанышы.
1211 — 1218-жж.	Найман канзаадасы Күчлүктүн Теңир-Тоону бийлеши.
1218-ж.	Түмөт жана кыргыз элдеринин Чыңгыз ханга каршы көтөрүлүшү жана анын басылышы.
1218 — 1221-жж.	Теңир-Тоону жана Орто Азияны Чыңгыз хандын кошуун дарынын басып алышы.

XIII к.	Эне-Сай кыргыздарынын жаны топторунун Тенир-Тоого ж. б. аймактарга журт которушу.
1293-ж.	Айрым кыргыз топторунун Маньчжурияга Юань сулалеси тарабынан көчүрүлүшү.
XIV к. ортосу — XVI к. башы.	Моголстан мамлекетине Кыргызстан аймагынын кириши. Түрктөшкөн могол хандарынын бийлиги. Кыргыз төбөлдөрүнүн саясий тизгин үчүн күрөшү.
XV к. — XVIII к. башы.	Сибирь кыргыздарынын улустары жана алардын моңгол дук «алтын хандарга», жунгарларга жана орустук оторчуларга каршы күрөшү.
XVI к.	«Мажму ат-таварих» эмгеги (Сайф ад-Дин Ахсыкенди).
XVII к. — XVIII к. ортосу.	Кыргызстандын көз карандысыздыгы үчүн калмактарга (Жунгар хандыгына; 1635 — 1758) каршы күрөшү.
XVI — XVIII кк.	Чыгыш Түркстанда кыргыз төбөлдөрүнүн саясий жигердүүлүгү.
1710 — 1876-жж.	Кокон хандыгы (Мин сулалеси).
XVIII к. экинчи жарымы.	Кубат бийдин өз алдынча өкүмдарлыгы. Фергана кыргыздарынын Кокон хандыгына баш ийе башташы.
1758-ж.	Саяк, чекир саяк, сарыбагыш уруу төбөлдөрүнүн Бээжинге элчи жибериши.
1775 — 1776 -ж.	Абылай хандын жортуулу.
1785 — 1789-жж.	Абдыракман ал-Кучак уулунун Орусияга жасаган ийгилик сиз аяктаган элчилиги.
1814 — 1830-жж.	Чыгыш Түркстан кыргыздарынын цин-маньчжур баскынчыларына каршы көтөрүлүштөрү.
1821 — 1830-жж.	Аркалык кыргыздардын жерлеринин Кокон хандыгына кайтылышы.
1846 — 1847-жж.	Кенесары Касым уулунун Түндүк Кыргызстанга ийгиликсиз жортуулу.
1854-ж.	Бугу-сарыбагыш чабышынын башталышы. Ормон хандын өлүмү.
1855-ж.	Бугу уруусунун айрым төбөлдөрүнүн Орусиянын бийлигин таашы.
1868-ж.	Түндүк Кыргызстандын Орусияга толук каратылышы.
1873 — 1876-жж.	Полат хандын көтөрүлүшү жана Кокондогу кош бийлик.
1876-ж. 19-февраль	Кокон хандыгынын жоюлушу. Түштүк Кыргызстандын Орусияга толук каратылышы.
1877-ж.	Чыгыш Түркстандагы Жети-Шаар мамлекетинин кулашы жана бул аймактын кайрадан Кытайга каратылышы.
1877 — 1883-жж.	Жети-Сууга дунгандар менен уйгурлардын журт которушу.

1898-ж.	Анжыян улуттук-боштондук көтөрүлүшү.
1911-ж.	Молдо Кылычтын ыр китебинин, Э. Арабай уулу менен Х. Сарсеке уулунун окуу китебинин жарык көрүшү.
1913 — 1915-жж.	Осмонаалы Сыдык уулунун эки тарых эмгегинин араб арибинде кыргызча жарык көрүшү.
1916-ж.	Кыргызстандагы жана жалпы эле Орто Азиядагы улуттук-бош тондук көтөрүлүштөр. Улуу Үркүн.
1917-ж.	Орусиядагы Февраль жана Октябрь революциялары. «Алаш ордо» партиясынын Кыргыз бөлүмүнүн, «Букара» уюмунун түзүлүшү.
1918-ж январы — майы.	Кыргызстанда атуулдук тирешүүлөр жана Совет бийлигинин орнотулушу.
1922-ж.	Тоолуу областтын түзүлүшү жана И. В. Сталиндин көрсөтмөсү менен жоюлушу.
1924-ж. 14-октябры.	Кара-Кыргыз Автоном областынын уюшулушу.
1925-ж. 25-майы.	ККАОнун аты Кыргыз Автоном Области болуп өзгөрүшү.
1926-ж. 1-февралы.	Кыргыз АССРинин түзүлүшү.
1928 — 1929-жж.	Араб арибинен латын арибине күчтөп которуу; кулакка тартуу жана бай-манаптарды зордоп Кыргызстандан тышкаркы аймактарга көчүрүп айдоо.
1936-ж. 5-декабры.	Кыргыз ССРинин түзүлүшү.
1936 — 1938-жж.	Сталиндик репрессиялардын өзгөчө күч алышы.
1941 — 1945-жж.	Кыргызстандын дүйнөлүк экинчи согушка СССРдин курамында катышуусу.
1949-ж.	Чыгыш Түркстанда коммунисттик бийликтин орношу.
1954-ж. 14-июлу.	Кытайда Кызыл-Суу Кыргыз Автоном Областынын түзүлүшү (бор-бору Артыш шаары).
1978-ж. апрели.	Ооганстандагы Саур төнкөрүшү. Кыргыз ханы Рахманкулдун Пакистанга оошу (июль).
1982-ж. августу.	Пакистандагы кыргыздар тобунун Түркияга келиши.
1986-ж. декабры.	Алматыдагы улуттук-боштондук толкундоолор.

1987-ж.	Кыргызстандагы «улутчулдукка каршы» саясий өнөктүк.
1987-ж. октябры.	«Ысык-Көл шеринесинин» уюштурулушу.
1988-ж.	Кош тилдүүлүк үчүн жана жазыксыз айыпталган коомдук-маданий ишмерлерди актоо үчүн күрөш.
1989-ж. 3-июну.	Кыргызстан жаш тарыхчылар жамаатынын түзүлүшү.
1989-ж. июну.	Үй куруучу жаштардын «Ашар» коомунун түптолүшү.
1989-ж. 23-сентябры	Кыргыз тилине мамлекеттик тил макамынын берилиши.
1990-ж. январы.	Фрунзе шаарындагы антикоммунисттик бейрасмий митингдер; «Ашардын» жетекчилигин куугунтуктоо.
1990-ж. февраль — апрели	Кыргызстандын коммунисттик жетекчилиги менен демократиялык маанайдагы жаштардын жана интеллигенция өкүлдөрүнүн дискуссиялары.
1990-ж. 1-майы.	Фрунзедеги коммунисттик манифестация учурунда «Асаба» уюмунун өкүлдөрүнүн демократиялык кайра курууларды талап кылган өз алдынча жүрүшү.
1990-ж. 25 — 26-майы.	«Кыргызстан» Демократиялык Кыймылынын уюштуруу жыйыны.
1990-ж. октябры.	Жогорку Кеңеште 114 депутаттын демократиячыл тобунун түзүлүшү; Парламенттеги саясий күрөш КДК өкүлдөрүнүн Ак үйдүн сыртында антикоммунисттик саясий ачкачылык жарыялашы (22 — 28-октябрь).
1990-ж. 27-октябры.	Жогорку Кеңеш тарабынан атаандаш шайлоонун негизинде А. Акаевдин Президенттикке шайланышы.
1990-ж. ноябрь — декабры.	Кыргызстанда демократиячыл саясий кайра курууларды жигердүү башталышы; расмий аталыштагы советтик», «социалисттик» сөздөрүнүн алынышы, өлкөнүн Кыргыз Республикасы аталышы.
1990-ж. 15-декабры.	Кыргызстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү декларациянын жарыяланышы.
1991-ж. 5-февралы.	Өлкөнүн борбор шаарына тарыхый Бишкек аталышынын кайрадан кайтарылышы.
1991-ж. 19 — 21-августу.	Москвадагы коммунисттик-тоталитардык күчтөрдүн төңкөрүш жасоо аракети; Кыргызстандын расмий жетекчилигинин ага каршы ачык чыгуусу.
1991-ж. 31-августу.	Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын жарыяланышы.

1991-ж. декабры.	СССРдин толук ыдырашы; Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) түзүлүшү.
1992-ж.	Кыргызстандын БУУга ж. б. эл аралык уюмдарга мүчө болушу.
1993-ж. 5-майы.	Кыргызстандын постсоветтик туңгуч Конституциясынын кабыл алынышы.
1993-ж. 10-майы.	Кыргыздын улуттук валютасынын — сомдун киргизилиши.
1994-ж. сентябры.	Парламенттик кризис.
1994-ж. октябры.	Кош палаталуу Жогорку Кенешти түзүү чечиминин референдум аркылуу кабыл алынышы.
1995-ж. февраль — марты.	Кош палаталуу Жогорку Кенешке шайлоолордун негизги эки айлампасы.
1995-ж. августу.	«Манас» дастанынын мин жылдык шарттуу мааракесинин белгилениши.
1995-ж. ноябры.	Кыргызстан Жаш тарыхчылар жамаатынын Кыргызстан тарыхчылар жамааты болуп кайрадан түзүлүшү.
1995-ж. декабры.	Атаандаштык негизде президенттикке шайлоо. А. Акаевдин үчүнчү ирет (жалпы элдик шайлоо аркылуу (экинчи ирет) президентикке шайланышы.
1996-ж. 10-февралы.	Конституцияга толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу референдум; президенттик бийликтин күчтөндүрүлүшү.
1996-ж. декабры.	Кыргызстан мусулмандарынын 1-курултайы.
1997-ж.	Махмуд Кашгаринин «Диванынын» жазыла баштагандан бери — 925, жазылып бүткөндөн бери 920 жыл толушу.
1998-ж. 17-октябры	Жерди жеке менчикке берүү жөнүндөгү референдум.
1999-ж. жазы	Чыңгыз Айтматовдун 70 жылдыгынын зор салтанат менен белгилениши.
2000-ж. 20-февралы	Атаандаштык негиздеги Парламенттик шайлоолор.

Жадыбалды түзгөн **Т. К. Чоротегин.**

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.— Фрунзе, Кыргызстан, 1990.

Айтмамбетова Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX — начале XX вв. — Фрунзе, 1967.

Амитин-Шапиро З. А. Аннотированный указатель литературы по истории, археологии и этнографии Киргизии (1917 — 1950). — Фрунзе, 1958.

Алибеков М. Домашняя жизнь последнего кокандского хана Худаяр-хана // Ежегодник Ферганской области. Т. П. Н. — Маргелан, 1903. — с. 79 — 112.

Антипина. К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусствоюжных киргизов. — Фрунзе, 1962.

Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности //Живая старина. — СПб. — 1986. — год. VI. — Вып. III — IV. — с. 277 — 456.

Ахинжанов С. П. Кыпчаки в истории средневекового Казахстана. Отв. ред. К. М. Байпаков. — Алма-Ата, Наука, 1989.

Ахмедов Б. А. Историко-географическая литература Средней Азии XVI — XVIII вв.: (Письменные памятники), Ташкент, 1985.

Бабабеков Х. Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические предпосылки (XVII — XIX вв.). Ташкент, 1990.

Байтур А. Кыргыз тарыхы лексийалары / Жооптуу редактору Ошур Мамбет. — Артыш, Кызыл-Суу Кыргыз басмасы, 1986.

Байтур Анвар Кыргыз тарыхынын лекциялары /Араб арибинен которуп, басмага даярдагандар К. Артыкбаев, Т. Абдылдабеков. — Бишкек, Учкун, 1992. — т.1 — 2.

Баласагуни Йусуп Хас ажиб. Кутадгу билик /Мэ'ул мупэррирлири А. Өткүр, А. Турди. — Бэйжин: Миллиэтлэр нашрийати, 1984.

Баласагунский Юсуф. Благодатное знание. М., 1983.

Бардашев Г. И. Заметки о народном самоуправлении у кара-киргиз // Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник, вып. III. — СПб, 1874, — с. 362 — 390.

Бардашев Г. И. Сведения о дикокаменных киргизах // Туркестанские ведомости, 1870, № 15

Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана, — Соч., т. 2, ч. 1. — М., 1963.

Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк. Соч. т. 2, ч. 1. — М., 1963.

Бартольд В. В. Туземец о русском завоевании. Соч., т. 2, М., 1964.

Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия.—Ч.1, Тексты. — СПб., 1898.

Бартольд В. В. Очерк истории Семиречья//Сочинения, т. 2, ч. 1,С. 21 —106.
Баскаков Н. А. К вопросу о происхождении этнонима «кыргыз». // СЭ, — 1964, № 2, — с. 92 — 93.
Бейсембиев Т. К. Тарих-и Шахрухи как исторический источник. — Алма-Ата, Наука, 1987.
Бернштам А. Н. Археологический очерк Северной Киргизии.— Фрунзе: Изд-во Комитета наук при Сов. нар. ком. Кирг. ССР, 1941.
Бернштам А. Н. Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая / Отв. ред. М. М. Дьяконов. — М. — Л., Изд-во АН СССР, 1951.
Бернштам А. Н. О появлении киргизов на Тянь-Шане в IX — XI вв. // СВ. — 1956, № 4, — с. 118 — 125.
Бичурин Н. Я. (Иакинф) Собрание сведений о народах, обитавших в Средней (Иакинф). Азии в древние времена. — М. — Л., Изд-во АН СССР, 1950 — 1953, — т. 1 — 3.
Боргубаев М. Кыргыз даамы, Фрунзе, 1984.
Бутанаев В. Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. — Абакан, 1994.
Бутанаев В. Я. Социально-экономическая история хакасского аала (конец XIX — начало XX вв.) / Отв. ред. М. Б. Шейнфельд. — Абакан: Хакасск. отд. Красноярского книж. изд., 1987.
Бутанаев В. Я. Этническая история хакассов XVII — XIX вв. — М.: 1990.
Валиханов Ч. Ч. Записка о кокандском ханстве. Собр. соч. в пяти томах. т.3, — Алма-Ата, 1985. Валиханов Ч. Ч. Записки о киргизах. Собр. соч. т.2, — Алма-Ата, 1985.
Вамбери А. Путешествие по Средней Азии. — М., 1874. Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахста на (конец XVIII —XIXв.) —Фрунзе, Илим, 1985.
Галицкий В. Я. История города Пишпека, 1878 —1917, — Фрунзе, 1980.
Галицкий В. Я, Плоских В. М. Старинный Ош. Фрунзе, Илим, 1987.
Джамгырчинов Б. Д. Присоединение Киргизии к России. М., 1959.
Джамгырчинов Б. Д. Очерк политической истории Киргизии XIX века, — Фрунзе, Илим, 1966.
Давидович Е. А. Нумизматические материалы для хронологии и генеалогии среднеазиатских Караханидов / Нумизматический сборник. — М., 1957, Часть вторая / Под ред. Д. Б. Шелова,
Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. — Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР: Илим, 1963 — 1987, — Вып. 1 — 3.
Длужневская Г. В. Памятники енисейских киргизов за Саянами // Археология Северной Азии / Отв. ред. А. К. Конопацкий, Ю. С. Худяков, — Новосибирск, Наука, 1982, — с. 122 — 131.
Иванов П. П. Очерки по истории Средней Азии (XVIв. — середина XIX в.) М., 1958.
История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней в пяти томах, т. I — II, — Фрунзе, 1986.
История народов Восточной и Центральной Азии с древнейших времен до наших дней / Редколлегия: К. З. Ашрафян и др. — М., Наука, 1986.
История Узбекской ССР/ Под ред. С. П. Толстова и др.— Ташкент: Изд-во АН Уз. ССР. — т. I, Кн. 1 С древнейших времен до сер. XVIII в.
История Узбекской ССР с древнейших времен до наших дней.— Ташкент, 1974.

История Хакасии: С древнейших времен до 1917 года / Отв. ред. Р. Л. Кызласов. — М., Наука, 1993.

Кадыров Ш. Записки и отчеты русских путешественников как источник по истории Киргизии второй половины XIX века, Фрунзе, Кыргызстан.1961.

Караев О. К. Арабские и персидские источники IX— VII вв. о киргизах и Киргизии. — Фрунзе, Илим, 1968.

Караев О. К. Земли тогузгузов, карлуков, хазлажия, хилхия, кимаков, и киргизов по карте ал-Идриси / Арабо-персидские источники о тюркских народах / — Фрунзе: Илим, 1973. с. 4 — 48.

Караев О. К. История Караханидского каганата (X — начало XVIII вв.)— Фрунзе, Илим, *Караев О.*,1983. О переселении енисейских киргизов на Тянь-Шань // Вопросы этнической истории киргизского народа/Фрунзе: Илим, 1989,с. 41—66.

Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири— 2-е изд. доп.,— М.: Изд-во АН СССР, 1951.

Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. — Фрунзе: Илим, 1980.

Кононов А. Н. История изучения тюркских языков в России: До октябрьский период. — Изд. 2-е, доп., и исправл.— Л., Наука, 1982.

Корытов Н. Самозванец Пулат-хан // Ежегодник Ферганской области, т. 1, вып. 1902, Новый Маргелан, 1902, с. 19 — 40.

Кронгардт Г. К. Население Киргизии в последней трети XIX — начале XX вв. Фрунзе: Илим, 1989.

Кумеков Б. Е. Арабские и персидские источники по истории кыпчаков XIII— XIV вв. Научно-аналитич. обзор — Алма-Ата: Наука, 1987.

Кумеков Б. Е. Государство кимаков IX — XI вв. по арабским источникам. — Алма-Ата: Наука, 1972.

Кызласов Л. Р. История Тувы в средние века. — М.: Изд-во МГУ, 1969.

Кызласов Л. Р. История Южной Сибири в средние века. Учеб. пособие для студ. вузов.— М.: 1984.

Кычанов Е. И. Жизнь Темучина, думавшего покорить мир. Чингис-хан: Личность и эпоха.— Изд. 3-е, испр, допл. — Бишкек, Кыргызстан, 1993.

Кычанов Е. И. Очерк истории тангутского государства / Отв. ред. Н. Ц. Мункуева, — М.: Наука, 1968.

Лунин Б. В. Жизнь и деятельность академика В. В. Бартольда: Средняя Азия в отечественном востоковедении. Ташкент, 1981.

Малов С. Е. Памятники древнетюркской писменности: Тексты и исследования,— М. — Л., 1951.

Малов С. Е. Памятники древнетюркской писменности Монголии и Киргизии.— М. — Л., 1959.

Малов С. Е. Язык желтых уйгуров: Словарь и грамматика. — Алма-Ата, 1957.

Малявкин А. Г. Историческая география Центральной Азии: (Материалы и исследования)/ Новосибирск, Наука, 1981.

Малявкин А. Г. Уйгурские государства в IX — XII вв. Новосибирск: Наука, 1983.

Молдобаев И. Б. Отражение этнических связей киргизов в эпосе «Манас» Фрунзе: Илим, 1985.

Молдокасымов К. С. Курманжандын көз жашы. Бишкек: Кыргызстан, 1991.

Молдокасымов К. С. Шабдандын Петициясы же 1916-жылкы көтөрүлүштүн түпкү себептери // Шабдан баатыр. Бишкек: Учкун, 1992. 103 — 112-бб.

Молдокасымов . С. Полот хан // Мурас, 1991, 1-саны, 28 — 33-бб.

Молдо Кылыч. Казалдар. Фрунзе: Адабият, 1991.

Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства (феодальное хозяйство Худаяр-хана). — Ташкент: ФАН, 1973.

Наливкин В. П. Краткая история Кокандского ханства. — Казань, 1886.
Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство. — Фрунзе, 1977.
Погорельский П., Батраков В., Экономика кочевого аула Киргизстана, М., 1930.
Сабинов Д. Г. Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху.— Л.: Изд-во ЛГУ, 1984.
Савинов Д. Г. О границах государства енисейских кыргызов в IX—X вв.// Проблемы этногенеза народов Сибири и Дальнего Востока: Тез: докл. Всесоюзн. конф. 12— 21 дек. 1973 г.— Новосибирск: Наука, 1973. — С. 91— 92.
Савинов Д. Г. Этнокультурные связи енисейских кыргызов и кимаков в IX—X вв.//Тюркологический сборник.1975, М.,1978.—С. 209-225.
Сапелкин А. А. К истории феодализма в Киргизии в конце XIX— и начале XX веков. — Фрунзе: Илим, 1968.
Сапелкин А. А. Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900— 1917 гг.) — Фрунзе: Илим, 1977.
Супруненко Г. П. Из древнекыргызской ономастики //СТ,1970, № 3.— С.79—81.
Супруненко Г. П. Из истории взаимоотношений Танской империи с енисейс кими кыргызами // Сибирь, Центральная и Восточная Азия в средние века. Новосибирск: Наука, 1975.— С. 59 — 64.
Тенишев Э. Р. Об языке кыргызов уезда Фуюй КНР // Вопросы языкозна ния.— 1966, № 1. — С. 88— 96.
Тенишев Э. Р., Тодаева Б. Х. Язык желтых уйгуров.— М.: Наука,1966, (Языки Тодаева Б. народов Африки).
Тенишев Э. Улуттук доорго чейинки кыргыз адабий тили жөнүндө // Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. — Бишкек, 1991.—492— 505 бб.
Терентьев М. А. История завоевания Средней Азии, СПб., 1906, т.II.
Троицкая А. А. Материалы по истории Кокандского ханства XIX в. По документам архива Кокандских ханов, — М., 1969.
Умурзаков С. Очерк по истории географических открытий и исследований Киргизии. — Фрунзе, 1959.
Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. — Фрунзе: Илим, 1961.
Усенбаев К. У. Присоединение Южной Киргизии к России.— Фрунзе, 1960.
Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина XIX— начало XX вв.).— Фрунзе: Илим, 1980.
Усенбаев К. У. Өткөндүн кайрыктары//Кыргызстан маданияты,1990, № 15.
Урстанбеков. Б. У., Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк.— Фрунзе, *Чороев Т. К.* 1990.
Халфин Н. А. Политика России в Средней Азии (1857 — 1868 гг.) М.: Изд. вост. лит., 1960.
Халфин Н. А. Присоединение Средней Азии к России (60 — 90-е годы XIX в.). — М.: Наука, 1965.
Хасанов А. Х. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-х годах XIX века.—Фрунзе: Киргосучпедгиз, 1961.
Хасанов А. Х. Из истории Киргизии XIX века. — Фрунзе: Илим, 1959.
Хасанов А. Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства.— М.: Наука, 1977,
Худяков Ю. С. Археология Южной Сибири. II в. до н. э.—V в н. э.: Учебное пособие. — Новосибирск: НГУ, 1993.

Худяков Ю. С. Вооружение енисейских кыргызов IX — XII вв. /Отв. ред. В. Е. Медведев. — Новосибирск: Наука, 1980.

Худяков Ю. С. Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии / Отв. ред. В. Е. Медведев. — Новосибирск: Наука, 1986.

Худяков Ю. С. Вооружение Центральноазиатских кочевников в эпоху раннего и развитого средневековья / Отв. ред. В. Е. Медведев. — Новосибирск: Наука, 1991.

Худяков Ю. С. Кыргызы в Монголии / Олон Улсын Монголн Эрдэнтний IV Их Хурал. — Улаанбаатар, 1985, 1 боть. — С. 349 — 355.

Худяков Ю. С. Кыргызы в Енисее: Учебное пособие. — Новосибирск: Новосибир. гос. ун-т, 1986.

Худяков Ю. С. Кыргызы на Табате / Отв. ред. В. Е. Медведев. — Новосибирск: Наука, 1982.

Чороев Т. К. «Диван лугат ат-турк» Махмуда Кашгари как источник по истории тюркоязычных народов Средней и Центральной Азии /Ориенталистика в Киргизии. Сб. статей / Отв. ред. М. Я. Сушанло. — Фрунзе: Илим, 1987. — С. 12 — 26.

Чороев Т. К. Киргизы в Сибири и в просторах Азии // Древние памятники Северной Азии и их охранные раскопки: Сб. науч. трудов. —Новосибирск: СО АН СССР, 1988. — С. 143 — 146.

Чороев Т. К. К исторической локализации этнонимических сведений Махмуда Кашгари по Центральной Азии XI века: Кыркызы // Источниковедческие разыскания: (Сборник ст.) Ин-т Востоковедения АН Уз. ССР. — Ташкент, 1986. — С. 123 — 145, (Рук. деп. в ИНИОН АН СССР, № 27200, от 22.10.1986.)

Чоротегин Т. К. Об истоках кыргызской государственности // Эхо событий. — 1995, № 3, 27 января — 2 февраля.

Чороев Т. К. По поводу рассмотрения топонима «Барсган Барсхан» как этнонима // Материалы VIII межреспубл. науч. конф. молодых ученых АН Кирг.ССР. (22 — 23 мая 1986 г.) — Фрунзе: Илим, 1986. — С. 332 — 383.

Чороев Т. К. Этноним «кыргыз» по данным Махмуда Кашгари (XI в.) // Вопросы этнической истории кыргызского народа. — Фрунзе: Илим, 1989. — С. 113 — 121.

Чороев Т. К., Урстанбеков Б. У. Основные этапы распространения ислама в Кыргызстане в VII — XIV вв. // Вопросы истории материальной и духовной культуры Киргизстана: Сб. науч. ст. — Фрунзе: Киргизгос. у-т, 1987. С. 28 — 44.

Ювачев И. Курбан-джан-датка // Исторический вестник. 1907, № 12. — С. 954 — 980.

Якубовский А. Ю. Арабские и персидские источники об Уйгурском Турфанском княжестве в IX — X вв. // Труды отдела истории, культуры и искусства Востока Гос. эрмитажа. 1947. — т. 4. — С. 423 — 443.

Якубовский А. Ю. Вопросы периодизации истории Средней Азии в Средние века (VI — XI вв.) // КСИИМК. — 1949. — Вып. 28, (XXVIII). — С. 30 — 43.

Яхонтов С. Е. Древнейшие упоминания названия «киргиз» // СЭ, 1970, 443. № 2. — С. 110 — 120. Латын арибиндеги адабият.

Arat R. R. Kutadgu bilig. — Cilt 1. Metin. — 3. baskl. — Ankara, 1991. — (Turk Dil Kurumu Yayinlari. 458). Çilt 2. Ceviri. — 5. Baskl. — Ankara, 1991.

Atalay B. Divanu Lugat -it-Turk Dizini. «Endeks»/Yazan B. Atalay.— Ankara, 1943.

Atalay B. Divanu Lugat-it-Turk Tercumesi/Çeviren B.Atalay. —Ankara,1939 — 1941. — Cilt 1 — 3. (3. Baskl — 1992).

Beckwith C. T. The Tibetan Empire in Central Asia: A History of the Struggle for Great Power among Tibetans, Turks, Arabs and Chinese during the Early Middle Ages.—Princeton, New Jersey: Princeton Un-ty Press, 1987.

Bretshneider E. Notices of the medieval geography and history of Central and Western Asia: Drawn from Chinese and Mongol writings, and compared with the observations of Western authors in the Middle aqes.—London, 1876.

Brockelmann C. History of the Islamic peoples / Transl. by Jool Carmichael and Moshe Perlmann. — London — Henley, 1979.

Chavannes E. Dokuments sur les Tou-kieu (Turcs) occidentaux / Recueillis et commentes par Edouard Chavannes.. — St. — Pbg., 1903.

Doerfer G. Turkische und Mongolische Elemente im Neupersischen: Unter besonderer berucksichtigung alterer Neupersischen: Geschichtsguellen, vor allem der Mongolen-und Timuridenzeit. - Wiesbaden,1963—1975.— Bd.1 — 4.

Eberhard W. A history of China / Transl. by E. W. Dickes. — 2 nd ed., reviced by the author. — Berkeley. — Los Angeles, 1963.

Eberhard W. Cin Tarihi. — 2. Baski. — Ankara: Turk Tarih Kurumu Baslmevi, 1987. Hu Zhen-hua, Imart G.

Fu-Yu Girgis: A tentative description of the eastern most Turkic Language.— Bloomington, Indiana, 1987.

Izgi O. Cin Elgis; Wand Yen-Te nin Uygur Seyahatnamesi. — Ankara: Turk Tarih Kurumu Bas., 1989.

Juwaini. The History of the World-Conqueror by Ala-ad-Din Ata-Malik Juwaini / Transl. from the text of Mirza Muhammad Qazwini by J. A. Boyle. —Manchester: Manchester Un-ty Press, 1958. — Vol. 1 — 2.

al-Kasqari Mahmud. Compendium of the Turkic dialects (Diwan Luqat at-Turk)/Edited and transl. with introduction and Indices by R. Dankoff in collaboration with *J. Kelly.* Cambridge. Massachusetts: Harvard Un-ty Printing office, 1982 — 1985. — Pt. 1— 3. (Sources of oriental languages and literatures, 7.)

Marquart J. Osteuropalsche und ostasiatische Streifzuge: Ethnologische und Historisch-topographische Studion sur Geschichte des 9. und 10. Jahrhunderts (ca. 840 — 940). — Leipzig, 1903.

Mercil E. Musluman-Turk Devletleri Tarihi. — 2. Baskl. — Ankara: Turk Tarih Kurumu Basimevi, 1993.

Minorsky V. Hudud al- Alam. «The Regions of the World»: A Persian Geography 372 A. H. — 982 A. D. / Transl. and explainned by V. Minorsky with the Preface by V. V. Barthold, transl. from the Russian.— London, 1937.

Minorsky V. Sharaf al-Zaman Tahir Marvazi on China, the Turks and india / Arabic text (circa A. D. 1120) with an English transl. and-comment. by V. Minorsky. — London, 1942.

Moravcsik G. Byzantinoturcica II. Sprachreste der Turkvolker in den Byzantinischen Quellen.— Zweite durchgearbeitete Auflage. — Berlin: Akademie-Verlag, 1958.

Qgel B. Islamiyetten Once Turk Kultur Tarihi: Orta Asya Kaynak ve Bulun-tularina Gore. - Ankara, 1962.

Pritsak O. Die Karachaniden: (mit einer genealogischen Tafel) // Der Islam. — 1953. — Bd. 31. — Hext 1. — S. 17 — 68.

Radloff W. Das Kudatku Bilik des Jusuf Chass-Hadschib aus Balasagun / hrsg. von W. Radloff. — St.-Pbg., 1891 — 1910. — Theil 1 — 2.

Rosonthal F. A history of Muslim Historiography. - Leiden: E. J. Brill, 1952.

al-Samanl. The Kitab al-Ansab of Abd al-Karim ibn Muhammad al-Sam anl / Reproduced in facsimile from the Manuscript in the British Museum ADD. 23. 355. With an Introduction by D. S. Margoliouth. — Leiden. — London, 1912.—7 + 603 ff. (E.J.W. Gibb Memorial Series. Vol. XX).

Schott W. Uber die achten Kirgisen // Abhandiungen der Koniglichen Akademie der Wissenschaften zu Berlin. — Berlin. 1864. — S. 429 — 474.

Sertkaya O. F. Gokturk Tarihinin Meseleleri. Probleme der kokturkischen Geschichte. Some Problems of Kokturk History. — Ankara, 1995.

Sumer F. Oguzlar (Turkmenler): Tarihleri. Boy Toskilati. Destanlari. — 2. Baski. — Ankara: Ankara Un-tesi Basimevi, 1972.

Sesen R. Islam Cografyacilarina Gore Turkler ve Turk Ulkeleri. — Ankara: Ankara Un-tesi Basimevi, 1985.

Togan A. Z. Velidir. Umumir Turk Tarihine Giris. — 1. Cilt. En Eski Devirlerden 16.Asii Kadar. — 3. Baski. — Istanbul, 1981.

Tryiarski E. Kultura Ludow tureckich w swietle przekazu Mahmuda z Kaszgaru (XI w.). — Warszawa: Polska Akademia nauk,

Ulkutasir M. S. Buyuk Turk Dilcisi Kasgarli Mahmut. — 2. Baski. — Ankara, 1972.

Kasgarli Mahmud. Divanu Lugati t — Turk: Tipkibasim (Facsimile). — Ankara, 1990.

Khazanov A. M. Nomads and the Outside World / Transl. by J. Crookenden; with a Foreword by E. Gellner. — 2nd edition. — Madison, Wisconsin: The Untu of Wisconsin Press, 1994.

Zajaczkowski A. Charakterystyka Turkow w swietle pismiennictwa arabskiego w sredniowieczu (VIII — XI W.). — Warszawa, 1951. — S. 31 — 57. Odbitka.

НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ

Чоротегин Тынчтыкбек Кадырмамбетович
Молдокасымов Кыяс Сатарович

КРАТКАЯ ИСТОРИЯ КЫРГЫЗОВ И КЫРГЫЗСТАНА

С древнейших времен до наших дней

ДЛЯ ИЗУЧАЮЩИХ ИСТОРИЮ

Бишкек, Издательство «Мектеп»

На кыргызском языке

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛМА

Чоротегин Тынчтыкбек Кадырмамбетович
Молдокасымов Кыяс Сатарович

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Байыркы замандан тартып бүгүнкү күнгө чейин

ТАРЫХТЫ ОКУП ҮЙРӨНҮҮЧҮЛӨР ҮЧҮН

Координатор-редактору *Т. К. Абдиев*
Редактору *А. Б. Элебесова*
Көркөм редактору *К. Коёналиев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Н. Абдиева*
Компьютердик калыпка салган *Р. Муканбетова*

ИБ № 0002

Терүүгө 23.12.97. берилди. Басууга 17.04.2000 ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84$^{1}/_{16}$. «Мектеп» ариби. Түстүү жолу менен басылды. 10,0 физ. басма табак. 9,30 шарттуу басма табак, 13,0 учеттук басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 1327. Келишим баада.

«Акыл» акционердик коому

«Мектеп» басмасы

720361. ГСП. Бишкек ш., Совет көчөсү, 170

ОсОО «Салам» типографиясы
720000, Бишкек, Пушкин көчөсү, 78.

«Мектеп» басмасынын тарых жана география бөлүмүнөн 2000-жылы төмөнкү окуу китептери жарыкка чыгат:

Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. ***6-класс учун.*** **Кайра иштелип, толукталып экинчи басылышы.**

Токомбаев Ш., Исаев А., Абдыкадыров Т. Ысык-Көл областынын географиясы. ***8 — 9 класстар учун.***

Ысык-Көл областынын уюштурулганынын 60 жылдыгына, ошондой эле Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин география жана экология факультетинин 60 жылдыгына арналат.

Басма уйунон чыга турган китептерге суроо-талабыңыздарды жана жарыкка чыккан китептер тууралуу сын-пикирлериңиздерди, сунуштарыңыздарды төмөнку дарек боюнча жибериңиздер: 720361. ГСП, Бишкек, ш., Совет көчөсү, 170. «Мектеп» басмасы.